А. А. Оморова
Д. К. Досматова

# Кыргыз адабияты

9



## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИ




## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТУУСУ



# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Тексттин авторлору:
Ж. Садыков менен Ш. Кулуев

Музыкасынын авторлору:
Н. Давлесов, К. Молдобасанов

Ак мөңгүлүү аска-тоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма:* Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

*Кайырма.*

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап урпактарга берели.

*Кайырма.*

www.bizdin.kg

А. А. Оморова
Д. К. Досматова

# Кыргыз адабияты

## 9

*Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 9-класстары үчүн окуу китеби*

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги сунуш кылган*

Бишкек – 2013

УДК 373. 167. 1
ББК 84Ки7 Я 721
О – 57

*Бул окуу китеби Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн кыргыз адабияты боюнча сынакка коюлган окуу китеби катары сунушталды.*

**Рецензиялагандар:**

ф. и. д., профессор **А. И. Мусаев, Т. Үсөналиев, Г. Ү. Ибраимова.**

**Түзүүчүлөр:** Бишкек шаарындагы № 28-мектеп-лицейинин кыргыз тили жана адабияты мугалими, мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары, Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги Оморова А. А., № 12-ОТК гимназия-мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими Досматова Д. К.

**Оморова А. А., Досматова Д. К.**

О – 57 **Кыргыз адабияты:** Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 9-класстары үчүн. Б.: «Кыргыз энциклопедиясы» башкы редакциясы, 2013. – 136 б.

ISBN 978–9967–14–105–6

Бул окуу китеби жалпы билим берүүчү окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 5–11-класстары үчүн Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлиги 2003-жылы бекиткен «Кыргыз адабиятынын программасы» (программаны түзүүчүлөр А. Мусаев, Т. Үсөналиев) боюнча жазылды.

Мында сабак убагында окуучуларга сунушталган тексттер, чыгармалардан алынган үзүндүлөр, сөздүктөр, текст боюнча суроолор, үйгө берилген тапшырмалар камтылган.

Шарттуу белгилер: ◈ орто жеңилдиктеги тапшырмалар

◈◈ татаал тапшырмалар

О $\frac{4306020400}{М\ 454(11)}$ –13

УДК 373. 167. 1
ББК 84Ки7 Я 721

ISBN 978–9967–14–105–6

© Оморова А. А., Досматова Д. К., 2013
© Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, 2013

## ОКУУЧУЛАРГА КАЙРЫЛУУ

**Кымбаттуу окуучулар!** Колуңардагы окуу китеп силердин буга чейинки кыргыз адабиятынан алган билимиңерди өркүндөтүү менен улуттук адабиятты кыргыз элинин тарыхы менен байланышта үйрөтүп, оозеки чыгармалар боюнча түшүнүгүңөрдү кеңейтип, жазма адабиятынын өкүлдөрү жараткан көркөм образдар менен тааныштырат.

Ар бир элдин көркөм адабияты – анын ушул күнгө чейинки басып өткөн тарыхый жолун, жашап өткөн өмүр жолун, үмүттилектерин көркөм чагылдырат. Кыргыз адабияты кыргыз элинин жашоо тарыхындагы ой-тилегин, коомдук жетишкендиктерин, умтулууларын, идеяларын көрсөтүп, кылымдар бою сактап келгенин силер билесиңер. Демек, кыргыз адабиятын окуп-үйрөнүү аркылуу силер элдин тарыхы, көркөм сөз дүйнөсү менен тааныша аласыңар.

9-класстын окуу китебинде «кыргыз элинин руханий маданиятынын туу чокусу» болуп эсептелген улуу «Манас» эпосунун үч бөлүгү, уникалдуу улуу манасчылар Сагымбай Орозбак уулу менен Саякбай Каралаев, орто кылымдагы окумуштуу акылмандар Жусуп Баласагын менен Махмуд Кашгаринин өлбөс-өчпөс чыгармалары, XIX кылымдын даанышман, ойчул акындары Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Молдо Нияз жөнүндө кеңири маалымат аласыңар. Улуу акындар Токтогул, Барпы, Жеңижок, Осмонкул, Казыбектин чыгармачылыгы менен таанышып, XX кылымдын адабий дүйнөсүнүн залкарлары Түгөлбай Сыдыкбеков, Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынан үзүндүлөрдү окуйсуңар.

Берилген суроо-тапшырмалар жеңилден татаалга карай багытталып, жылдызчалар менен белгиленген. Окуу китебиндеги берилген кээ бир тапшырмаларды аткаруу үчүн атайын иш дептерин сунуштайбыз. Жазуу иштерин ал дептериңерге жазып иштегиле.

Адабияттын көркөм дүйнөсүнө алган сапарыңар байсалдуу болсун!

www.bizdin.kg

www.bizdin.kg

## ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын тамыры алыскы доорлорго барып **такалат**, бери дегенде эле эки миң (самое меньшее две тысячи) жылдыкты **камтыйт**. Бизге чейин жеткен жазма булактарга, адабий эстеликтерге таянсак, кыргыздардын оозеки чыгармаларынын идеялык-жанрдык курамы өтө бай, кенен жана көп түрдүү. Элдик фольклор **муундан-муунга** оозеки түрүндө өтүп, кылымдар бою сакталып келген. Орто кылымдарда мазмуну, формасы, стили жагынан олуттуу (серьёзный, существенный) өзгөрүүлөргө учурап отуруп, айрым үлгүлөрү (некоторые образцы) классикалык деңгээлге (уровень) жетип, жалпы адамзаттык **маданий казынага** айланган. Академик В. В. Радлов: «Кыргыздардын элдик поэзиясы өнүгүүнүн эң жогорку деңгээлине жеткен, бул эл сөздү өтө бийик **тутуп**, **барктаган**»,- деп айтканында калет жок (безошибочно).

Оозеки элдик чыгармачылыктын үч чоң текке (түргө) бөлүнөрүн мурунку класстарда окугансыңар. Булар: лирикалык, эпикалык, дидактикалык тек.

Лирикалык тек – элдик ырлар жанрындагы чыгармалар: арман, кошок, эмгек ырлары, ырым-жырым ырлары, каада-салт ырлары.

Эпикалык түргө мифтер, жөө жомоктор, эпостор, дастандар, уламыштар, тамсилдер кирет.

Дидактикалык чыгармалар деп макал-лакаптарды, табышмактарды, санат-насыят ырларын, үлгү жана терме ырларын айтабыз.

Элдик эпостор, макал-лакаптар, жомоктор, элдик ырлар – баары тең көркөм эстетикалык мааниге ээ. Эпостордун көлөмүнө жараша (*улуу* жана *кенже*) жана мазмунуна карата (*баатырдык* жана *турмуштук-социалдык*) болуп бөлүнөрүн билесиңер. Алдыда баатырдык улуу эпостор менен кеңири окуп таанышасыңар.

Эл өзүнүн көп кылымдык социалдык-тарыхый тажрыйбасын макал-лакаптарында жалпылап, аны негизделген **учкул сөз** түрүндө айткан. Макал-лакаптарда элдин жаштарды эмгекчилдикке, кайраттуулукка, улууларга урмат менен мамиле кылууга тарбиялаган **көз караш**тары топтолгон. Мисалы, эмгектин ролу адамдардын өз ара **мамиле**леринин материалдык негизи гана болбостон, жогорку адеп-ахлактык (нравственный) да фактору экени төмөнкүдөй кыргыз эл макалдарында айкын көрүнөт: «Кетмен чаппасаң нан жок», «Эмгектүү кулда чарчоо жок», «Аракет кылсаң – берекет», «Бекерпоз үч үйдүн ашын аңдыса, иштерман беш адамды багат».

Жомоктордо кыргыздардын көчмөн турмушу, күнүмдүк жашоо-тиричилиги, **айлана-чөйрөгө** мамилеси, улуттук тамактары жана



суусундуктары чагылдырылат. Ошондой эле кыргыз эли мекендеген жердин жаратылышы, анын тоолуу жайыттары, өсүмдүктөрү, жаныбарлары жөнүндө кеңири баяндалат. Кыргыз жомокторунун маанилүү **өзгөчөлүгү** – анын санат-насыят түрүндө айтылышы.

**Жаңы сөздөр:**

**доор** – век, эпоха
**такалат** – упирается
**камтыйт** – соединяет, охватывает
**маданий** – культурный
**тутуп** – *син.:* кармап; держа
**барктаган** – ценил
**учкул сөз** – крылатое слово, выражение
**өзгөчөлүк** – особенность

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**муундан-муунга** – из поколения в поколение (5-кл., 6-б.; **Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынан:** Бул көркөм мурас эл арасынан чыккан таланттуу адамдар тарабынан жаралып, **муундан-муунга** оозеки өтүп турган. 7-кл., 1-б.; **«Киришүү. Элдик оозеки чыгармачылык»**: Элдик чыгармалар муундан-муунга оозеки түрдө сакталып келген.)
**казына** – казна, сокровищница (7-кл., 88-б. **«Эр Табылды»** эпосунун мазмунунан: Он төрт жашка чыкканда Табылды атасынын **казынасын** ачып, жоо-жарагын алат.)
**көз караш** – взгляд (7-кл., 1-б. **Киришүү. Элдик оозеки чыгармачылык:** Эл өзүнүн айлана-чөйрөгө, жаратылышка, коомго болгон **көз караштарын, мамилелерин,** ойлорун, кыялдарын ушул оозеки чыгармалар аркылуу билдирген.)
**айлана-чөйрө** – окружающая среда (8-кл., 1-б. **«Көркөм адабият жөнүндө түшүнүк»**: Адабият – бардык өнөрдүн (искусствонун) ичинен турмушту, **айлана-чөйрөнү** кенен-кесири чагылдырып берген сөз өнөрү.)

**Тапшырмалар:**

1. Текстти окуп, айтып берүүгө даярдангыла. Ал үчүн төмөнкү суроолорго көңүл буруп, жооп бергиле: Кыргыз фольклору кайсы тектерге бөлүнөт? Кайсы чыгармалар эпикалык текке кирет? Кайсы каада-салт ырларын жатка билесиңер?
2. Элдик эпостордун бөлүнүштөрүн эстеп, дептерге эпостордун аталыштарын жазып келгиле. Элдик эпостордун басылыштарын таап, мүмкүн болсо сабакка алып келгиле.
3. Элдик оозеки чыгармалардын бөлүнүшүн чийме (кластер) аркылуу чагылдыргыла.

### Адабият теориясынан

**Фольклор.** Бул – адабий термин. Англис тилинде «элдик **акылмандык**» дегенди билдирет. Англиялык окумуштуу В.Томстун **сунушу** боюнча 1847-жылдан «элдик оозеки чыгармачылык» деген түшүнүк «фольклор» деп атала баштаган. Фольклорду жазма адабияттан айырмалаган беш **өзгөчөлүк** бар:

**акылмандык** – мудрость
**сунуш** – предложение
**өзгөчөлүк** – особенность

www.bizdin.kg

1. Коллективдүүлүгү, бир чыгарманын **түпкү тегин** жалгыз адам түзгөн болсо да, эл арасында оозеки жашап, ага улам кийинки муундун өкүлдөрү **кошумчаларын кошот**, айрым жерлерин алып салат, кыскасы автору белгисиз болот да, коллективдин чыгармасына айланат.

2. Варианттуулугу. Элдик оозеки чыгармаларда туруктуу текст жок болот да, бир эле чыгарма жаралуу мезгили, орду, аткаруучусу жагынан ар түрдүү болуп кала берет, **натыйжада** анын варианттары келип чыгат.

3. **Салттуулугу.** Мындай чыгармалардын текстинен тартып, сюжет, образ мотивдеринде окшоштуктар болот да, алар варианттардан варианттарга көчүп жүрө берет.

4. Оозеки болушу.

5. Көркөмдүк системасында туруктуу сөздөрдүн, фантастиканын, гиперболанын көп кездешиши.

**түпкү теги** – основа

**кошумчаларын кошот** – дополняет

**натыйжада** – в итоге

**салттуулук** – традиционность

### «Манас» эпосу жөнүндө жалпы маалымат

**жалпы маалымат** – общие сведения

«Манас» – кыргыз элинин улуттук сыймыгынын туу чокусу жана миң жылдар бою оозеки айтылып келе жаткан байыркы элдик чыгармаларынын улуу **мурасы**. «Манас» эпосу кылымдар бою кыргыз элинин башынан өткөн социалдык-тарыхый **тагдырын**, душмандарга **көз карандылыктан кутулуу** үчүн жүргүзгөн баатырдык күрөшүн, **уруучулдук** карама-каршылыктарын сүрөттөйт. Көлөмүнүн зордугу жана көркөмдүк жагынан «Манас» үчилтиги (трилогия) гректердин «Илиадасы», «Одиссеясы», ирандын «Шах-Наамеси», орус элинин «Илья Муромец», финдердин «Калеваласы» өңдүү дүйнөлүк эпостордун катарында турат. «Манастын» үч бөлүмү биригип, 500 миңден ашык ыр сабынан турат. Кыргыз элинин өткөндөгү **көчмөндүү турмушунда** «Манас» эпосу өтө зор роль ойногон, анткени кылымдар бою кыргыз элинин айттырып угуп, таалим – тарбия ала турган адабияты да, көрүп **көңүл ача турган** театры да, музыкасы да «Манас» болуп келген. «Манасты» айтуучу акындар менен жомокчулар **айылдан-айыл кыдырып,** «Манас» айтуу аркылуу элдин жүрөгүнө чоң

**тагдыр** – судьба

**көз карандылыктан кутулуу** – избавиться от зависимости;

**уруучулдук** – родоплеменные отношения

**көчмөндүү турмушунда** – в кочевой жизни

**көңүл ача турган** – развлекающий



таасир берип, **баскынчы**ларды жек көргөзүү сезимин (чувства) **туудурган.**

XIX кылымдын орто ченинде казак окумуштуусу Чокан Валиханов «Манасты» – «талаа Илиадасы» деп, ал эми «Семетей» эпосун – «буруттардын Одиссеясы» – деп атаган. Ошол кездеги ири түрколог В. В. Радлов: «Манастан» элдин бүткүл турмушун, бардык **умтулуштун элеси** көрүнөт»,– деген.

**туудурган** – порождал

**умтулуштун элеси** – образ стремления

Элдик оозеки чыгармалардын көптөгөн жанрларын «Манас» эпосунан көрүүгө болот. Бирок, «Манас» эпосу – макал-лакап, жомок, миф, кошок, армандардын жөнөкөй жыйнагы (сборник) эмес. «Манас» – Манас баатырдын жана анын баласы Семетей, Семетейдин баласы Сейтектин өмүрү, баатырдыгы, эрдиктери жөнүндө **бирдиктүү баян,** композициялык **бүтүндүктөгү** улуу дастан. Бул баатырлар кыргыз элин бириктирип, жалпы элдин эркиндиги үчүн күрөшкө алып чыгат.

**бирдиктүү** – единый

**баян** – рассказ, повествование

**бүтүндүктөгү** – в целостности

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**мурас** – наследие (7-кл., 20-б. **Токтогул Сатылганов** жөнүндөгү тексттен: Токтогул айтыш жанрынын устаты болгон. Андан отуздай айтыш ыры мурас калган.
8-кл., 24-б. **Молдо Кылыч Шамыркан уулу:** «Кыз жигит», «Керме тоо», «Чүй баяны», «Бүркүттүн тою», «Канаттуулар», «Жинди Суу», «Буудайык» сыяктуу чыгармалары **мурас** катары калды.)

**айылдан-айыл кыдырып** – ходили по айылам (7-кл., 2-б. **«Жарамазан айтуу салты жөнүндө»:** Жарамазан айткандар үймө-үй, **айылма-айыл** кыдырышкан.)

**таасир** – влияние (8-кл., 41-б. **Жоомарт Бөкөнбаев:** Жоомарттын акындык шыгынын ойгонушуна Токтогулдун акыл-насаат жана таптык маанидеги ырлары **таасир** эткен.)

**баскынчы** – завоеватель (6-кл., 36-б. **«Кошой коргон»** уламышынан: Калмактардын **баскынчы**лыгынан эл туш-тушка качканда, Кошой өз элин ошол сепилге бекитип, душмандар менен салгылашкан экен.
8-кл., 14-б. **«Жаңыл Мырза» эпосу жөнүндө маалымат:** «Жаңыл Мырза» – кенже эпостордун бири. Бул эпосто кыргыз элинин калмак **баскынчыларына** каршы баатырдык күрөшү айтылат.)

### «Манас» эпосун жыйноо жана изилдөө
(собирание и исследование)

«Манас» эпосун жыйноо жана изилдөө XIX кылымдын орто ченинде башталган. Эпосту эң биринчи жолу казак окумуштуусу Чокан Валиханов кагазга түшүргөн. Ал «Көкөтөйдүн ашы» эпизодун кара

www.bizdin.kg

сөз менен (прозой) жазып алып, орус тилине которуп бастырган. Ч. Валиханов «Жунгариянын очерктери» деген эмгегинде: «Манас» кыргыздын бардык мифтеринин, жөө жомокторунун, ылакаптарынын энциклопедиялык жыйнагы, булардын бардыгы бир гана мезгилде тушташтырылып (точно прилажен одно к другому) жана бир гана адамдын – Манас баатырдын тегерегине жыйналган. Бул зор жомоктон кыргыздардын жашоосун, үрп-адаттарын, географиясын, диндик (религиозное), медициналык түшүнүктөрүн (понятие) жана эл аралык **мамиле**лерин түшүнүүгө болот»,– деген.

XIX кылымдын атактуу окумуштуусу академик В. В. Радлов (1837–1918-ж.) «Манастын» мазмуну менен бүт таанышып, 1885-жылы эки миң сап ырды орус алфавитинин жардамы менен кыргыз тилинде Санкт – Петербургда бастырып, немец тилине которуп чыгарган. В. В. Радлов «Манасты» сактап жана өнүктүрүп келген айтуучулардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү жөнүндө илимий **пикир**лерди айткан. Ал: «Эпостун тили так, ыр саптары көркөм, таасирдүү, кыргыздар ыр жаратууга жөндөмдүү»,– деп жогору баалаган.

«Манас» эпосун илимий изилдөөдө Д. Алмаши, К. Рахматуллин, А. Бернштам, С. Абрамзон, В. М. Журминский, М. Ауэзов, К. Тыныстанов сыяктуу көптөгөн окумуштуулар эмгектенишкен. Алардын ичинде «Манас» эпосун белгилүү бир инструкциянын негизинде жыйноо, ирεттөө иштерин 1921-жылы Каюм Мифтаков өз **демилге**си менен эпосту Сагымбай Орозбак уулунан жазып алуудан баштаган. Кийин Ыбырайым Абдыракмановду да «Манас» эпосун жыйноого К. Мифтаков тарткан. Ал Тоголок Молдодон «Семетей» эпосунан үзүндүлөрдү да жыйнаган. Ошондой эле 1950-жылдарда «Манас» эпосунун **орчундуу маселе**лерин изилдөө ишине академик Болот Юнусалиев киришкен. Бул мезгилде «Манаска» байланыштуу **талаш-тартыш**тар кызуу жүрүп турган.

«Манас» эпосун изилдөө, башка тилдерге которуу иштери азыр да улантылып жатат. «Манастын» айрым бөлүктөрү жана үзүндүлөрү англис, немис, француз, орус, түрк, казак, өзбек, монгол, кытай жана башка дүйнө тилдерине которулган.

«Манас» эпосунун бүткүл дүйнөлүк **маданий** казынадагы **кайталангыс** маанисин эске алып (учитывая), ЮНЕСКО 1995-жылды «Манас» эпосунун миң жылдыгын майрамдоо жылы катары чечим (решение) кабыл алды. Дүйнө окумуштуулары, адабий **коомчулук** «Манас» эпосун кыргыз элинин баа жеткис (неоценимый) адабий жана тарыхый мурасы катары таанышты.

Эпостун кыргыз элинин маданиятында алган орду **эбегейсиз** зор болуп саналат. Айта кетсек, Жалил Садыковдун «Айкөл Манас», «Манастын уулу Семетей» жана «Сейтек» драмалары Кыргыз драма театрынын бүгүнкү күндөгү репертуарында үзүлбөй коюлуп келе жатат. Кыргыз улуттук кино искусствосунда белгилүү режиссерлор Болот Шамшиев, Мелис Убукеевдер эпостун улуу идеясын ачып, даректүү фильмдерди тартышкан. Атактуу скульптор Тургунбай Садыков жети бөлүктүү «Манас» архитектура-скульптуралык композициясын жараткан.



**Жаңы сөздөр:**

**пикир** – мнение
**демилге** – инициатива
**орчундуу** – значительный
**маселе** – проблема, задача
**талаш-тартыш** – спор
**коомчулук** – общественность
**эбегейсиз** – чрезмерно, несоразмерно

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**мамиле** – отношение (9-кл.,1-б. **Киришүү:** Макал-лакаптарда элдин жаштарды эмгекчилдикке, кайраттуулукка, улууларга урмат менен **мамиле** кылууга тарбиялаган көз караштары топтолгон.)

**маданий** – культурный (9-кл., 1-б. **Киришүү:** Орто кылымдарда кыргыз элинин оозеки чыгармалары мазмуну, формасы, стили жагынан олуттуу өзгөрүүлөргө учурап отуруп, айрым үлгүлөрү классикалык деңгээлге жетип, жалпы адамзаттык **маданий** казынага айланган.)

**кайталангыс** – неповторимый 7-кл., 101-б. **А. Осмонов:** Бир күн да ырсыз жашай албаган, **кайталангыс** таланттуу акын Алыкул Осмонов 1915-жылы Панфилов районундагы Каптал-Арык айылында туулган.

**Тапшырмалар:**

1. Текстти окуп чыгып, мазмунун айтып, төмөнкү суроолорго жооп бергиле:
   1) XIX кылымда «Манас» эпосун кайсы окумуштуулар изилдеген? Алардын бул эмгектери болбогондо манастаануу илими бүгүнкү күндө канчалык деңгээлде өнүгөт эле?
   2) Советтик доордо «Манас» эпосун алгачкы **изилдөөчү**лөр, эпосту жазып алгандар кимдер?
   3) Азыркы кезде «Манас» эпосун **изилдөө**, башка тилдерге которуу иштери кандайча жүрүп жатат?
   4) «Манас» эпосунун миң жылдыгын майрамдоо жөнүндө буга чейин эмнелерди окугансыңар жана айтып бере аласыңар? «Манас» эпосунун кыргыз элинин **маданияты**нда алган орду кандай?
2. Академик В. В. Радловдун «Манас» эпосу жөнүндө: «Бул зор жомоктон кыргыздардын жашоосун, үрп-адаттарын, географиясын, диндик, медициналык түшүнүктөрүн жана эл аралык **мамиле**лерин түшүнүүгө болот»,– дегенин кандай түшүнөсүңөр?

### Манасчылар жана манасчылык өнөр жөнүндө

«Манас» эпосу – кыргыз элинин көркөм сөз өнөрүнүн эң бийик үлгүсү. Улуу «Манас» эпосун жараткан, укумдан-тукумга өткөрүп, оозеки сактаган, мазмунун байытып, көркөмдүк деңгээлге жеткирген көркөм сөз чеберлери – манасчылар деп аталат. XIX кылымдын ортосунда, кыргыз жерине элдик чыгармаларды изилдегени казак окумуштуусу Чокан Валиханов келип, «Манас» эпосун кагазга түшүрүп баштаган. Окумуштуу 1856-жылдын 26-майында ага кыргыздардын ырчысы келип жолукканын, ал ырчы «Манас» эпосун билерин жазган. Мындан улам «ырчы» деген сөз ал мезгилде «Манас» айткан адамдарга карата айтылганы белгилүү болгон. Бирок «ырчы» толук бойдон «манасчы» деген түшүнүккө (понятие) сино-

www.bizdin.kg

ним боло албайт. Манасчы болуу үчүн ырчы болуу жетишсиз (недостаточно). Ал үчүн ырчынын эпикалык чыгарма жаратуу жөндөмү (способность) болушу керек.

*Кыргыз элинин көрүнүктүү тилчи, адабиятчы окумуштуулары Ташым Байжиев менен Зияш Бектеновдун «Манас насааты» окуу китебинен:*

«Манасты» эң биринчи айткан манасчынын аты белгисиз. Сагымбай Орозбак уулунун айтуусу боюнча: «Манасты» эң биринчи айткан – Жайсаң ырчы. Ал үйдүн жасалгасын эле жарым күнү ырдачу экен»,– деген **маалыматты** кезиктиребиз. Жайсаң Манастын тушунда жашаган имиш. Профессор Мухтар Ауэзов Жайсаң ырчы – Ырамандын Ырчы уулу (Манастын кырк чоросунун бири), Жайсаң анын экинчи аты деген **пикир**ди айтат.

«Манастагы» окуяларды бир жомокко бириктирип, көркөмдөп иштеп чыккан мындан беш жүз жыл мурда жашаган Токтогул ырчы болгон деген да оозеки сөз бар, бирок андай ырчынын болгон-болбогонун аныктаган **маалымат** жок».

XIX – XX кылымда атактуу манасчылар Келдибек Карыбоз уулу (1800–1880-ж.), Балык (Бекмурат) Кумар уулу (1799–1887-ж.), Тыныбек Жапый уулу (1846–1902-ж.), Найманбай Балык уулу (1847–1913-ж.), Багыш Сазан уулу (1878–1958-ж.), Шапак Рысмендеев (1863–1956-ж.), Сагымбай Орозбак уулу (1867–1930-ж.), Чоюке Өмүр уулу (1880–1925-ж.), Саякбай Каралаев (1894–1971-ж.) жашаган.

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**маалымат** – сведение, информация (9-кл., 5-б. «Манас» эпосу жөнүндө жалпы **маалымат.**)

**пикир** – мнение (9-кл., 7-б. **«Манас» эпосун жыйноо жана изилдөө:** В. В. Радлов «Манасты» сактап жана өнүктүрүп келген айтуучулардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү жөнүндө илимий **пикир**лерди айткан.)

## САГЫМБАЙ ОРОЗБАК УУЛУ (1867–1930)

*«Бул бир ааламда укмуш жаралган уникалдуу талант. Балким, эч убакта кайталангыс руханий көрүнүштүр. «Манас», «Манас» болгондон берки эпостун тамчыга тамчы кошулуп, сөзгө сөз, ойго ой кыналып, байыркы кыргыз журтунун бүткүл чыгармачылык кубатын Сагымбай бир өзү дилине сыйгызып тургандай сезилет.»*

***Ч. Т. Айтматов***

Белгилүү адабиятчы Зияш Бектенов **«Манас» жөнүндө сөз»** деген эмгегинде улуу манасчы Сагымбай Орозбак уулу жөнүндө мындай деп жазган: «Сагымбай Орозбак уулу 1867-жылы төрөлүп, 1931-жылы каза болгон. Ал Ысык-Көл өрөөнүндөгү Кабырга деген жерде төрөлгөн. Сагымбайдын атасы Ормонканга сурнайчы (музыкант, зурнист) болгон. Атасынын аты Акеш экен, ал сурнайчы





болуп жүргөндө Ормонканга жагып калат. «Сенин атың болбогон ат экен, мындан ары атың Орозбак болсун» – деп, Ормонкан анын атын өзгөртүп жибериптир.

Сагымбайдын манасчы болушуна өзүнүн агасы Алишер **себепчи** болгон. Сагымбай «Манасты» агасы Алишерден үйрөнгөн, манасчы Келдибек Карыбоз уулуна да кезигип, андан таалим алган. Келдибек Сагымбайга «Манасты» айттырып көрүп: «Балам, айтышың жакшы экен, кыймыл-аракетке кедей экенсиң. Жомокту айтып жаткан учурда, окуянын мазмунуна карай, ***түрүңдү, түсүңдү өзгөртүп***, колуң менен түрдүү **ишараттарды** жасап айтсаң, жакшы болот»,– деген экен.

Кийин Сагымбай манасчы Бекмурат-Балыкооз Кумар уулунан да үлгү алган. Сагымбай он үч, он төрт жашынан эле ыр чыгара баштаптыр... Эң жогорку таланттуулук менен, өтө көркөм айтылгандыгы жагынан Сагымбайдын вариантына эч бир вариант **теңдеше албайт.** Анын ыр саптары **ченемсиз** кооз. Ырларында аллитерация өтө күчтүү.

Мисалы:

Калкамандын караты,
Кара атынын бар экен
Капталында канаты.
Кайсы чоро таарынса,
Кабылан Манас баатырдын
Каратты тарта жүргөн адаты.

Карагылачы, ыр саптары кандай көркөм! Анын жер-сууну, табиятты сүрөттөгөнү теңдешсиз.»

**Зияш Бектенов. «Манас» жөнүндө сөз».**

**себепчи** – человек, создавший причину

***түрүңдү, түсүңдү өзгөртүп*** – меняя свой вид, лицо

**ишарат** – знак, намек

**теңдеше албайт** – не сравнится

**ченемсиз** – безмерно, неизмеримо

**кабылан** – леопард

**Тапшырмалар:**

1. Төмөнкү эки сөздүн уңгусуна көңүл бургула. Мурунку класста өтүлгөн активдүү сөздүктөгү **«себепкер»** деген сөздү бүгүнкү сабактагы **«себепчи»** деген сөз менен салыштыргыла. Айырмасын айтып бергиле.

**себепчи** – человек, создавший причину (Сагымбайдын манасчы болушуна өзүнүн агасы Алишер **себепчи** болгон.)

**себепкер** – виновник (7-кл. 10-б. **«Манас» эпосунун кыскача мазмуну»:** Коңурбай Манастын өлүмүнө **себепкер).**

2. Окумуштуулар Ташым Байжиев менен Зияш Бектеновдун алгачкы манасчылар жөнүндө «Манас насааты» деген китебинде айтылган маалыматты сүйлөп бергиле.
3. Суроолорго жооп бергиле:

www.bizdin.kg

1) Сагымбайдын атасы, агасы кимдер болгон экен?
2) Сагымбай Орозбак уулу кайсы манасчылардан үлгү алыптыр? Ал манасчылар жөнүндө эмне билесиңер?
3) Эмне үчүн З. Бектенов «Сагымбайдын вариантына эч бир вариант **теңдеше албайт**» – деп жазган?

4. Сагымбай Орозбак уулу жөнүндө мурда билгендериңерди эстеп, айтып бергиле.
5. Ормонкан жөнүндө тарых сабагынан окуган маалыматтарды сүйлөп бергиле.
6. **Аллитерация** жөнүндө окуу китептин 46-бетинен окуп, айтып бергиле.
7. Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин, антонимдерин таап, дептериңерге жазгыла: *кабылан, теңдешсиз, чебер, пикир, манасчы, биринчи, үлгү.*

## САЯКБАЙ КАРАЛАЕВ
## (1894–1971)



Кыргыздын залкар манасчысы Саякбай Каралаев Ысык-Көлдүн Ак-Өлөң айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Жаш кезинен ар нерсеге **ышкыбоз**, **шок**, шайыр жана **өткүр** бала болуп өсөт.

Саякбайга чоң энеси Дакеш элдик оозеки чыгармачылыктан, анын ичинде «Манас» жөнүндө көп аңгемелерди айтып берчү экен. Ошондой эле өткөн кылымдын атактуу манасчылары Чоюке, Акылбектерден таалим алган.

Манасчы өзүнүн манасчылык талантынын ачылышын түш көрүү менен байланыштырган (связывал). Түшүндө ал Каныкейдин колунан даам татат (угостился), Бакай «Манас баатыр сага бере кел деген кулазыгын (еда для дальней дороги) берейин, оозуңду ач»,– дейт. Анан Манас, Алмамбет, Чубак, Сыргакты бирден тааныштырат. Манасчылардын дээрлик (почти) баары тең түш көргөндөн кийин гана манас айтуу кереметине (волшебству) ээ болгонун айтышат. Чындыгында эле алар минтип айтууга толук укуктуу. Себеби, манасчылык талант гана эпостун эл арасында жашап келе жаткан зор казынасын өзүнчө толук өздөштүрүп айтууга мүмкүнчүлүк ачат.

Саякбайдын айтуусу боюнча 1931-жылдан 1947-жылга чейин эпостун үчилтиги толугу менен жазылып алынган. Көбүнчө андан Ыбырайым Абдрахманов кагазга түшүргөн. Сейтектин уулу Кенен, анын уулдары Алымсарык, Кулансарык жөнүндө баяндар болуп отуруп, баш аягы – 500553 сап ыр жазылып алынган. Бул колдо бар варианттардын эң көлөмдүүсү болуп саналат.

С. Каралаев менен, анын «Манасы» менен таанышкан белгилүү адамдар Саякбайдын талантын жеке анын өзүнө таандык кылбастан, кыргыз элинин улуттук сыймыгы катары карашкан. «Манас»



эпосун изилдөөчүлөр С. Каралаевдин айткан варианты «Манастын» бардык салттуу окуяларын (традиционные события) толук камтыганын (соединил, содержал, охватил), эпизоддор майдаланып сүрөттөлгөнүн белгилешет. Б. М. Юнусалиев «Улуу эпос, укмуштуу жомокчу» макаласында мындай деп жазган: «Сакемден башка эч бир манасчыдан эпостун үч бөлүгү толук жазылып алынган эмес. Ошондуктан, ал вариант – уникалдык, жападан жалгыз вариант. Муну Саякбай карыянын өз элине, бүткүл адамзатка калтырган **баа жеткис** чоң тартуусу деп билиш керек».

Зияш Бектенов «Манас» жөнүндө сөз» деген эмгегинде Саякбай Каралаевди «***Даңкы таш жарган***, жыйырманчы кылымдын ***Гомери*** катары ***эсептелген, өзүнөн мурдагы түрк тилинде ырдап өткөн акындардын алпы***, атактуу жомокчусу»,– деп баалаган.

С. Каралаев 1971-жылы Фрунзеде (азыркы Бишкекте) каза болгон.

**ышкыбоз** – имеющий к чему-либо склонность
**шок** – озорной, шаловливый
**өткүр** – энергичный, боевой, смелый
***Даңкы таш жарган*** – прославленный
***Гомери эсептелген*** – считающийся Гомером;
***өзүнөн мурдагы түрк тилинде ырдап өткөн акындардын алпы*** – великан из всех живших до него тюркоязычных поэтов

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**баа жеткис** – неоценимый (9-кл., 6-б. **«Манас» эпосун жыйноо жана изилдөө:** Дүйнө окумуштуулары, адабий коомчулук «Манас» эпосун кыргыз элинин **баа жеткис** адабий жана тарыхый мурасы катары тааныды.)

**Тапшырмалар:**

1. Манасчы деген түшүнүк боюнча билгениңерди айтып бергиле.
2. Улуу манасчылар Сагымбай Орозбак уулу жана Саякбай Каралаев жөнүндө тексттерди окуп чыгып, айтып бергиле, өз ара ой бөлүшкүлө.
3. Жаңы сөздөрдү жаттагыла.
4. Мелис Убукеевдин «Саякбай» даректүү фильмин («Кыргызфильм» киностудиясы, 1966-ж.) көргөндөн кийин манасчынын зор таланты, адамды өзүнө тарткан аткаруучулук чеберчилиги жөнүндө айтып бергиле.
5. Манасчылар Сагымбай менен Саякбайдын өмүрүн жана чыгармачылыгын Венндин диаграммасын толтуруп салыштыргыла. Ал үчүн төмөнкү суроолорго жооп бергиле: Алар кайсы мезгилде жашап өтүшкөн? Бул манасчылардын варианттары кандай артыкчылыктарга ээ жана бири-биринен эмнелери менен айырмаланышат?
6. Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин, антонимдерин таап, дептериңерге жазып алгыла: *байланышкан, керемет, даам, кулазык, таалим, жомокчу, камтыган, даңк, баа жеткис.*
7. Төмөнкү сүйлөмдөрдү толуктап, дептериңерге жазып алгыла: *«Манасты» ... айткан ... аты ... . Жайсаң ырчы ... үйдүн жасалгасын эле ... ырдачу экен. Жайсаң Манастын ... жашаган ... . Профессор ... Ауэзов Жайсаң ... – Ырамандын ... уулу. Жайсаң анын ... аты деген*

www.bizdin.kg

*... айтат. «Манастагы» ... бир ... бириктирип, көркөмдөп ... мындан беш жүз жыл мурда жашаган ... болгон деген да оозеки ... бар.*

## «КӨКӨТӨЙДҮН АШЫ» БӨЛҮМҮ

*(Саякбайдын айтуусу боюнча)*

Эпостун «Көкөтөйдүн **ашы**» бөлүмүндө кыргыз элинин үрп-адаттары, каада-салттары **кенен-кесири** сүрөттөлөт. Эпизод эл арасында кеңири тараган. Анын ар түрдүү айтылыштары көп жолугат. Бул бөлүм өзгөчө маанилүү чоң окуянын – «Чоң казаттын» башталышына себеп болгон **түйүн**. Ошондуктан, **«Көкөтөйдүн ашы – көп чырдын башы»** дейт.

Ташкент тарапта жашаган кыргыздардын каны Көкөтөй – эң бай, кадырлуу адам болгон. Көкөтөй **кабыргасынан кагынып**, катуу оорулуп, өлөрүнө көзү жеткенде **керээзин** айтат. Көкөтөйдүн уулу Бокмурун атасынын айткан **керээзи** боюнча Каркырага эл чогултуп **аш** берет. **Ашка** Кытайдан Коңурбай, Жолой **сандаган** аскерлери менен келип түшөт.

Аш өткөрүү жөнүндөгү кеңешке чакырылбай калган үчүн ачууланса да, айкөл Манас токсон миң **колу менен** келип жетет. Кыргыздын кандары аны урмат менен (с уважением) тосуп алышат. Бокмурун Манаска тогуз жорго тогуз жамбы байлатып **тартуу кылат**. Буга Коңурбайдын **ачуусу келип**, Мааникер деген атты Бокмурундан суратып жиберет. Бокмурун кандардын кеңеши боюнча атты бермек болот. Ашка келген коноктордун ичинен кытай-калмак **улуктары** кыргыздарга **кыр көрсөтүп, басмырлоо**го аракет кылышат. Манас угуп калып, Коңурбай менен уруша кетип, анын колун бир топ **кыргынга учуратат**. Коңурбай, Нескара кечирим сурашат. Кошой, Бакай арага түшүп, **чыр** басылат. Ашта ат чабыш, **эңиш**, жамбы атыш, **күрөш, сайыш** болот. Балбан күрөштө Жолойго каршы чыгууга киши жок, Кошой чыгат да, кырк күн, кырк түн күрөшүп, Кошой Жолойду жеңет. Эр сайышта Манас менен Коңурбай беттешип, Манас жеңет. Жамбы атышта да Манас жеңет. Бул оюндардын баарында **мөрөй**дү кыргыздар алат. Буга кытайлар наразы болуп (будучи недовольными), уруш чыгарат.

**аш** – поминки
**кенен-кесири** – широко
**түйүн** – узел
**чыр** – свара, ссора, скандал
**кабыргасынан кагынып** – заболел крупозным воспалением легких
**сандаган** – многочисленное
**колу менен** – со своим войском, ратью
**тартуу кылат** – дарит
**ачуусу келип** – разозлившись
**улук** – начальник, правитель
**кыр көрсөтүп** – запугать
**басмырлоо** – подавлять
**кыргынга учуратат** – истребляет;
**эңиш** – состязание всадников, состоящее в сталкивании друг друга с коня
**күрөш** – борьба
**сайыш** – бой всадников на пиках
**мөрөй** – приз



### Ат чабыш (скачки)

**«Ат чубаткын!»** дегенде
Адамдын баары «чу!» деди.
Калмак **журту бир түркүн**,
Кыргыз **журту бир түркүн**,
Ооган **журту бир түркүн**
Түркүн-түркүн болушуп,
**Дүнүйө жүзү толушуп**,
Найзанын башы жылтылдап,
Адамдын башы кылкылдап
**Орчун** кара кол болду,
Ортосу көчө жол болду.

*Ат чабышка кандай элдер катышты?*

«Уруксат барбы, **бурут**,– деп,
Аттын баары **чубоого**
Азыр болуп турат – деп,
**Ургаачы жолу улук** – деп,
Үзө калгай урук!» – деп,
Оронгунун Кула бээ –
Октorулган курган бээ –
**Чубатууга чыгарды.**

*Эмне үчүн кула бээни алдыга чыгарып чубатышты?*

**Таманы** жерде **тарсылдап**,
Кара болот **ооздук**,
**Көмөкөй**дө карсылдап,
Анын арка жагынан
Алтындап **тумар** тагылган
Маңдайында багы бар,
Кулагында шамы бар,
**Куюндан бүткөн** жаны бар,
Тумшугунун үстүндө
Ноктоонун кескен агы бар,
**Кондурдай болгон жаныбар**,
Оң жамбашта калы бар
Октой болгон жаныбар,–
Аккула кирди **чубоого.**

*Аккула кандай ат экен?*
*Ал ат чабышта жеңеби?*
*Эмне үчүн?*

**ат чубаткын** – погнали коней
**журт** – народ
**бир түркүн** – разнообразный
**дүнүйө жүзү толушуп** – наполнилась земля
**орчун** – весомый
**бурут** – так калмаки называли кыргызов
**чубоо** – идти, двигаться гуськом
**ургаачы жолу улук** – принято кобылу пропустить вперед
**чубатууга чыгарды** – пропустил вереницей, гуском
**таманы** – ноги;
**тарсылдап** – стучали
**ооздук** – уздечка
**көмөкөй** – язычок (как орган речи)
**тумар** – талисман
**куюндан бүткөн** – созданный из смерчи
**кондурдай болгон жаныбар** – как истощенное животное



www.bizdin.kg

### Жамбы атыш*

«Темирди ***зымга тарттырып,***
***Асемин антип арттырып,***
**Жамбы**ны бийик зоо кылды,
Сары алтынды **боо** кылды.
Жамбыны атып алсак деп,
Ар кимдин болуп **талабы,**
Ал жамбыга байланган –
Так **алтымыш танабы.**

***зымга тарттырып*** – повесили на проволоку
***асемин антип арттырып*** – сделали краше
**жамбы** – слиток серебра
**боо** – шнурок
**талап** – требование
**алтымыш танап** – верёвка длиною в шестьдесят сажен

*Жамбы атууну кантип уюштурат экен?*

Ал жамбынын түбүнө
Мылтыктары **короктоп,**
Мергендер келди **сороктоп.**
**Кебез белбоо,** кең өтүк,
**Кечилдин каны** Коңурбай
***Керилип жааны тартты эле,***
**Кебелген жок** бул **жамбы.**

**короктоп** – торчать
**сороктоп** – высунуться
**кебез белбоо** – кушак из хлопка
**кечилдин каны** – калмыцкий хан
***керилип жааны тартты*** – грациозно вытянул лук
**кебелген жок** – не шевельнулось

*Коңурбай жамбыны атып түшүрө алдыбы?*

Манжуунун каны Нескара
Басып атып берди эле,
***Караса көзгө илинбейт,***
Огунун кайда кеткени
Тегеле жанга билинбейт.

***караса көзгө илинбейт*** – не увидишь глазами

*Нескара жамбыны атып түшүрө алдыбы?*

Кара кытай **буркурап,**
Кайтып атты чуркурап,
Кайкайган жок бул **жамбы.**
Калмактар атып өткөнү,
Качырып Кошой жеткени...
Кошой **ата бергени,**
Козголуп **жамбы** былк этпейт,
Которулуп кылт этпейт.

**буркурап** – громко плакать
**чуркурап** – гомонить, кричать
**ата берген** – выстрелил



*Кошой жамбыны атып түшүрө алдыбы?*

* **Жамбы атыш** – стрелять из лука, а позднее из ружья, состязались в сбивании слитка серебра, привязанного на высоте на тонкой нитке



### «Кошой дөө менен Жолой дөөнүн күрөшү»
(дөөнүн күрөшү – борьба великанов)

«Жолой **бекем туткан,**
Колун Кошой **булккан.**
Кара кытай балбаны
Кан Жолой бекем кармады.
Касиеттүү эр Кошой
**Бир тартуу менен** Жолойдон
**Билегин** сууруп алганы.
Кол **терисин шыпырып,**
Жолой алып калганы.
Кара кытай, Манжуунун
Каалап салган балбаны.

**бекем туткан** – крепко схватил
**булккан** – встряхнул
**бир тартуу менен** – с одного движения
**билегин** – запястье
**терисин шыпырып** – сдирая кожу



*Жолой –*
*кайсы элдин балбаны?*

Абакеңиз эр Кошой
Ач билектен алганы.
Эки жулуп эр Жолой,
Эптеп сууруп алганы.
Шыпырылып кол тери,
Кошойго кетип калганы.
Карагандар таң болду,
Кара **тозоң чаң** болду.

**тозоң чаң** – пыль, поднимаемая движением

*Балбандар бири-биринин колунун терисин сыйрыганы кандай?*

Намысынан чирешип,
***Акырек менен тирешип,***
**Согончок** тийген жерлерин
Түз-түз кылып **жирешип,**
Түн ортосу кеткенде,
Таң жакындап жеткенде,
**Доошу** чыкты барк этип,
Кошойдун үнү карк этип.

***акырек менен тирешип*** – подпирали друг друга ключицами
**согончок** – пятка;
**жирешип** – разрывать
**доошу** – голос

*Эки балбан канча убакыт бою күрөшүп жатышыптыр?*

Жолойдун колу кандай уу,
Абакеңиз Кошойдун
**Жону**ндагы баягы
**Уюп калган** сары суу,
Кармоосу менен Жолойдун,
Боюна тарап кетиптир.
**Аткып** Жолой жүрүптүр,
Ары-бери **сүрүптүр,**
Абакеңдин **соорусу**
Кармаганын сүйүптүр.

**жон** – спина
**уюп калган** – свернувшись, скопившись
**аткып** – схватив, сграбастав
**сүрүптүр** – двигал, тёр
**соору** – круп, ягодица

БИБЛИОТЕКА

2-83

www.bizdin.kg

«Ит, чиркин, бекем карма!» – деп,
**Имерилтип** жүрүптүр.»

**имерилтип** – завернуть

*Кошой эмне үчүн «Чиркин, бекем карма»,– деп жатат? Эки дөө чарчаштыбы же жокпу?*

**Тапшырмалар:**

1. «Көкөтөйдүн ашы – көп чырдын башы» деген сөздүн келип чыгышын чечмелеп бергиле.
2. «Көкөтөйдүн ашын» төмөнкү план боюнча сүйлөп бергиле:
   1) Көкөтөйдүн өлүмү
   2) Ашка даярдануу
   3) Манастын өз чоролору менен ашка келиши
   4) Аштагы элдик оюндардын өткөрүлүшү (ат чабыш, жамбы атыш, күрөш)
   5) Кытай-калмактардын наразы болуп, уруш чыгарышы
   6) Кыргыздардын жеңиши
3. Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин таап, дептериңерге жазып алгыла: Аш, кенен-кесири, түйүн, чыр, токсон миң кол, тартуу кылат, журт, бурут.
4. Ат чабыш жөнүндө айтылган төмөнкү ыр саптарынын маанисин түшүндүргүлө:

   Түркүн-түркүн болушуп,
   Дүнүйө жүзү толушуп,
   Найзанын башы жылтылдап,
   Адамдын башы кылкылдап
   Орчун кара кол болду.

5. Төмөнкү ыр саптарында кандай көркөм сөз каражаттары колдонулган:

   Касиеттүү эр Кошой
   Бир тартуу менен Жолойдон
   Билегин суурун алганы.
   Кол терисин шыпырып,
   Жолой алып калганы.

6. Бул бөлүмдө айтылган кыргыз элинин каада-салттарынын кайсынысы азыркы кезде сакталып калган? Ал салттар жөнүндө айтып бергиле.
7. Таблицаны толтургула.

| «Көкөтөйдүн ашы» бөлүмүндө айтылган оюндарды жазгыла. | Дагы кандай улуттук оюндарды билесиңер? | Эрежелерин кыскача жазгыла. |
|---|---|---|
| «Ат чабыш» | «Оодарыш» | Оодарышта жигиттер ат үстүнөн бири-бирин кулатышат. |

## «МАНАСТАГЫ» ОБРАЗДАР

### Манастын образы

Эпостогу бардык окуялар башынан аягына чейин Манас менен **тыгыз байланыштуу**. Манастан баатырлыктын барып турган **болжолсуз**дукту үлгүсү көрүнөт. Анын **эбегейсиз** күчү, **ашкан кайраты** тубаса өңдүү. Ал боюна бүткөндө, энеси жолборстун жүрөгүнө **талгак болот:**



«Жейм дейт жолборс жүрөгүн
Мындан башка самабайт (не мечтает).»

Манас төрөлгөндө эки уучуна **уюган кара кан чеңгелдеп түшөт**, үч карын майды бир жейт. Ыйласа үнү отуз кишиникиндей угулат. Мындай баатырдын төрөлүшүн кыргыз эли көптөн күтүп жүргөн болот. Атасы Жакып элүүгө чыкканча бала көрбөй, энеси Чыйырды экөө кудайдан **зарлап** тилешкен. Манас төрөлөөрдө алдын ала ар түрдүү **аян**дар берилет.

Бул белгилердин баары келечекте анын жеңилбес (непобедимый), душман үчүн **каардуу эр** болорун билгизет.

Ошол үчүн эл андан келечектеги **коргоочу**ну, чабылган кыргыздарды чогултуучу азаматты күтөт, **«айкөл, көк жал, даанышман,** эр Манас» деп атайт.

Манастын бир өзүндө миң **балбан**дын күчү болот. Жоо менен беттешкенде (когда он встречается с врагом), аны эч бир жан жеңе албайт. Манастын дене түзүлүшү (строение тела), **ыкчамдыгы** да өзүнүн күчүнө, **айбатына ылайык** келген. Анын **кейпи:**

«Болжолукка караса,
Болот өткүс кара таш.
Күрсү (палица, булава) тийсе оюлгус,
Туюк сөөк, чулу баш»,– деп сүрөттөлгөн.

Демек, Манастын образы – күч, кайрат, туруктуулуктун **теңдеши жок** үлгүсү. Манас **балбан** гана эмес, **иштин ыгын билген** акылман (мудрец), **калыс**, көпчүлүктүн күчүнө ишенген, **чынчыл**, адамгерчиликти сүйгөн боорукер адам. Басып алган элдерди басынтпайт, **талап-тоногонго жол бербейт**.

Ал ар дайым казатка жөнөөр алдында (перед тем, как отправиться в поход), өзүнүн жеке бийлигин жүргүзбөй (не пользуясь своей властью), элин, чоролорун жыйнап, алар менен акылдашат.

Манастын образы – кыргыз элинин өз алдынча мамлекеттүүлүгүн даңазалаган эң күчтүү жана түбөлүктүү образ.

**тыгыз байланыштуу** – тесно связаны
**болжолсуз** – неизмеримо
**эбегейсиз** – чрезмерный
**чеңгелдеп түшөт** – сжимая в кулаке
**зарлап** – горевать
**аян** – предостережение, внушение «свыше»
**каардуу эр** – гневный, яростный храбрец
**айкөл** –великодушный
**көк жал**–богатырь, храбрец
**даанышман** – мудрый
**ыкчамдык** – проворность, скорость;
**айбатына ылайык**– подходит его суровости, грозному виду, ярости;
**кейпи** – внешний вид
**иштин ыгын билген** – умелый
**калыс** – справедливый
**чынчыл** – правдивый
**талап-тоногонго жол бербейт** – не позволяет грабить

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**ашкан кайраты** – превосходная доблесть, решимость; **кайраттуу** – решительный, энергичный (8-кл., 10-б. **«Курманбек». Эпостогу каармандардын образдары:** Курманбектин чыныгы жары, түгөйлөшү Каныкай.

www.bizdin.kg



Теодор Герцендин тарткан сүрөтү: «Манас баатыр»

Ал Курманбектин демине дем, күчүнө күч кошкон акылман, **кайраттуу** аял заты.)
**талгак болот** – токсикоз (6-кл., 35-б. **«Балбай баатыр» уламышынан:** Балбай баатырдын энеси жолборстун жүрөгүнө **талгак** болот.)
**уюган кара кан** – сгусток крови (8-кл., 81-б. **«Манастын төрөлүшүнөн»:**
Оң колуна **кара кан**
Кармай түштү кан Манас).
**коргоочу** – защитник (8-кл., 16-б. **Жаңыл Мырзанын эпостогу образы:** Жаңыл Мырза – Нойгут уруусунан чыккан, эли-жерин **корогогон** баатыр кыз.)
**балбан** – силач (6-кл., 36-б. **«Кошой коргон» уламышы:** Илгери Манас баатырдын тушунда кадимки катаган уруусунун ханы Кошой **балбан** салдырган экен.) **теңдеши жок** – не имеющий равного (9-кл., 4-б. **Сагымбай Орозбак уулу** жөнүндө тексттен: Эң жогорку таланттуулук менен, өтө көркөм айтылгандыгы жагынан Сагымбайдын вариантына эч бир вариант **теңдеше албайт**... Көрдүңүздөрбү, ыр саптары кандай көркөм! Анын жер-сууну, табиятты сүрөттөгөнү **теңдешсиз.)**
**кабылан** – леопард (7-кл., 88-б. **«Эр Табылды»** эпосунан:

**Кабыландай** бакырып,
Калың жоону аралап,
Качырып кирди Табылды.

8-кл., 87-б. **«Манастын Таласка көчүп келиши»:**

Кырк үйлүү, кыргыз аз элге
**Кабылан** Манас ээ болуп...

9-кл., 4-б. **Сагымбай Орозбак уулу:**

Кайсы чоро таарынса,
**Кабылан Манас** баатырдын
Каратты тарта жүргөн адаты.)

## Каныкейдин образы

Каныкейдин **турпат**ына кыргыз аялдарындагы **ак ниеттүүлүк, кайраттуулук,** калыстык, өмүрлүк жолдошуна (супруг) **берилгендик,** элди, жерди сүйүү өңдүү мыкты сапаттардын бардыгы чогултулган.

**турпат** – *здесь:* образ
**ак ниеттүүлүк** – честность
**берилгендик** – преданность
**кыраакы** – дальновидная

Каныкей – айтканынан кайтпас, сөзгө бек, **кыраакы,** акылман, **колунан көөр төгүлгөн уз** аял. Жомокто Каныкей:



*«Кабылан жеңең Каныкей,*
***Зайып заттын паашасы,***
***Кең көйнөктүн тазасы,***
***Кара сурдун сулуусу,***
***Адамзаттын нурдуусу».***

**колунан көөр төгүлгөн уз** – рукодельница, искусница
***зайып заттын паашасы*** – царица женщин
***кең көйнөктүн тазасы*** – *здесь:* истинная аристократка
***кара сурдун сулуусу*** – смуглая красавица
***адамзаттын нурдуусу*** – лучезарная из людей
**атак** – слава

Демек, Манасты Манас деген **атак**ка жеткирген, «чачылганын жыйнаган, үзүлгөнүн улаган» – Каныкей. Ал – сүйүктүү жар, камкор эне. Негизги касиеттери – айлакерлик, акылмандык, чечкиндүүлүк, чыдамкайлык. Тажик каны Темиркандын кызы Санирабига өзүнүн адамдык, аялдык мыкты сапаттары менен эл оозунда Каныкей деген атка конот. Алдын-ала көрө билген **даанышман** Каныкей Манас чоң казатка аттанар алдында, мунун арты жамандык менен бүтө турганын билет да, Манаска эскертет. Аялдан чыккан чебер, уз Каныкей айкөлүнө жоо кийимдерин, курал-жарактарын жана күлазыктарын камдап берет. Манас чоң казаттан жарадар болуп кайтканда, Каныкей Муз-Жайлоого көчүп Манастын **шили**синдеги жарасына дары жаап, айыктырат. Манас айыгып, кайра Таласка келип, эл башкарып турат. Алмамбеттин сөөгү жүктөлгөн Сарала келип, сөөктү Ат-Башыдагы Чеч-Дөбөгө коюшат. Досу Алмамбеттен айрылганына капаланган Манас **зил кусуп,** ээси оош жыгылат.

Көрсө, Коңурбайдын найзасы тийген белиндеги **жарасынын оозу бүтүп** калгандыктан Каныкейге айткан эмес экен. Жаранын оозу айыгып, ары жагы сөөктү чиритип жиберген экен. Эл менен, баатырлар менен, Каныкей менен коштошуп, Манас көз жумат. Манастын **керээзин** аткарып, Каныкей **«бир адамга билгизбей, бир адамга туйгузбай»** айкөлдүн сөөгүн Эчкиликтин кара зоосуна жашырат. Мурдатан салдырган күмбөзгө **теректен чабылган кепти** көмдүрөт.

Семетейди тарбиялап өстүрүш үчүн атасы Темиркандын шаарына кайненеси Чыйырды менен Семетейди алып, ички душмандардан качып кетет.

**шили** – шейное сухожилие
**зил** – болезнь, проходящая вглубь, поражающая изнутри
**зил кусуп** – вырвать зеленью, желчью
**жарасынын оозу бүтүп** – затянулась поверхность раны
**бир адамга билгизбей, бир адамга туйгузбай** – в полном секрете, не дав никому догадаться
**теректен чабылган кеп** – форма, вырубленная из тополя

Каныкей Семетейди Манастан кем эмес эр жүрөк кылып чоңойтуп, атасы Манастын жоо жарагын, минген атын сактап жүрөт. Баласы эр жеткенде ага атасы Манас, жери Талас экенин айтып, эл-жерине алып келет. Каныкейдин образы – эпостун үч бөлүгүндө тең кездешкен, Манаска, Семетейге, Сейтекке жардам берген, элдин

www.bizdin.kg

эркиндиги жана биримдиги үчүн күрөшкөн чыныгы патриот аялдын жаркын образы.

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**кайраттуу** – решительный, энергичный (8-кл., 10-б. **«Курманбек». Эпостогу каармандардын образдары:** Курманбектин чыныгы жары,түгөйлөшү Канышай. Ал Курманбектин демине дем, күчүнө күч кошкон акылман, **кайраттуу** аял заты.)

**даанышман** – мудрый, мудрец (9-кл., 19-б. **Манастын образы:** Ошол үчүн эл андан келечектеги коргоочуну, чабылган кыргыздарды чогултуучу азаматты күтөт, «айкөл, көк жал, **даанышман**, эр Манас» деп атайт.)

**Тапшырмалар:**

1. 20-беттеги Теодор Герцендин тарткан сүрөтү боюнча Манас баатырды сүрөттөп бергиле.
2. Мурунку класстарда окуган «Манас» эпосу жөнүндө билгениңерди эстегиле. 7-класстын «Кыргыз адабияты» окуу китебинде берилген үзүндүдө эр Манастын келбети, күч-кубаты кандай сүрөттөлгөнүн түшүндүрүп бергиле:

   Алтын менен күмүштүн  
   Ширөөсүнөн бүткөндөй,  
   Асман менен жериңдин  
   Тирөөсүнөн бүткөндөй.  
   Айың менен күнүңдүн  
   Бир өзүнөн бүткөндөй,  
   Алды калың кара жер  
   Жердигинен түткөндөй!

3. Манастын кандай эрдиктери, кайсы сапаттары эл-журтту бириктирип, эркиндик үчүн күрөшүүдө маанилүү деп эсептейсиңер?
4. Окуган үзүндүлөрдүн ичинен бир үзүндү тандап, жаттагыла.
5. Каныкейдин эң негизги касиеттерин атагыла. Ал касиеттери эпосто кайсы учурда бааланат? Өз оюңарды иш дептериңерге жазгыла.
6. Каныкейдин образы кандай образ? Аны сүрөттөп айтып бергиле. Бул жөнүндө кластер түзгүлө.

## «Манастын» идеялык мазмуну

Эпостогу негизги идея – Ата Мекенди коргоо, мурда **чабылып-чачылган** урууларды бириктирүү, элдин эркиндиги, тынчтыгы үчүн, душмандарга **өз кезегинде сокку уруу**. Жомокто баатырдык эрдик жана эли-жерин сүйүү өтө бийик **кадырланат**. «Эр жигит эл четинде, **жоо бетинде**», «Жатып өлгөнчө, атып өл», «Эр жигит үйдө туулат, жоодо өлөт» деген макалдар эл арасында жашап келет.

Чыгарма элдин **көз каранды болбостугу үчүн** Манас, Алмамбет, Чубак өңдүү баатырлар, Бакай, Кошойдой адилет акылмандар болуу

**чабылып-чачылган** – разрозненные  
**өз кезегинде** – своевременно  
**сокку уруу** – нанести удар  
**кадырланат** – ценится  
**жоо бетинде** – перед лицом врага  
**көз каранды болбостугу үчүн** – за независимость



керектигин **далилдейт**. Баатырдын кырк чоросу да Манасты согушта жеңиштерге **жеткирген**, эрдиктери менен баатырдын эрдигин **камсыздап турушкан.**

Манас көп учурда Кошой **балбан**га, Бакай акылманга таянып иш кылат. Алтайдан кыргыздарды көчүрүп келип, Ала-Тоону душмандардан бошотуп, бүт элди бириктирүүдө Манас баатыр өзүнүн жанындагы акылман Бакайга, алп Кошойго ишенет. Кошой – эпостогу баардык **кaармaн**дардан улуу адам. Ал көптү көргөн, акылман, кыраакы (дальновидный) жана **балбан** адам болгондуктан, Манас баш болуп анын айтканына көнүшөт (соглашаются). Көкөтөйдүн ашында калмактардын «мас болгон пилдей чамынган» **балбан**ы Жолой менен күрөшкө эч ким каршы чыкпай, сексендеги Кошой намыска турат да, Жолой менен күрөшөт, Жолойду жеңет. Кошойдун образы – элдин башын кошкон, туура жолго баштаган, терең акылман карыянын, **теңдеши жок балбан**дын образы, эл **тутка**сы.

**далилдейт** – доказывает  
**жеткирген** – доводит  
**камсыздап турушкан** – обеспечивали

Бакай – акылмандыктын, калыстыктын, кең пейилдин үлгүсү. Чоң казатка чыгарда Манас чоролору менен кеңешип, алгач Бакайды кол башчы, Алмамбетти жол башчы кылып дайындайт. Жолго чыкканда Алмамбет аскердин жүрүшүнө, тартибине наразы (недоволен) болот. Аскердик тартипти чыңдоо керек, болбосо Кытайга барчу жол узак, ийгилик болбойт дейт. Манас эми кол башчылыкты Бакайдан Алмамбетке тапшырат. Муну Бакайга Серек менен Ажыбай: «Манас сизге кечээ берген кандыкты кайта алып салды»,– деп айтып барышат. Кең пейил Бакай: «Алмамбет баатырды баламдан жакын көрөмүн. Аскерин башкарсын, бачым барып айткыла»,– деп каткырып күлүп жооп берет. Бакайдын аталык мээрими күчтүү болот. Ал Манас үчүн бир тууган ага, кандуу согуштарда жоокер, тиричиликте насаатчы (наставник) болгон туруктуу каарман.

Манас өзүнүн чоролору, жакын досторy, насаатчылары менен кыргыз мамлекетин түзөт, чыңдайт. Анын ишин уулу Семетей улантат. Атасынын өчүн Коңурбайдан алып, душмандарды жеңип, ички душмандардан элин бошотуп, адилет кан болот. Семетейдин жолун улантып, Сейтек баатыр эл биримдигин сактайт. **Ыдыраган** кыргыз урууларын ынтымакка келтирип, ата-бабасынын көтөргөн идеясын сактоо үчүн бүт өмүрүн арнайт. Ошентип, элдин эркиндиги үчүн күрөшүү идеясы эпостун үч бөлүгүндө тең терең мааниге ээ.

**Жаңы сөздөр:**

**тутка** – опора  
**ыдыраган** – разлаженный, рассеянный в разные стороны

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**балбан** – силач (9-кл., 20-б. **Манастын образы:** Манас **балбан** гана эмес, иштин ыгын билген акылман, калыс, көпчүлүктүн күчүнө ишенген, чынчыл, адамгерчиликти сүйгөн боорукер адам.)

www.bizdin.kg

**каарман** – герой (7-кл., 34-б. **Тоголок Молдонун «Кемчонтой» поэмасы жөнүндө:** Тоголок Молдонун бул чыгармасы элдик жомоктун негизинде жазылган сатиралык чыгарма. Поэмадагы **баш каармандар** – Кемчонтой менен Багдагул.
7-кл., 56-б. **«Эрте келген турналар» повести жөнүндө:** Повесттеги **башкы каарман** – Султанмурат.)

**теңдеши жок** – несравнимый (9-кл., 9-б. **Сагымбай Орозбак уулу:** Анын жер-сууну, табиятты сүрөттөгөнү **теңдешсиз.**»)

**Тапшырмалар:**

1. «Манас» эпосунун негизги идеясы жөнүндө айтып бергиле.
2. «Манас» эпосундагы негизги каармандарды атагыла. Суроолорго жооп бергиле:

Кошой балбан менен кырк чоронун образдары кандай мааниге ээ?
Айкөл Манас өзүнүн негизги ой-тилегин ишке ашыра алдыбы? Манастын кыргыз мамлекетин түзүү жана чыңдоо иштерин кимдер улаган?

3. Биз – Манастын бүгүнкү урпактары, анын идеяларын улантып жатабызбы? Бул жөнүндө аңгеме түзгүлө.
4. Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин жана антонимдерин таап, дептериңерге жазып алгыла: *балбан, баатыр, биримдик, эркиндик, күрөш, эл, мекен, тутка.*
5. Төмөнкү сөздөрдүн омонимдерин таап, дептериңерге жазып алгыла: *бет, кан, кандык, урпак.*
6. «Манас» эпосунун каармандарын мүнөздөп көрсөткөн синквейндерди түзгүлө. Мисалы:

Манас
Күчтүү, эр жүрөк
Коргогон, согушкан, башкарган
Эр жүрөк Манас элин коргогон.
Баатыр

## «Семетей» эпосу жөнүндө жалпы маалымат

«Семетей» – «Манас» эпосунун экинчи бөлүгү. Мында Манастын уулу Семетейдин төрөлгөндөн өлгөнгө чейинки **башынан өткөргөн** окуялары айтылат. «Семетейде» да элдин **биримдигин** сактоо, чет душмандарга **көз каранды болбостугу** идеясы жакталып, элди, жерди сүйүү, душманды жек көрүү, баатырдык эрдик, патриоттук темасы **улантылган.**

**башынан өткөргөн** – пережитые
**биримдик** – единство
**улантылган** – продолжено

«Манастагы» негизги каармандардын (Манас, Алмамбет, Чубак, Каныкей, Бакайдын) образдары **өзгөрүүсүз** түрдө «Семетейде» да сүрөттөлөт.

**өзгөрүүсүз** – без изменения

«Манастагы» кыргыздардын **ички карама-каршылыктары** «Семетейде» Абыке, Көбөш, Чыңкожо, Толтой, Чачыкей, Кыяз, Канчоронун образдары аркылуу берилген. «Семетей» эпосунда кыргыз уруулары **туш-тушка сүрүлүп, өзүнчөлүгү** бүт жоголуп, согуштук күчү кетип, четки душмандарга көз каранды болгон учуру айтылат.

**ички карама-каршылыктары** – внутренние противоречия
**туш-тушка сүрүлүп** – отброшены в разные места
**өзүнчөлүк** – самостоятельность

Өткөн кылымдардагы жана ушул күндөгү жомокчулардын баары «Семетейди»:

1. 1.Семетейдин жетим калышы, Букарда өсүп, Таласка келиши;
2. Семетейдин Чыңкожо, Толтой менен согушуп, Айчүрөктү алышы;
3. Семетейдин Коңурбай менен согушу;
4. Семетейдин өлүмү деген төрт темада айтышат.

«Семетей» «Манастай» **накта** баатырдык эпос **эмес.** Андагы Бакай менен Каныкейдин оор абалына кайгыруу, мыкты баатырлардын жок болушуна **өкүнүү,** сүйүү, **кектөө** өңдүү **талаптар** бул эпоско лирикалык мүнөз (лирический характер) берип турат. Манас өлгөндөн кийинки Каныкейдин муңдуу жашоосуна байланыштуу сюжеттерден көркөм психологизм көрүнүп турат.

**накта эмес** – не совсем
**өкүнүү** – сожаление
**кектөө** – месть
**талаптар** – требования

«Семетейди» кагаз бетине биринчи ирет Чокан Валиханов түшүрүп, мазмунун **кара сөз менен** жазган. Андан кийин 1862–1869 жылдарда академик В. В. Радлов «Семетейден» 3005 сап ыр жазып алып, 1885-жылы өзүнүн **«Түндүк түрк урууларынын эл адабиятынын үлгүлөрү»** деген китебинде басып чыгарган. «Семетейди» ***эл оозунан жазып алуу иши*** 1930-жылдардан кийин гана кызуу жүргүзүлгөн. С. Каралаевдин айтуусунда толугу менен өзүнчө китеп болуп жарык көргөн.

**Түндүк түрк урууларынын эл адабиятынын үлгүлөрү** – образцы народной литературы северных тюркских племён
***эл оозунан жазып алуу иши*** – записать у исполнителей

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**көз каранды болбостук** – быть независимым (9-кл., 22-б. **«Манастын идеялык мазмуну»:** Чыгарма элдин душманга **көз каранды болбостугу** үчүн Манас, Алмамбет, Чубак өңдүү баатырлар, Бакай, Кошойдой адилет акылмандар болуу керектигин далилдейт.)

**кара сөз менен** – прозой (6-кл., 134-б. **«Поэзия. Ыргак, рифма жөнүндө түшүнүк»:** Кыргыз элинин **кара сөз** түрүндөгү речи да, эпостору да, поэзиясы да уйкаштыкка ыктап турат.
8-кл., 52-б. **Т. Сыдыкбековдун «Көк серек» аңгемеси жөнүндө:** Т. Сыдыкбековдун **кара сөздүн** чоң устаты экендиги «Көк серек» аңгемесинде ачык даана көрүнөт.)

www.bizdin.kg

# «СЕМЕТЕЙДЕГИ» ОБРАЗДАР

## Семетейдин образы

Эр Семетей атасы айкөл Манастын ордун басып, Манас өлгөндөн берки элдин күткөн тилегин ишке ашырат. Анын баатырдык мүнөзү, **касиет**тери атасы Манас баатырдан Семетейге өткөн. Ал элдин кыялындагы баатырдык идеалга **төп келген**, «каарданып урушса, **катылышкан** душманды жеңген» **намыскөй** эр. Семетейдин **тулку бою** Манаска окшош, кийим-кечеси, курал-жарагы, ээрчиткен жандыктары да бирдей. Себеби, Семетейдин төрөлүшү – Манастын кайрадан жаңыланып, жарыкчылыкка келиши (появление на свет) менен барабар, бул «Семетейди» жараткан (создавший) эл үчүн өтө маанилүү байыркы түшүнүк (понятие). Ошондуктан, Семетейде Манастан калышпаган зор **касиет, эпикалык сүр** бар. Жоо жарагын алып, Тайбуурулга минип ок өтпөс, кылыч кеспес, отко күйбөс, сууга чөкпөс **касиет**ке ээ болот. Семетейдин образы аркылуу туруктуу, эр жүрөк, эл сүйгөн жигиттин үлгүсү берилет. Эпостун аягында Семетей өзүнүн алдына коюлган милдеттерин аткарып, ордун уулу Сейтекке берип, Бакай, Каныкей, Айчүрөк, Күлчорого кошулуп кайып болуп кетет. Себеби, элдин учкул кыялы Семетейди өлүмгө кыйбайт.

## Айчүрөктүн образы

«Манас» эпосундагы салтка айланган бир көрүнүш – баатырлардын өздөрүнө ылайык (подходящий) мыкты аялдары айрыкча даңазаланат. Айчүрөк ооган каны Акундун кызы. Манас менен Акун балдары төрөлө электе эле **бел куда** болушкан. Семетей менен Айчүрөк эс тартканда бир-бирин көрүп сүйүп калышат. Айчүрөктүн образы аркылуу акылман, кайраттуу, алдын-ала сезе билген, айлакер, ашкан сулуу аялдын үлгүсү көрсөтүлөт. «Шекерди көр, сөзүн көр, чолпонду көр, көзүн көр, жибекти көр, чачын көр, бели тутам, бети айдай» Айчүрөк жамандыкты алдын-ала билип, Семетей атасынын күмбөзүнө жөнөгөндө, кой, барба – деп айтат. Бирок Семетей өкүмдүгүнө (вспыльчивость), курчтугуна салып, жөнөп кетет да, ич ара чыккынчылыктын курманы (жертва внутреннего предательства) болот.

**Жаңы сөздөр:**

**касиет** – свойство
**төп келген** – туура келген; подходящий
**катылышкан** – схватившийся
**намыскөй** – защищающий честь
**тулку бою** – весь целиком
**эпикалык сүр** – эпическое величие
**бел куда** – сваты, просватывающие своих ещё не родившихся детей



## «Семетей» эпосунун кыскача мазмуну

*(Саякбай Каралаевдики боюнча)*

Манас баатыр өлгөндөн кийин Манастын аталаш иниси Көбөш Каныкейди **алмак болуп**, кырк чоросу менен Манас ордого **чабуул** жасайт. Манастын **казына башчы**сы тоого бекинет.

Манастын **мураскор**ун, уулун сактап калуу үчүн Каныкей Букарага качат. Букарада Каныкейдин атасы Темиркан Семетей 12 жашка чыкканда «Билгенге Семетейдин тою, билбегенге Манастын ашы» деп той берип, өзүнүн мураскору кылып жарыялайт. Каныкей **алтымыш асый** Тайторуну төлгө кылып, байгеге чабат.

Семетей келечекте баатыр болуп, Манастын ордун басар бекен деп **үмүттөнөт**. Семетейди үйүнө ээрчитип барып, Манастан калган өтүк, кылыч, тебетей, чепкендерин берет, **карасанатай** кандар Семетейди **өлтүрүүнү ойлогон**ун айтат.

Семетей ал кандарды сабап, **туш-тушка таратат**. Токойдо бир көмүрчү Сарытаз деген киши Семетейге элинин, жеринин **кабарын айтат**. Каныкей аргасыздан чындыкты айтып берет. Манастын керээзин аткарып, Букарага качып келгенин түшүндүрөт. Таласта атасы Манастан калган **мүлк**төрдүн жайын айтат.

Семетей Таласка келип, атасынын күмбөзүнө барып, чоң атасы Жакыпка, Алмамбеттин уулу Күлчорого жана башкаларга кезигет. Чоң атасы Жакып, Манастын аталаш инилери Абыке, Көбөш Семетейге **касташып**, кол салышат. Семетей душмандарын жеңет.

Айчүрөк экөө жолугушуп, бири-бирин сүйүп калышат. **Кудалашып**, **колукту**су Айчүрөккө үйлөнөт (женится). Семетей атасынын душманы Коңурбайдан Манастын кунун алууга аттанат. Семетей, Бакай, Күлчоро, Канчоро чектеш Кытайдын **кулжа**сын, **куу-өрдөгү**н атып салышат. **Жылкычы башы** Карагул Семетейди алдап, Семетейдин башын айра чаап, качат. Карагулдун кабары боюнча Коңурбай көп **кол менен** келип, Таластын суусун буруп салып, согуш баштайт. Семетей Коңурбайды жеңет. Кыргыздар кытайларды Бээжинге дейре кууп барат. Ал жерден миң пилге жүктөлгөн **дилде** алып, кайра Таласка келишет.

**алмак болуп** – хочет жениться
**чабуул** – атака
**казына башчы** – казначей
**мураскор** – наследник
**алтымыш асый** – шестьдесят асыйев
**үмүттөнөт** – надеется
**карасанатай** – ненавистник
**өлтүрүүнү ойлогон** – хотели убить
**туш-тушка таратат** – разгонит во все стороны
**кабарын айтат** – расскажет
**мүлк** – имущество
**касташуу** – враждовать
**кудалашуу** – свататься
**колукту** – невеста
**кулжа** – горный баран
**куу-өрдөгү** – птица, дичь
**дилде** – золотая монета пятирублевого достоинства

www.bizdin.kg

Манастын **бажа**сынын уулу атасынын кунун доолап, бөлөсү Семетейге кол салат. Күлчоро Үмөтөйдү өлтүрөт. Семетей Үмөтөйдүн **сөөгүн** Тайбуурулга жүктөтүп (загрузив) жөнөтөт.

Канчоро душмандык кылып, Семетейди алдап, Манастын **күмбөзүнө** алып келет. Ал жерде бээ союп, эт бышырып, куран окутуп жатканда жедигер каны Кыяз көп **кол** менен Семетейди жарадар кылат. Семетей жарадар болгондо катуу бороон башталып, калың туман түшөт. Кыяздын аскери кырылат. Семетей эч кимге көрүнбөй **көздөн кайым болот.**

**бажа** – свояк

**сөөк** – кости, тело после смерти

**көздөн кайым болот** – скроется из виду, исчезает

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**мурас**–наследие, наследство (7-кл., 1-б. **«Кириш̧үү:** Кыргыз эли – бай жана кызыктуу фольклордук **мурастын ээси.**)

**керээз** – завещание, предсмертное наставление (9-кл., 13-б. **«Көкөтөйдүн ашы» бөлүмү:** Көкөтөйдүн уулу Бокмурун атасынын айткан **керээзи**, Манастын кеңеши боюнча Каркырага эл чогултуп аш берет.)

**жылкычы башы**–главный табунщик (7-кл.,10-б. **«Манас» эпосунун кыскача мазмуну»:** Семетей өлгөндөн кийин,жарадар болгон Күлчорону Кыяз менен Канчоро колго түшүрүп, далысын кесип, «отун алдырып, суу ташыт» деп, **жылкычы башы** Карагулга берет.)

**кол** – войско, рать (5-кл., 63-б. **Чыңгыз Айтматовдун «Бугу эне» адабий жомогунан:** Ал күнү кыргыз уруусу аза күтүп, эл атасы, **сан колдун башчысы** Күлчө баатырдын сөөгүн жерге бергени жаткан, **кол баштап** нечен казатта жүрүп соо калган, нечен айыгышкан чабыштан жеңиш менен чыккан карт баатыр көрөр күнү, ичер суусу түгөнүп, каза табат.
9-кл., 13-б. **«Көкөтөйдүн ашы»** бөлүмүндө: Аш өткөрүү жөнүндөгү кеңешке чакырылбай калган үчүн ачууланса да, айкөл Манас да өз **колу менен** келип жетет.)

**күмбөз** – кумбез, надмогильное сооружение, надгробие, мавзолей (7-кл., 10-б.**«Манас» эпосунун кыскача мазмуну»:** Кабылдап кеткен жарадан Манас өлүп, Каныкей **күмбөз** салдырат.
8-кл., 5-б. **«Семетейдин Таласка келиши»:**

Кең Таластын оюнан,
Аккан суунун боюнан
Үч Кошойдун чатынан
Баркөлдүн башкы жагынан,
Атасынын **күмбөзүн,**
Алыскы жерден көрдү эми.)

**Тапшырмалар:**

1. 1. Тексттерди бир нече жолу окуп, айтып берүүгө даярдангыла.
   2. Суроолорго жооп бергиле:
   Саякбай Каралаевдин айтуусу боюнча энеси Семетейди кантип чоңойтту? Семетей кайда чоңойгон экен? Семетей өзүнүн Манастын уулу экендигин кимден угат? Семетей Манастын кунун алуу үчүн кимге каршы согушат? Кытайды жеңгенде кандай олжо алышат? Семетей эмне үчүн **көздөн кайым болот**, кандай деп ойлойсуңар?



3. Семетей менен Айчүрөктүн образдарын мүнөздөп бергиле. Бул жөнүндө өз алдыңарча кластер түзгүлө.
4. Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин, антонимдерин таап, дептериңерге жазып алгыла: *накта , өкүнүү, кектөө, айкөл, казына башчы, мураскор, бел куда, касиет, төп келген, намыскөй, кун доолоо.*
5. Теодор Герцендин тарткан сүрөтүнө көңүл бөлүп карап, өзүңөр да «Семетей» эпосунан окуган үзүндүдөгү окуянын сүрөтүн тарткыла.



**«Чынкожо, Толтой чатагынын (ссора, конфликт)» мазмуну**

Чынкожо – Семетейдин аталаш жакын тууганы (родственник по отцовской линии). Убагында Манаска **таарынып** кетип, четте (поодаль) жүрөт.

Семетей менен тууган болууга ага «Семетей менден эр эмес, эмнеге **баш ийип берет экенмин»** деген **сокур намыс** жол бербейт. Колунан келсе, өзү Семетейди **чөгөлөтүп**, ага бийлик кылгысы бар (готов властвовать). Чынкожо жедигер уруусунун баатыры Толтойдун үстүнө көчүп барып, достошуп, аны: «Сенин **колуктуң** Чачыкейди Семетей алып алды, эми сен Айчүрөктү ал»,– деп **көкүтөт.** Толтой макул болбойт. Чынкожо аны «достуктун антына коём!» – деп коркутат. Өзүнүн жеке, **тар кызыкчылыктары** үчүн Чынкожо Толтойду чоң **чырга аралаштырат.** Чынкожо **өз кызыкчылыгы** үчүн эч нерседен **кайра тартпайт.** Анын баатырдык ар-намысы жок, **жекеме-жеке беттешүү** эрежелерин билбейт. Семетей менен жекеге чыгып, Чынкожо жеңе албайт.

Эми кезекти Семетейге берүүнүн ордуна **чокмору** менен башка уруп өтөт. Асмандап учуп, Семетей, Күлчоролорду мына өлтүрөм деген ишенимге дүгүрсүгөн Чынкожо Толтойго **зомбулук көрсөтүүгө** даяр турган. Чынкожо каарман жоокер катары өлүүгө **татыктуу эмес.**

**таарынып** – обидевшись

**баш ийип берет экенмин** – буду подчиняться

**сокур намыс**–слепая гордость

**чөгөлөтүп** – заставить пасть на колени

**колукту** – невеста

**көкүтөт** – поддразнивает

**тар кызыкчылыктары** –личные интересы

**чырга аралаштырат** – вовлекать в ссору;

**кайра тартпайт** – не отступает

**жекеме жеке беттешүү** – борьба один на один

**зомбулук көрсөтүү** – подвергать жестокости

**татыктуу эмес** – не достоин

Мына ошон үчүн Семетей аны **шыйрактан алып**, ташка чаап өлтүрөт. Ал эми Толтой – жедигер уруусунун башчысы, элдик баатыр болгону менен, **эрки бош**, **көңүлчөөк** адам. Анын ошондоюн билип, Чынкожо Толтойду өзүнүн **арам иштерине** аралаштырган.

Толтой Семетейге чындап душман деле эмес. Бир канча жолу «ушу Семетей менен чырдашпай эле коёлучу» деп Чынкожону акылга чакырган, улам артын карап, **кылчактаган**. Бирок канчалык **кыйылганы менен**, Толтой Чынкожонун эркинен чыга албайт. Аргасыз Семетейге каршы **урушка** аралашып, акыры **өлүп тынат**.

**эрки бош** – безвольный
**көңүлчөөк** – добрый, мягкосердечный
**арам иштери** – недостойные дела
**кылчактаган** – оглядывался
**кыйылганы менен** – проявлял неуверенность
**өлүп тынат** – погибает

### Адабият теориясынан

**Конфликт** – көркөм чыгармада берилген бири-бирине карама-каршы турган эки идеянын, пикирдин ортосундагы каршылыктын жогорку формасы. Ал чыгармадагы каармандардын кулк-мүнөзүндөгү, көз карашындагы жана аракетиндеги күрөшүндө көрүнөт. Коом турмушундагы эски менен жаңынын, оң менен терстин ортосунда жүрүүчү элдешпес күрөш көркөм чыгармаларда адам мүнөздөрү аркылуу ачылат. Конфликт эпикалык жана драмалык текке мүнөздүү.

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**чатак** – ссора, склока, конфликт (7-кл., 47-б. **Аалы Токомбаевдин «Күүнүн сыры» аңгемесинен:** – Эркем! Эми калың болсо бүттү. Атаң дагы **чатак** кылып жатат. Качпайсыңбы? – деди жигит. -Жок, мырзам. Атамдын жалгыз кызы болсом, той тойлотпой туруп, босогодон аттабаймын. Атам эмне **чатак** кылып жатат? – деди кыз.)

**чокмор, чочмор** – дубинка (7-кл., 43-б. **А. Токтомушевдин «Какшаалдан кат»** поэмасынан:

Атакем белин курчанып,
**Чочморун** алып кумсарып,
Эл менен кошо аттанган.)

**шыйрактан алып** – схватив за голень (7-кл., 53-б. **Аалы Токомбаевдин «Күүнүн сыры» аңгемесинен:** Учуп келе жаткан буурулдун алдыңкы **шыйрагы** сыртына чабыла түштү...)

**уруш** – сражение, ссора, драка (7- кл., 94-б. **«Эр Табылды»** эпосунан:

**Урушту** коюп эки жак,
Буларды карап калыптыр.)

## ЧЫНКОЖОНУН СЕМЕТЕЙДЕН АТ СУРАТКАНЫ

Эр Чынкожо ойлонуп,
***Ок жыландай толгонуп,***
Семетейге **теңешип**,

***ок жыландай толгонуп*** – извиваясь как змея
**теңешип** – равняясь



www.bizdin.kg

Бул сөздү айтты **эгешип**:
«Семетей» десе **дардайып**,
Уктап жатат барбайып.
Эси жок жетим баш болуп,
Этке, майга мас болуп.
**Канын чачкан** калмактан
Манастын кунун куубады.
Акун канга барбады,
Аныктап кабар салбады.
Арнап койгон **колукту** –
Айчүрөктү албады.
Минтип жүрсө бул итти,
***Түбүндө кудай каргады.***
Эби келсе, Эртишим,
Буурулду сурап барып кел.
Алдап туруп жетимден,
**Тайбуурулду** алып кел.
**Тайбуурул** колго тийген соң,
Семетей колго кирген соң,
Тамашаны салалык,
***Талас, Чүйдү чабалык,***
**Олжону** мыктап табалык.
Абыдан көңүл тынган соң,
Акун канга баралык!
Перинин кызы Чүрөктү,
Берсе кудай, алалык!
Аягы Букар, Самаркан,
Бүтүн колго каратып,
Букара кылып салалык!

**эгешип (эрегишип)** – завидуя
**дардайып** – развалившись
**канын чачкан** – пролившие кровь
***түбүндө кудай каргады*** – будет наказан богом
**Тайбуурул (Буурул)** – кличка скакуна
***Талас, Чүйдү чабалык*** – захватим Талас и Чүй
**олжо** – трофей

*Чынкожо кандай амал ойлоп тапты?*

Семетейге барганда,
Аста-секин кеп айткын!
– Чынкожо агаң жиберди,
Ат сурап келдик, – деп айткын
***Буруу-терүү санабай,***
Мал көзүнө карабай,
***Туугадды алыс санабай,***
Чынкожонун көөнү үчүн,
Буурулду бергин, – деп айткын!
Айткан сөзгө кирбесе,
***Кадырыңды билбесе,***
Тамашаңды көрдүң! – де,
Жетпесе да ажалың,
Чынкожодон өлдүң!» – де.
Каарыма калганда,

***бууру-терүү санабай*** – не считая чужаком
***тууганды алыс санабай*** – не считая родственника чужаком
***кадырыңды билбесе*** – не проявит уважение

www.bizdin.kg

Камап туруп аламын,
**Кайнардагы калаасын,**
**Талап** туруп **аламын!**
Чакырып келбейт Семетей,
Өлүп калган Манасын!
Ногой менен Нойгуттун
Ачып коём арасын.
Ойлоп көрсүн чамасын!
Деп, ошентип Чынкожо
Эртиш менен Токону
Семетейге жөнөтүп,
Кутуп келген жери ошол.

**Кайнардагы калаасы** – город в Кайнаре
**талап аламын** – ограблю

*Чынкожо Семетейдин Тайбуурул атын алыш үчүн эмне кылууга даяр?*

**Суру кетип**, суу кечип,
Арадан нече күн өтүп,
Эртиш менен эр Токо
Жетип барды Кең-Колго
Чубактын уулу Канчоро,
Алмамбеттин Күлчоро
Эртиш менен Токону
**Көрөр замат** таанышты.
«Аман аке, койгун!» деп,
Токтотушту, наалышты.
Эртиш менен Токону
Ат үстүнөн алышып,
Алдына төшөк салышты.

**суру кетип** – испугался
**көрөр замат** – как увидели

*Чынкожонун жиберген кишилерин Семетейдин чоролору кандай тосуп алышты?*

Күлчоро эми кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
– Эртиш, Токо – эки ага,
**Эсен-аман** болдуңбу,
**Эрикпей** аман жүрдүңбү?
Эстегенде келдиңби?
Аксыдан көчкөн көп нойгут,
**Тууган** аман жатабы?
Шыгайдын уулу Чынкожо –
Буудан аман жатабы?
Жалпы нойгут саламат,
Элиң аман жатабы?
Шыгайдын уулу Чынкожо –
Бегиң аман жатабы?
Деп ошентип, Күлчоро
**Элчилерге кеп берди.**

**эсен-аман** – живы и здоровы
**эрикпей** – не скучая
**кеп берди** – дал слово



*Күлчоро келген элчилерге кандай мамиле кылып жатат?*

Чынкожодон **элчиге**
Чындап келген эр Токо
Мына мындай **кеп** салды:
– Таластагы тууганга,
Барып кел деп жиберди.
Сүйлөшүп сөзгө абыдан,
Канып кел деп жиберди.
Семетей берсе, Буурулду
Алып кел деп жиберди.
Туугандыкка келбесе,
Тайбуурулду Семетей
Эрки менен бербесе,
**Кайнардагы калаасын**
**Талап** туруп **алабыз.**
**Каяша кылган калчадай,**
Сабап туруп алабыз.
Көнбөсөңөр чоролор,
Чынкожонун **калың кол**
Кең Таластан табасың!
Байкагыла чоролор,
Шыгайдын **көркоо** баласын!..
Деп, ошентип, эр Токо
Айтып сөзүн билгизди.
Өкүмдүгүн, эрдигин,
Экөөнө тең тийгизди.
Күч көрсөткөн жеринде
Күлчорону күйгүздү.
Канчоро менен Күлчоро
Ачуусу келип арбайып,
«Айткан сөзү кандай» – деп,
Ант ичкендей саргайып.
Күлчоро туруп **кеп** айтты,
Ачуусу келип чунагың,
Аянбастан бек айтты:
– Буурулду бергин – дегениң,
Бууданың өлсүн – дегениң!
Асырап сактап өстүргөн
**Тууганың** өлсүн – дегениң!
**Ээрчишип** келген эки кул,
Эми эле билдим чыныңды.
Билбепмин сенин сырыңды.
Башыңды чагып талкалап,
Басайын сенин чырыңды!

**каяша кылган калча** – сопротивляющийся страж
**көркоо** – шакал; вурдалак; кровожадный



3-83

www.bizdin.kg

*Тайбуурул ат канчалык барктуу экенин Күлчоронун кайсы сөздөрүнөн билдик?*

Деп ошентип калганда,
Токону кудай каргады.
Кончундагы **нар кескен**
Азыр мууздап ийчүүдөй,
Канчорону кармады.
Андай эмес, мындай деп,
Канчоро менен Күлчоро
Эртиш менен Токону
***Тепкилекке алышып,***
Өлбөгөндөй кылышып,
Өлөрдө сөзду угузуп:
Куйканды тилип **мурч салам**!
***Куйругуң тилип туз салам***!
***Далыңды тилип чок салып,***
Таманың тилип ок салам! –

**нар кескен** – хорошая сабля, булатный меч
***тепкилекке алышып*** – наделяя пинками
**куйка** – кожа головы; **мурч салам** – поперчу
***куйругуң тилип туз салам*** – курдюк разрежу, посолю
***далыңды тилип чок салып*** – попатки разрежу, угли горящие положу

*Чоролор элчилерге мамилесин эмне үчүн өзгөртүштү?*

Деп ошентип Күлчоро
Чынкожо бегиң көрсүн деп,
Тамга салды бетине.
Каршы-терши чаптырып,
Көк ала салды этине.
«Айта баргын»,– деп айтты,
Эр Чынкожо тил алса,
Келип жүрсүн эсине!..

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**колукту** – невеста (9-кл., 26-б. **«Семетей» эпосунун кыскача мазмуну»**: Айчүрөк экөө жолугушуп, бири-бирин сүйүп калышат. Кудалашып, **колуктусу** Айчүрөккө үйлөнөт.)

**тууган** – родственник (8-кл., 71-б. **«Устанын аялынын кошогунан»**:
Туйгунум – устам барында,
**Тууганы** нанга кенелген.
8-кл., 76-б. **«Төркүнүнө жетпеген кыздын арманынан»**:
Кайрылаарым **бир тууган**,
Аман-эсен бар бекен?)

**элчи** – посол; (5-кл., 16-б. **«Бала өзүнүн шаарын кантип сактап калды»**: Шаардын багынгандыгын сурап келүү үчүн Алекеге **элчи** жиберүүнү кеңешмек болушту. Салт боюнча **элчиликке** жашы улуу, кадырлуу кишини жиберүү керек эле.)

**калың кол** – многочисленное войско (7-кл., 90-б.«Эр Табылды» эпосу жөнүндө тексттен: Күндөрдүн биринде көл башындагы Чалкалмак деген баатыр **он миң колу менен** Табылдынын айылына жакындап келет.)



**Тапшырмалар:**

1. Суроолорго жооп бергиле:
Тайбуурул атты Чынкожо эмне үчүн алгысы келди, кандай деп ойлойсуңар?
Семетейдин достору Канчоро менен Күлчоро Эртиш менен Токону алгач кандай тосуп алышты? Кийин эмне үчүн ачууланышты?
Асырап баккан Тайбуурул аты Семетей баатыр үчүн канчалык барктуу ат экен?
2. Макалдарды окугула, маанисин түшүндүргүлө.
1) Ат – адамдын канаты.
2) Атың барда жер тааны,
Атаң барда эл тааны.
3) Ат сыйлаган жөө баспайт.
4) Күлүк ат чапкан сайын арбытат.
3. «Чынкожонун Семетейден ат сураткани» бөлүмүнөн үзүндү жаттагыла.

## ЧЫНКОЖО, ТОЛТОЙДУН ЗОРДУГУ, ЧҮРӨКТҮН УЧУШУ

Элчилери барган соң,
**Аттан көөнү калган соң,**
Акун канга бармакка,
**Кызын тартып алмакка,**
Кан Шыгайдын Чынкожо –
Кадимки баатыр тың Кожо
Жедигердин Толтойго
Чакырып кеңеш салды ошо.
***Ат көкүлүн сүйүшүп,***
***Ат куйругун түйүшүп,***
Чабышарга балбанды,
***Жаза жаппас мыктууну,***
***Жоого тиер ыктууну,***
***Алга салып*** Чынкожо,
***Тууну берип*** Толтойго,
Акун кандын шаарына
**Чабуулду коюп калды эми.**

(**зордук** – насилие, принуждение)
**аттан көөнү калган соң** – убедившись, что не получит коня
**кызын тартып алмакка** – чтобы захватить дочь
***ат көкүлүн сүйүшүп*** – выбрав красивого коня
***ат куйругун түйүшүп*** – ополчившись друг на друга
***жаза жаппас мыктуу*** – тот, кто не промахивается
***жоого тиер ыктуу*** – кто умело нападает врагу
***алдыга салып*** – ведя впереди себя
***тууну берип*** – вручив флаг
**чабуул** – атака; **чабуулду коюп калды эми** – напал

*Чынкожо менен Толтой эмне максат менен Акун канга кол салышты?*

Ат ойнотуп турушуп,
Акун кандын аскери
Астынан торгоп урушуп
Карагай найза кагышып,
Как жүрөккө малышып,
Тоо түбүндө турушуп,
Тоону кандап урушуп,
Коо түбүндө турушуп,

www.bizdin.kg

Коону кандап урушуп,
Айбалта тийип чекеге,
Алда канча жигиттер
Өлүп жатты жекеде.

*Аскерлер кантип согушуп жатышат?*

Акун кандын Айчүрөк
Ошондо туруп кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
– Олжого түшүп барганча,
Олжо катын болгончо,
Минтип кордук көргөнчө.
Эр Семетей баатырды
Издеп кетем өлгөнчө.
Абыдан баатыр эр болсо,
Чыкырып алып келейин.
Зордук кылган Толтойдун
**Маани-жайын көрөйүн.**
Чынкожого чын эле
Кантип тирүү барайын?!
Семетей анык эр болсо,
Ээрчитип келип Толтойдон
Чындап өчүм алайын!



**маани-жайын көрөйүн** – посмотрим на их силу

*Айчүрөк Семетейди өзү издеп барса туурабы?*

Деп ошентип Айчүрөк,
Акылы жандан табылып,
**Ак куу кебин жамынып,**
Канатын күнгө каккылап,
Куйругун кумга чапкылап,
Ак куурай башын сыдырып,
Ай ааламды кыдырып,
Кең Талас өңдүү жер таппай,
Семетей өңдүү эр таппай,
Алыска кетип адашып,
Айланып жүрдү эл таппай.
Акырында Айчүрөк
Ала-Тоо башын айланып,
Ар жагы менен учту дейт.
Алмалуу-Булак, Шумкар-Таш
Алып учуп түштү дейт.



**ак куу кебин жамынып** – превратившись в лебедя

*Айчүрөк Семетейди кантип издеди?*

Төрт-Күлдүн төмөн жагында,
Баатырдын тиккен багында,



Кайнардын кара көзүндө,
Как Чынардын өзүндө
Он эки канат ордосун
**Окчун тигип салыптыр,**
Кермесине ат толуп,
Журт казандап калыптыр.
Мандай жагы боз секи,
**Боз секи**ге Айчүрөк
Жетип барып конду дейт.
**Ак куу кебин чечинип,**
Анык адам болду дейт.

**окчун тигип салыптыр** – он поставил отдельно

**боз секи** – плоский выступ в предгорьях

**ак куу кебин чечинип** – превратившись из лебедя в человека

*Колуктусу Семетейди таптыбы?*

**Тапшырмалар:**

1. Үзүндүнү көркөм окугула.
2. Манасчылардын ыгына салып айтып көргүлө.
3. Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин, антонимдерин таап, дептериңерге жазып алгыла: *мыктуу, алга, туу, шаар, чабуул, адашып, ээрчитип, анык эр.*
4. Төмөнкү сөздөрдүн омонимдерин таап, дептериңерге жазып алгыла: *бак, ат, как, куу, ак, боз, анык, кара, коо.*

## ЧЫНКОЖО, ТОЛТОЙДУН ЖЕҢИЛИШИ

Шыгайдын уулу Чынкожо
Асман менен **закымдап,**
«Семетейди **сойдум**» деп,
Жетип келди жакындап.
Жедигердин эр Толтой
Жерде туруп чакырат,
-Жакын келбе, досум! – деп,
Жерди жарып бакырат.
Алыстан туруп атышкын!
Кара канга батышкын!
**Жыйгын Кожо эсиңди**
**Кылба**гын досум **кесирди!**
Семетей азыр өлгөн жок,
Унутпа өлчү кезиңди!

**закымдап** – мираж, лёгкое движение воздуха

**сойду** – зарезал

**жыйгын Кожо эсиңди** – опомнись Кожо

**кесир кылба** – не пренебрегай своим отношением к Семетею

*Толтой Чынкожо досуна кандай кеңеш берип жатат?*

Сулөөсүн ичик, кундуз бөрк
Көөлгүп жүргөн Чынкожо,
Кайратына мактанып,
**Кайраты кабат** тың Кожо
Эңкейе түшүп бек карап,

**кайраты кабат** – полон решимости

www.bizdin.kg

«**Жайладым кулду**», – деп карап,
Жана мылтык атарда,
Жакындап кайра тартарда,
Камынып жаткан Күлчоро
***Кар жиликтин түбү деп,***
***Канаттын анык мүрү деп,***
***Өлчөлүү жердин тушу деп,***
***Өлөр жери ушу деп,***
Бала Күлүс шашпады,
**Кароолуна кабылтып,**
***Машаа**ны **басып таштады,***
Оң жилигин сыя атып,
Оң канатын кыя атып,
Чынкожону башка атты.

**жайладым кулду** – убил раба
***кар жиликтин түбү деп*** – выбрал лучевую кость
***канаттын анык мүрү деп*** – выбрал плечо
***өлчөлүү жердин тушу деп*** – точно намеченное место
***өлөр жери ушу деп*** – считая это слабым местом
**кароолуна кабылтып** – взял на мушку
***машаа**ны **басып таштады*** – нажал на курок

*Чынкожону ким жеңди?*

Карап турган Толтойду,
Кансыратып какшатты.
Жедигердин эр Толтой
Бура тартып бууданын,
Каарданып бакырып,
Арбактарды чакырып,
Үйдөй болгон эр Толтой
Найзасын сунуп жиберип,
«Жеке! Жеке! Жеке!» деп,
«Баатырга баатыр тете!» деп,
Желигип сала бергенде,
Как жүрөктүн тушу деп,
Өлөр жериң ушу деп,
Эр Семетей бек сайды,
«Жедим кулду» деп сайды.



*Толтойду ким жеңди?*

Эси чыгып келген кул,
Далай кордук көргөн кул,
Бир сайганда кыйшайып,
Ээрден көчүк кылтайып,
Тоо жыгылган эмедей,
Жедигердин эр Толтой
**Суркоён**дон кулады,
Үйлөп койгон чаначтай,
Үнгө келбей сулады.

**Суркоён** – кличка коня Толтоя

*Семетей душмандары Чынкожо, Толтойго каршы күрөшүн аяктадыбы?*



**Тапшырмалар:**

1. Чынкожо, Толтойдун чатагы жөнүндө айтып бергиле. Чынкожо жана Толтойго **мүнөздөмө бер**гиле.
2. Чынкожо менен Толтойдун образын Венндин диаграммасы боюнча салыштыргыла. Ал үчүн төмөнкү суроолорго жооп бергиле: Чынкожо ким болгон? Анын өз тууганы Семетейге кылган мамилесин кандай баалайсыңар? «Өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман» деген элдик макалдын маанисин чечмелеп бергиле. Толтой ким? Анын Чынкожонун тилине кирип, Семетейге каршы урушка чыккан жоругун кандай түшүнөсүңөр?
3. Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин, антонимдерин таап, дептериңерге жазып алгыла: *кереэз, мурас, чатак, кордук, бийлик, тууган, уруш, тынчтык, эрки бош, мыкты.*
4. Семетейди издеп жөнөгөндөгү Айчүрөктүн колдонгон **айла-амал**ын төмөнкү ыр саптарындагы сөздөрдү колдонуу аркылуу баяндап бергиле: Ак куу кебин жамынып, Канатын күнгө каккылап, Куйругун кумга чапкылап, Ак куурай башын сыдырып, Ай-ааламды кыдырып.

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**Айла-амал** – уловки (7-кл., 36-б. «Кемчонтой» поэмасынан:
Анда Багдагүл:
– Эрим болсоң, атың ким?
Атыңды айткын билейин.
Кокус эрим болбосоң,
Кайдан туруп жөнөйүн – деп акыркы **айла-амалын** колдонот.)

## «СЕЙТЕК» – «МАНАСТЫН» ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМҮ

«Манас» эпосунун үчүнчү бөлүгү Сейтекке арналган. «Сейтек» – «Манас» үчилтигин **жыйынтыктаган корутунду** бөлүм. С. Каралаевдин айтуусу боюнча 1960-жылы 20750 сап ырдан турган, 1991-жылы 32634 сап ырдан турган «Сейтектин» варианты жарык көргөн. «Сейтек» окуяларынын кызыктуулугу, көркөмдүгү (художественность) жана чыгарманын композициялык **курулушу жагынан** «Манас» менен «Семетейден» төмөн турат.

«Сейтек» жомокчулар тарабынан «Манас» менен «Семетейдей» атайылап **угуучу**ларга кеңири аткарылган эмес. Анын себеби «Сейтек» мезгили жагынан өзүнөн мурдагы эки эпоско караганда, кийинчерээк чыккан жана ал таланттуу жомокчулардын **чыгармачылык иштеп чыгуулар**ынан өткөн эмес.

Ошону менен бирге «Сейтек» өзүнчө белгилүү салттык сюжетке ээ болгон көп варианттуу жана **толук кандуу** чыгарма.

**жыйынтыктаган** – обобщающий
**корутунду** – заключительный
**курулушу жагынан** – по строению
**угуучу** – слушатель
**чыгармачылык иштеп чыгуулар** – творческая обработка
**толук кандуу** – полноценный

www.bizdin.kg

«Сейтек» эпосундагы негизги идея – ич ара келишпеген (не ладящие между собой) кыргыз урууларынын башын кошуу (объединение), кыргыз элинин **көз каранды эместигин** ***четтен кол салуучу душман***дардан сактоо, атасы Семетейдин кунун куун, Канчоро менен Кыяздан **өч алуу**.

***четтен кол салуучу душман*** – враг, нападавший со стороны

Сейтек чоңойсо, элдин биримдигин бузган кара ниет чыккынчылардан **өч алып**, кыргыздын **чачылган** уруулары **кайрадан** бир жерге **баш кошуп**, кыргыз эли **Манас баатырдын тушундагы** деңгээлге келет деген үмүт эпостун башынан аягына чейин көрүнөт.

**кайрадан баш кошуп** – снова объединившись

Бул идея эпосто Бакайдын, Сейтектин чоң энеси Каныкейдин, агалары Күлчоро, Карадөөнүн жана энеси Айчүрөктүн аракеттеринен билинет. Сейтектин» сюжетинин өнүгүшүнө Каныкей, Бакайдын образы, Семетей, Айчүрөк, Күлчоронун образдары маанилүү роль ойнойт.

«Сейтек» эпосу – байыркы кыргыздардын башынан кечирген тарыхый-социалдык турмушу, бактылуу келечек жана элдин биримдиги үчүн патриоттук күрөштөрү жөнүндө эпикалык бөлүм. «Сейтек» эпосу «Манас» эпосунун масштабын кеңитип, арымын арттырып (увеличивая размах), жалпы чыгарманын үчилтик абалына жеткирип, «Манас» эпосунун идеялык-көркөмдүк тутумун (структура) жаңылап, толуктап, тереңдетип турат.

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**көз каранды эместик** – независимость (9-кл., 22-б. **«Манастын» идеялык мазмуну:** Чыгарма элдин душманга **көз каранды болбостугу** үчүн Манас, Алмамбет, Чубак өңдүү баатырлар, Бакай, Кошойдой адилет акылмандар болуу керектигин далилдейт.)

**өч алуу** – отомстить (7-кл., 16-б. **«Кожожаштын Суречкиге ант бергени»:** Суречки мергенден «Алабашты тирүү калтыр»,– деп суранат. Кожожаш ага макул болбой, Алабаштын башын кесип алат. Ошондо Суречки мергендин айылына жазында келип, **өч алмакчы** болуп, ант берет.

8-кл., 7-б., **«Курманбек» эпосунун негизги темасы, идеясы, варианттары»:** Курманбек бала кезинен балбан чыгып, он эки жашка келгенде, кыргыз-кыпчак элинен кырк жигит курап, калмактардан кыргыз, кыпчактардын **өчүн**, кеткен кегин **аламын** деп, жоого аттанат.

8-кл., 10-б. **«Курманбек». Эпостогу каармандардын образдары:**
Аккан – адамгерчиликтүү жолдош, мээримдүү дос. Курманбек өлгөндөн кийин да анын **өчүн алып**, баласы Сейитбекти тарбиялайт.)

**Манас баатырдын тушунда** – во времена Манас баатыра (6-кл., 36-б. **«Кошой коргон» уламышы:** Илгери **Манас баатырдын тушунда** кадимки катаган уруусунун ханы Кошой балбан салдырган экен.)

**чабылган, чачылган** – будучи разгромленным, рассеяться
(7-кл., 8-б. **«Манас» эпосунун идеялык мазмуну»:** Эпостогу негизги идея – Ата-Мекен үчүн күрөш. Мурда **чабылып-чачылган уруулардын** башын кошуп, уруунун эркиндиги, тынчтыгы үчүн, душмандарга өз кезегинде сокку уруу.)



## Сейтектин образы

Сейтек – «Манас» эпосунун үчүнчү бөлүмүнүн башкы каарманы, Манастын небереси. Сейтек да мурунку муундагы баатырлардай эле элдин башына кыйынчылык түшүп турганда төрөлөт. Ал атасынын **кас душманы** Кыяздын сарайында болочок баатырга тиешелүү **кара жалы менен**, колуна кан **чеңгелдеп, аягы менен тик** түшөт. Ошондо күндүр-түндүр түн түшүп, жер **айрылып**, тоо кулап, журт **чуркурап**, жаратылыш **кубулат**. Эки күндө эне деп, алты күндө ата деп өтө тез чоңоёт. Сейтектин төрөлүшү душмандарга аябаган чоң **коркунуч** туудурат. Эли, туугандары Сейтектин эр жетишин чыдамсыздык менен күтүшөт. Ага Күлчоро атасы Семетей жөнүндө айтып берет. 12 жашка толгондо чыныгы баатыр катары жетилет. Ички душмандардын бетин ачып, Карагулга кул болуп жүргөн Күлчорону бошотот. Күлчоронун, Айчүрөктүн жардамы менен Кыясты жок кылат. Таластын кабарын угуп, ата-журтту сүйүү сезими ойгонот: «Кетем Талас жериме, баргым келет батыраак, калың кыргыз элиме»,– деп жөнөйт. Сейтек элине келгенде адам түгүл жан-жаратылыш **солкулдап** (дрожа, тресясь), кубанычтын жашын төгөт, атасынан калган Тайбуурул алдынан тосуп чыгат.

**кас душман** – злоумышляющий враг
**кара жалы менен**– черногривый
**чеңгелдеп** – хватая
**аягы менен тик** – ногой прямо вниз
**айрылып** – разбившись, треснув
**чуркурап** – крича
**кубулат** – меняется
**коркунуч** – страх

Сейтек атасы Семетей сыяктуу атасынын ишин улаган баатыр болуп чыгат. Ал Сарыбай дөө менен жекеме-жеке сайышканда:

**Кара чаар кабылан,**
Капталында **чамынып,**
**Чолок** көк жал арстан
Туурасында **камынып,**
Эл алдында **сур** жолборс,
Калкымда мындай жан болбос,

Кошо согуш кылды эле,– деп, колдоочулары (дух-покровитель) менен бирге сүрөттөлөт. Манастын курал-жарагы Сейтекке мурас катары өтөт. «Ак калпак кыргыз уулуна арка болор Сейтек бар» болуп, Сейтек баатырдын учурунда Манас, Семетей баатырлардын тушундагыдай эле эл жыргап-куунап жашап калышат.

**кара чаар кабылан**– черно-чубарый леопард
**чамынып** – взрывая землю ногами
**чолок** – куцый, кургузый (с обрезанным хвостом)
**камынып** – принимая меры предосторожности
**сур** – мрачный

Сейтектин образы – жетим-жесирге боорукер, кедей-кембагалга кайрымдуу, адилеттүү башкаруучунун образы. Сейтектин образы

www.bizdin.kg

аркылуу ата-бабанын ишин улап, эл-жерин сактоодогу патриоттук сезим көркөм сүрөттөлгөн.

**Тапшырмалар:**

1. Суроолорго жооп бергиле:
   «Сейтек» эпосунун **негизги идеясы** эмне?
   «Манас» үчилтигинин «Сейтек» бөлүгү эмне себептен угуучуларга кеңири таралган эмес?
2. Сейтек айкөл Манастын, атасы эр Семетейдин негизги иштерин улантып кете алчу баатыр экенин далилдеп сүйлөп бергиле.
3. Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин, антонимдерин таап, дептериңерге жазгыла: *баатыр, көк жал, көз каранды, уруу, уул, мурас, кас, согуш, ата-баба, башкаруучу, колдоочу, улантуучу.*

## САРЫБАЙ ДӨӨ МЕНЕН БОЛГОН СОГУШ

Сарыбай Желмогуз уулу – «Сейтек» эпосундагы тышкы жоо, фантастикалык **кейипкер**. Сейтек баатырдын Сарыбай **дөө** менен согушу Саякбай Каралаевдин, Жакшылык Сарык уулунун, Шапак Рысмендеевдин айтуусунда окуянын мүнөзү, максаты бирдей болгону менен, Сарыбайдын аты ар башкача айтылат. Илгери Сарыбайдын атасы Желмогуз Карлыгач деген кызы түшкөн айылды чапканда (напал), жети күндүк согушта Манастын колунан өлгөн экен. Сарыбай Манастын тукумуна каршы (против потомства) чыгып, жок кылууну көздөп жүрөт (намеревается).

Карадөө менен Бозбала кийик уулап жүрүп, Желмогуз уулу Сарыбай деген дөөнүн уктап жаткан жеринде, **үстүнөн чыгышат**. Карадөө «Манас» деп **ураан** чакырып, Сарыбайды найза менен сайса, **найза**сы **быркырап** кетет. Ал жерде Карадөө Сарыбайдан каза табат. Карадөөнүн өлгөнүн Бозбаладан угуп, Сейтек, Күлчоро **кол курап** барып, Сарыбай менен бир нече күн урушуп, аны жеңе алышпайт. Күлчоро мурдагыдай күчкө кире элек, Сейтек али жаш болот.

**үстүнөн чыгышат** – обнаружили
**ураан** – призыв, клич
**быркырап** – ломается в дребезги
**кол курап** – собрав войско

Күлчоро Сарыбайдан отуз күндүк мөөнөт сурайт, согушту убактылуу токтотот. Айчүрөк **ак куу кебин кийип**, Сарыбайды жеңе турган шер издеп, бир кезде достошкон курбусу, Кайыпчалдын Куялы деген **балбан** кызын табат.

Куялынын образы чыгармага баштан-аяк катышпаганы (не участвует) менен, эпикалык монументтүүлүккө жеткире сүрөттөлөт. Баатыр кыз Куялынын образы – эпостун идеялык мазмунуна чоң таасир тийгизген образ. Куялы кырк жигиттен **кошчу** алып, кырк балбаны жол чалып жерин коруп жүргөн **алп** кыз. Анын атасы Кайыпчал кудайдан бала сурап жүрүп, Куялы деген кызды тапкан экен. Кызы алтыга чыкканда атасы баатырларча ат коюп, чоң той берет. Жетиге чыкканда Куялы «кан шимирип катыгып, кыз арстан атыгып», он үчкө чыкканда атасы өлөт. Ошондо Сарыбай кол жыйнап келип чаба турган болгондо Сарыбайдын колун кырып, өзүн качырып жиберет (упустит). Биротоло жоготуш үчүн Куялы ошондон бери Сарыбайды издеп таппай келет.

Эми Сарыбайга каршы Күлчоро менен Сейтекти жанына алып, аттанып чыгат. Куялы чачын төбөсүнө ороп түйүп, башына көк темир **туулга** кийип, Желжетпес тулпарын минип, Сарыбайга жекеге чыгат.

Отуз күн мөөнөт бүтүп, баатырлардын кармашы кайрадан башталат. Сейтек Куялы экөө Сарыбай дөө менен алмак-салмак кармашып, акыры ачууланган Куялы Сарыбайдын боорун жара саят (пронзит). Сейтек менен Куялынын баатырдыгы аркасында эл Сарыбайды жеңет да, жыргап жатып калат. Чоң той өткөрүлөт. Жарды-жалчыга (бедным) казына чачылып, Сейтек элге кан шайланат.

**Жаңы сөздөр:**
**кейипкер** – персонаж, литературный тип
**туулга** – шлем, каска
**алмак-салмак** – поочерёдно

**Тапшырмалар:**

1. Төмөнкү сөздөргө көңүл бургула, мындай сөздөр эмне деп аталат:
   **кошчу** – сопровождающий в пути. Куялы кырк жигиттен **кошчу** алып, кырк балбаны жол чалып жерин коруп жүргөн алп кыз.
   **кошчу** – пахарь (7-кл., 67-б. **Ч. Айтматовдун «Эрте келген турналар» повестинен:** Ал айдоонун тигил учун кайрып, тоого бет алып барат, улам-улам **кошчу**ларды карап коёт.)
2. Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин, антонимдерин таап, дептериңерге жазгыла: *алп, тулпар, кейипкер, жеңет, кол, кыз, дөө, жок кылуу.*

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**дөө** – див, сказочный исполин, великан (9-кл., 16-б. «Кошой **дөө** менен Жолой дөөнүн күрөшү»)
**найза, айза** – копьё, пика (7-кл., 114-б. **«Эр Табылды» эпосунан:**

Алма баш асып жонуна,
**Сыр найза** алып колуна,
Суу ичинде сайсам деп,
Сулатып жыгып салсам деп.

8-кл., 88-б. **«Манастын Таласка көчүп келиши»:**

Ак болотко **айза**ны
Аштай чыгып дөө болуп,
Кырк үйлүү, кыргыз аз элге
Кабылан Манас ээ болуп.

8-кл. 94-б. **«Каныкейдин жомогу»:** Каныкей аргасыздан: «Кечээ атаң Манас Бээжинге барып, Алмамбет, Чубактан, айрылып Конурбайдан **найза** жеп, Таласка келип өлдү. Отуз эки жашымда жесир калдым. Атаңдын керээзи боюнча, сени алты арамдан ала качып, мында келгенмин. Эми Таласка баргын» – дейт.)

www.bizdin.kg

**ак куу кебин кийип** – превратившись в лебедя (9-кл. 36-б. **«Чынкожо, Толтойдун зордугу, Чүрөктүн учушу»:**
**Ак куу кебин** чечинип,
Анык адам болду дейт.)

**балбан** – силач (6-кл., 36-б. **«Кошой коргон» уламышы:** Илгери Манас баатырдын тушунда кадимки катаган уруусунун ханы Кошой **балбан** салдырган экен.
8-кл.,91-б. **«Каныкейдин Тайторуну чаптырышы»:** Темиркан той берип, Семетейди кан көтөрөт. Тойдогу күрөштө Семетей Төө **балбандын** колун сууруп өлтүрөт.
8-кл., 94-б. **«Каныкейдин жомогу»:** Семетейдин **балбандыгын** көргөн кандар аны чоңойтпой жаштайында өлтүрүүнү ойлойт.)

**алп** – великан, богатырь (9-кл.,22-б. **«Манастын» идеялык мазмуну:** Алтайдан кыргыздарды көчүрүп келип, Ала-Тоону душмандардан бошотуп, бүт элди бириктирүүдө Манас баатыр өзүнүн жанындагы акылман Бакайга, **алп** Кошойго ишенет.)

## САРЫБАЙ ДӨӨ

Сарыбай жайы ушундай
***Айза жарак аштаптыр,***
***Капырыңдын каарынан***
**Асты катуу кара жер**
Аңтарылып буй болуп,
Кулап кете таштаптыр.
Кабарынан кеп угуп,
**Калың колун** Күлчоро
Кырып салды деп угуп,
Уйкудан туруп ойгонуп,
Жан тартчудай толгонуп,

***айза жарак аштаптыр*** – насодить наконечник копья на древко
***капырыңдын каарынан*** – от гнева нечестивца

*Сарыбай эмне үчүн каарданды?*

Сарыбай түрүн сурасаң
***Өңү өрттөнгөн көмүрдөй,***
Мурунy ***тоонун сеңирдей,***
Көзү көпкөк темирдей,
***Кабагы*** терең ***быткылдай,***
Кармаша калган карасын,
Кез болгондун баарысын
Кабылганды соргондой,
Сакал, башы капырдын
**Сарапты** тешип өткөндөй.

***өңү өрттөнгөн көмүрдөй*** – как выгоревший уголь
***тоонун сеңирдей*** – как гребень горы, покрытый травой
**кабагы** – веко; **быткылдай** – небольшая впадина
**сарап** – строительная балка

*Сарыбайдын өңү-башы кандай экен?*

Салмагы бөлөк, заары күч
**Салышса түпкө жеткендей,**
Сандап **түмөн кол** келсе
**Түпкө түптүз жеткендей,**
**Айбаттанса** кутургур

**айбаттанса** – ярость



Ак моңгу кечип кеткендей.
Кызыл жайнап от чыкса,
Жер бузулуп, тоо болсо,
Журт бүлүнгөн чуу болсо
Кыймылдабай, былк этпей
**Туу түбүнө тургандай,**
Ажал жакын арбайса
Азыр боюн ургудай,
Жан соруучу жалаңгыч
Жакындап карап турса да
Бир балааны кылгыдай,
Сарыбай жайы ушундай.



*Сарыбайдын келбети эмнеси менен эсте калаарлык?*

**Тапшырмалар:**

1. «Сарыбай дөө менен болгон согуш» деген текстти окуп, сүйлөп бергиле. Ал үчүн төмөнкү суроолорго жооп бергиле:
Сарыбай ким болгон? Манастын тукумуна каршы болушунун себеби эмнеде экен? Эмне үчүн Күлчоро, Сейтектер Сарыбай менен көп күн согушуп, жеңе албайт, кандай деп ойлойсуңар?Куялынын образы кандай сүрөттөлөт? Баатырлар жеңе албаган Сарыбайды Куялы кыз кантип жеңет? Мындай баатыр кыздардан дагы кимдерди атай аласыңар?
2. «Сарыбай дөө» деген үзүндүдө Сарыбай дөөнүн өңү-башы кандай сүрөттөлүп жатат?
3. Төмөнкү көркөм салыштыруулардын колдонулушун салыштыргыла: **«сеңирдей»**

Манас баатырдын келбетинде – Астыңкы ээрди албайып,
Үстүңкү ээрди далбайып,
Ал муруту ***сеңирдей***
***Айбаты*** албарс темирдей

(***сеңир*** – покрытый травой высокий гребень горы)

Сарыбай дөөнүн келбетинде – ***Өңү өрттөнгөн көмүрдөй,***
Мурунy ***тоонун сеңирдей,***
Көзү көпкөк темирдей,
***Кабагы*** терең ***быткылдай.***

(***тоонун сеңирдей*** – как гребень горы, покрытый травой)

4. Сарыбай дөөнү сүрөттөөдө колдонулган төмөнкү сөз айкаштары бири-бирине синоним болорун далилдегиле, текстке таянып иштегиле:
   1) ***асты катуу кара жер*** – твёрдая земля
   ***алды калың кара жер*** (7-кл., 12- б. **«Манас баатырдын келбети»:**
   Алды калың кара жер
   ***Жердигинен*** түткөндөй)
   2) **калың кол**
   **түмөн кол**
   3) **Салышса түпкө жеткендей** – при сражении дойдет до конца, до основания
   **Түпкө түптүз жеткендей** – как будто до дна ровно достанет
   **Туу түбүнө тургандай** – словно стоит на самом основании
5. «Сейтек» эпосунан үзүндү жаттагыла.

www.bizdin.kg



**Аллитерация** (лат. «кайталоо» деген мааниде) – көркөм чыгармадагы окшош үнсүз тыбыштардын кайталанып келиши. Аллитерация кубулушу поэзияда арбын кездешет.

Кирпичинди ким биринчи койду экен,
Койгон кезде кандай сырдуу ойдо экен.
*(А. Токомбаев)*

Келтирилген саптардагы «к» тыбышы аллитерацияны түзүп турат. Аллитерация проза, драма чыгармаларында да кездешет. Аллитерация максатсыз кайталоо эмес, поэтикалык зарылдык.

**Ассонанс** (франц. «үндөштүк») – айрыкча поэзияда, ошондой эле башка тектеги чыгармалардагы үндүү тыбыштардын үндөштүгү. Үндүү тыбыштардын ыр жолдорунун башында жана бүтүндөй саптарда болушу ыктымал.

Азамат болсоң тим жатпай,
Атчан жатып кубала.
Айтышкан сөздү унутпа,
Антыбыз бар го убада.
*(«Ак Мөөр»).*



# ОРТО КЫЛЫМДЫН ЖАЗМА МУРАСТАРЫНАН

## ЖУСУП БАЛАСАГЫН
## (1015–1070)



Жусуп Баласагын – **дүйнөлүк руханий маданияттын ири өкүлдөрүнүн бири** (один из крупных представителей мировой духовной культуры).

Жусуп Баласагын азыркы Токмок шаарынын үстү жагындагы Баласагын шаарында туулган. Баласагын шаары өз учурунда акындардын, окумуштуулардын, кол өнөрчүлөрдүн (ремесленники) шаары болгон. Азыр ал жерде Бурана эстелиги турат. Ал болжол менен 1015–1016-жылдары туулган.

Жусуп Баласагын өзү жашаган доордун (эпоха) **даанышманы**, түрк элдеринин акыны, ойчул жана мамлекеттик ишмер (государственный деятель) болгон. 1069–1070-жылдары жараткан «Кут алчу билим (счастливое знание)» аттуу **эмгеги** Баласагындын атагын (известность) бүт дүйнөгө тааныткан. 13000 саптан турган бул чыгарманы эски түрк тилинде, 1069–1070-жылдары 18 айдын ичинде жазган. Бул дастан акылмандыкка (мудрость) жол көрсөтөт, адамды, табиятты сыйлоого чакырат. Бул **эмгегинде** акын **терең философиялык ойлорду батырган**. Асман менен Жердин байланышын, **жаратылыш кубулуштарын**, астрономиялык байкоолорду, жылдыздардын аталышын ж.б. нерселерди ыр аркылуу берген. Чыгарма эң жөнөкөй **адам мамилелери**нен бери камтыйт.

Конокко чакыруу менен конокко кандай баруудан баштап, ***аскер башкаруучу жана эл башкаруучу кандай болушу керек***тигин, жаш кезде кандай, карыганда кандай тамак ичүүдөн баштап, баланы турмуш курууга (строить жизнь) кандай тарбиялаш керектигин айтат.

Дарыгер менен, соодагер менен ***кандай мамиле түзүүнү насаат катары көрсөтөт***. Байлык деген эмне, тил деген эмне жана башка маанилүү нерселерге көңүл бурат. Анын бул эмгеги азыр да өз баркын жоготпой, окурмандар эңсеген эмгектердин катарына кирет.

«Кут алчу билим» дастаны кыргыз, немис, түрк, орус, өзбек, уйгур, англис тилдерине которулган.

**эмгегинде терең философиялык ойлорду батырган** – в этом труде поместил глубокие философские мысли
**жаратылыш кубулуштары** – природные явления
**адам мамилелери** – человеческие отношения

www.bizdin.kg

***аскер башкаруучу жана эл башкаруучу кандай болушу керек*** – каким должен быть военачальник и каким должен быть правитель
***кандай мамиле түзүүнү насаат катары көрсөтөт*** – показывает в виде назидания, как строить отношения

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**даанышман** – мудрый, мудрец (9-кл., 18-б. **Манастын образы:** Ошол үчүн эл андан келечектеги коргоочуну, чабылган кыргыздарды чогултуучу азаматты күтөт, «айкөл, көк жал, **даанышман**, эр Манас» деп атайт. 9-кл., 20-б. **Каныкейдин образы:** Алдын-ала көрө билген **даанышман** Каныкей Манас чоң казатка аттанар алдында, мунун арты жамандык менен бүтө турганын билет да, Манаска эскертет.)

## «КУТ АЛЧУ БИЛИМ» ЧЫГАРМАСЫ

«Кут алчу билим» же «Куттуу билим» – Теңир-Тоодогу түрк элдеринин **даанышман** акыны жана ойчулу Ж. Баласагындын жазган философиялык дастаны. Бул чыгарманын жалпы көлөмү 13444 сапты түзөт, ыр түрүндө жана кара сөз түрүндө жазылган чакан **кириш бөлүмү** бар. **Кириш бөлүмү**ндө ал Баласагын шаарында туулгандыгы, дастанын Кашкарда жазып бүтүрүп, Кашкардын ханы Табгач ханга **тартуулагандыгы**, ушул эмгек үчүн «Улук хаас хажиб» **наам** алгандыгы **айтылат**. Кара сөз түрүндөгү кириш сөзүндө Жусуп Баласагын: «**Буграхан** тилинде жана түрк сөзү менен (эч ким) мындан жакшыраак китепти дегеле жазган жок»,– деп жазган. Ушул эле ой ыр түрүндө жазылган кириш сөздө:

«Китепти окуй турган окурманым,
Көркүнө түрк сөзүнүн **нак тунарсың**»,–

деп айтылат. Демек, Жусуп Баласагын өзүнүн дастанын байыркы кыргыз тилинде жазган. Ал бул эмгегинде **адеп-ахлак**тын ар бир үлгүсүн, таасирин, **коомдук түзүлүштүн мыйзамын**, тартип эрежелерин, ал тургай адам өз боюн кантип алып жүрүшү керек экендигине чейин **баяндап** айткан.

«Кут алчу билим» чыгармасы биздин күндөргө үч **кол жазма** түрүндө жеткен. Дастандын эң алгачкы кол жазмасы XIX кылымдын 20-жылдарында табылган. Бул кол жазма Герат жана Вена **нуска**сы деп аталат.

Кол жазманын арт жагындагы бул нусканын тарыхы тууралуу маалыматка караганда, кол жазма 1439-жылы 17-июлда көчүрүлүп бүткөн. **Көчүрмө**нү жасаган адам уйгур улутундагы адам болгондуктан, бул л жазма уйгур тилине которулган экен. Экинчи кол жазма Каир нускасы деп аталат. Ал **араб ариби менен** XVI кылымдын башында көчүрүлгөн. Үчүнчүсү – Наманган кол жазмасы. Аны **илим чөйрөсүндө** Фергана кол жазмасы деп да коюшат. Бул кол жазманы Наманган шаарынан 1913-жылы чыгыш илимпозу Ахмед Заки Валидов тапкан, Каир нускасы сыяктуу эң алгачкылардан болуп XI–XII кылымдарда көчүрүлгөн.

Жусуп Баласагын өз дастанында **киндик каны тамган жери**н, анын ыйык **топурагы**н, агын суусун, тоо-таштарын, жаратылыштын кооздугун сүрөттөгөн. Айрым тарыхый инсандар, кыпчак, мундуз, ягма, күнтуу сыяктуу кыргыз урууларынын аталыштары, алардын кесиби, маданияты, салттары жөнүндө айткандары өтө маанилүү.

Жусуп Баласагын коом жана адам баласынын коомдогу ээлеген орду жөнүндө айтып, адам баласы мамлекетти өзүнүн жакшы сапаттары, **айрыкча** илими, билими, эмгек менен башкара алат деп көрсөткөн.

Билим менен эмгек ишти бүтүрөт,
Илим бекти мурасына **жеткирет**.

Биздин ата-бабаларыбыз дал ушундай **куттуу, касиеттүү сөздөр**дөн тарбияланып, **таалим алган**.

Өлкөнү башкаруу үчүн **өкүмдар** же **бек** ар бир сөзүн **талдап**, байкоосу керек, тил өнөрүн үйрөнүү керек. **Орой** сөздөн алыс, билимдүү болсоң, акылман да болосуң, мына ошондо өлкөнү башкаруу жеңилдей түшөт.

Илим менен билимге көпүрө тил,
Көкөлөткөн адамды дили деп бил.

Калкты башкаруу үчүн эң мыкты **мыйзам** керек экендигин айткан акын бабабыз мындай мыйзам адилеттүүлүктү **камсыз кыл**арына ишенген.

Адилет бол, **катаалдык**ка кабылба,
Элди кубант эмгектенип, жаңылба.
Эсендикте элиңе жакшылык кыл,
Колдогуңду кедейге таратып тур.
Көр дүйнөнүн артынан түшүп кетпе,
Адилдикти ар кылган иштен изде,– деп

**кириш бөлүмү** – вводная часть
**тартуулагандыгы айтылат** – говорит о том, что подарил
**буграхан** – орто кылымдарда кыпчактанган кыргыз тили – название кыргызского языка в средние века
**нак тунарсың** – как раз, точь-в-точь насладишся
**адеп-ахлак** – нравственность
**коомдук түзүлүштүн мыйзамы** – законы общественного строя
**кол жазма** – рукопись
**нуска** – экземпляр
**көчүрмө** – копия
**араб ариби менен** – арабскими буквами
**илим чөйрөсүндө** – в научной среде
**киндик каны тамган жер** – *здесь:* родная земля
**топурак** – глина, земля, почва
**айрыкча** – особенно
**жеткирет** – доведёт
**куттуу, касиеттүү сөздөр** – святые слова
**өкүмдар** – властитель
**бек** – бек, правитель
**талдап** – анализируя
**орой** – грубо, грубый
**мыйзам** – закон
**камсыз кыл** – обеспечить
**катаалдык** – суровость

www.bizdin.kg

жазган. Акындын ою боюнча (по мнению), адилеттүүлүк өкүмдарга өлкөнү башкарууда урмат-сый, даңк (слава) алып келет. Улуу ойчул Жусуп Баласагын көчмөндөрдүн **кулк-мүнөзүн**, кызуу кандуулугун (разгорячённость, возбуждённость), бардык ишти тезирээк бүтүрүүнү каалаганын билип, мамлекетти башкаруу ишинде **сабырдуулук** да керек экендигин эскерткен.

Өзүңдү отко салба бийлик үчүн,
Бирөөнүн жибин алба, салба күчүң.

Поэмада алдыңкы гуманисттик идеялар көпчүлүк орунду ээлейт. Чыгарма ар түрдүү кесиптеги адамдарды, илим-билимди, адилеттүүлүктү, акылды, **абийирдүүлүктү**, **чынчылдыкты** **даңазалайт**. Поэманын мааниси, идеясы ошол кездеги тарыхый мезгил менен шартталган **рухий байлык**тарды **туюнтуу** менен бирге адам турмушунун түпкү маани-маңызын (основную суть) ачып көрсөтөт.

Акын көркөм сүрөттөөнүн өзгөчө формасын эркин колдоно алган. Чыгарманын идеясы каармандар Күнчыкты, Айтолду, Элик, Акдилмиш, Өткөрмүш деген образдар аркылуу **каймана** мааниде туюнтулат. Төрт адамдын ортосундагы суроо-жооп, диспут, полемика формасындагы диалогдордо поэманын негизги мазмуну **жүзөгө ашат**.

«Кут алчу билим» поэмасы ар тараптуу **акыл-насааттын**, саясий-социалдык, коомдук-экономикалык, **адеп-актык** маселелердин маанилүү жактарын камтыган (содержащий, охвативший) философиялык трактат, түрк элдеринин адабий мурасы жана алардын маданиятынын **жалпы энчиси** болуп саналат.

**кулк-мүнөз** – характер, поведение
**сабырдуулук** – терпеливость, сдержанность, выдержка
**абийирдүүлүк** – совестливость, честность
**чынчылдык** – правдолюбие
**даңазалайт** – прославляет
**рухий байлык** – духовное богатство
**туюнтуу** – трактовать, объяснить
**каймана** – иносказательно, скрытно
**жүзөгө ашат** – осуществится
**акыл-насаат** – назидание, наставление
**адеп-актык** – нравственный
**жалпы энчи** – общая доля в наследстве

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**даанышман** – мудрец (9-кл., 47-б. **Жусуп Баласагын** жөнүндөгү тексттен: Жусуп Баласагын өзү жашаган доордун **даанышманы**, түрк элдеринин акыны, ойчул жана мамлекеттик ишмер болгон.)

**наам** – звание (7-кл., 28-б. **Калык Акыев жөнүндөгү** тексттен: К. Акыев ордендер, медалдар менен сыйланган, Кыргыз ССРинин эл артисти деген ардактуу **наам** алган.)

**баян** – рассказ, повествование (8-кл., 71-б. **«Устанын айлынын кошогунан»**:

Көөрүгүн күндө өкүрткөн,
Көмүрүн сактап, бекиткен.
**Баянын** айтам бир канча,
Балкасын койбой секирткен.



9-кл., 11-б. **Саякбай Каралаев** жөнүндөгү тексттен: Сейтектин уулу Кенен, анын уулдары Алымсарык, Кулансарык жөнүндө **баян**дар болуп отуруп, баш аягы – 500553 сап ыр жазылып алынган.)

**таалим алган** – обучался, воспитывался (7-кл., 28-б. **Калык Акыев** 1910-жылдан кийин улуу акын менен бирге көпкө эл аралап жүрүп, ырчы катары эл-журтка кеңири таанылат. Аны ээрчип жүрүп **таалим алат**, акындык чеберчилиги өсөт.

9-кл., 11-б. **Саякбай Каралаев** Саякбайга чоң энеси Дакеш «Манас» жөнүндө көп аңгеме айтып берчү экен. Өткөн кылымдын атактуу манасчылары Чоюке, Акылбектерден **таалим алган.**)

### «Кут алчу билим» дастанынан үзүндү
### Тилдин асыл сапаттары жана пайда-зыяны тууросында

Илим менен билимге **көпүрө** – тил,
**Көкөлөткөн** адамды тили деп бил.
Тил адамды бакытка **бөлөп салат**,
Тил адамды **шорлотот**, башын алат.

**көпүрө** – мост
**көкөлөткөн** – возвышает
**бөлөп салат** – окутывает
**шорлотот** – заставляет страдать

*Тил качан тууганың, качан душманың болот?*

**Тагдыр катаал** болбойт десең өзүңө,
Тилиң тиштеп, **сак болгунуң** сөзүңө.
**Тил такта** башың аман болору чын,
**Сөздөрүң накыл** болсо – өмүр узун.

**сак болгун** – берегись
**так тил** – точный язык
**накыл сөз** – мудрое слово

*Акылдуу сөз адамды кандай ийгиликке алып келет?*

**Чыгаша, киреше** да тилден делет,
Андыктан тилди мактап, тилди сөгөт.
Өмүр кыска, туулган соң өлмөк бар,
Жакшы сөздөр **түбөлүктүү**, өлбөйт ал.
Орундуу сөз ***акыл-эстен от алат***,
Орунсуз сөз ***ийиниңден баш алат***.

**чыгаша** – расходы; **киреше** – прибыль
**түбөлүктүү** – вечный
***акыл-эстен от алат*** – загорается от ума
***ийиниңден баш алат*** – рубит голову с плеч

*Тил – асыл ойдун сандыгыбы?*
*Тил адамды качан бакытка бөлөйт, качан башын алат?*

Адамзатты эки сапат **багыттайт**:
Адал сөзү, ак эмгеги карытпайт.
Адам өлсө сөзү калат артында,
Жакшы атагы жашай берет калкында.

**багыттайт** – направляет

*Биз кандай адамды жасаган иши, калтырган сөзү үчүн баалайбыз?*

**Түбөлүккө** өлбөйм десең сен эгер,
Ачык сүйлөп, ак ишиңди улай бер.
Сөздүн баарын кармап калуу эң кыйын,
Керектүүсүн эске тутуп, так **урун**.

**түбөлүк** – вечно, навсегда
**урун** – пользуйся

*Акылмандын кайсы кеңештерин колдоносуңар?*

Эр уулума акыл айттым эң кымбат,
Маанисине жетсе болду ал **тыңдап**.

**тыңда** – слушай

www.bizdin.kg

Сөздөрүмдү созуп айттым, о уулум,
Кеңешимди кабыл алгын, кулунум!

*Карынын ушул сөздөрүн капка саласыңарбы?*

Билим – ал менден калаар – алтын, күмүш,
Аларды сөзгө болбойт **теңештир**ип.
Күмүштү ишке салсаң бүтүн калат,
Сөзүмдү ишке салсаң, күмүш табат.

**теңештир** – сравнить

*Бабабыздын калтырган баалуулуктарын иштете аласыңарбы?*

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**тагдыр** – судьба (7-кл., 75-б. **Бексултан Жакиевдин «Атанын тагдыры» драмасы** жөнүндө: Согушта курман болгон Болотбектен айрылып, үйүндө атасы Акылбек, аялы Зуура, уулу Женишбек калышат. Драмада ушул үй-бүлөнүн **тагдыры** жөнүндө айтылат.)

**Тапшырмалар:**

1. Жусуп Баласагын жөнүндө кенен-кесири сүйлөп бергиле. Ал үчүн төмөнкү суроолорго жооп бергиле: Ж. Баласагын кайсы жерде жана качан туулган? Анын Баласагын деп аталышы эмнеге байланыштуу? Аны дүйнөгө **белгилүү кылган** «Кут алчу билим» **эмгегинде** эмнелерди **баяндаган**? Бул чыгарма кайсы тилде жазылган? Кол жазмалар жөнүндө эмне айтып бере аласыңар? Акын чыгармасында кайсы **мамиле**лерге көңүл бурган? Ал темалардын кайсынысы азыркы күндө да **маанилүү** деп ойлойсуңар, ой жүгүрткүлө.
2. Чыгарманын негизги идеясы кандай **туюнтулган**ы жөнүндө айтып бергиле.
3. Ж. Баласагындын «Кут алчу билим» чыгармасынан 14 сап ырды жаттап, жаттаган үзүндүңөрдүн маанисин өз алдыңарча талдагыла. Сүйлөп берүүгө даярдангыла.
4. Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин, антонимдерин таап, дептериңерге жазып алгыла: *кут, куттуу, бийлик, түбөлүк, сөз, билим, акыл, адилет, адилеттүүлүк, кол жазма, дастан, чыгаша, пайда.*
5. Төмөнкү сүйлөмдөрдү толуктап, дептериңерге жазып алгыла:
Жусуп Баласагын – ... руханий ... ири ... бири. Жусуп Баласагын ... шаарынын ... Баласагын ... туулган. «Кут алчу билим» дастаны ..., ..., ..., ..., ..., ..., ... тилдерине которулган. Бул чыгарманын ... көлөмү ... сапты ..., ... түрүндө ... кара сөз түрүндө кириш ... бар.

## МАХМУД КАШГАРИ

Махмуд ибн Хусейин ибн Мухамед Кашгари – орто кылымдардагы түрк элинин **көрүнүктүү** уулу, **тунгуч** филологу, **акылман ойчулу, сөздүк түзүүчү илимпозу** болгон.

**Табылган маалыматтарга караганда,** Махмуд Кашгари XI кылымдын XI жарымында (1029–1038-жылдардын аралыгында) Барскан шаарында туулган. Анын атасы Барсканды **бийлеп турган.** Махмуд билим алууга кеңири **мүмкүнчүлүктөрү** болгондуктан, өз доорунун философ, тилчи, тарыхчы, географтарынын эмгектери менен



терең таанышат. Окумуштуулардын пикири боюнча, Махмуд илим-билимди Кашгар шаарынан алган жана илимпоз катары ушул шаарда **калыптанган**дыктан, ага «ал – Кашгари» деген наам **ыйгарылган.**



Махмуд Кашгаринин «Түркий тилдер сөз жыйнагы» жана түрк грамматикасы боюнча жазган «Түркий тилдер синтаксисинин көөхарлары» («Жавахир ан-нахв фи лугат ат-түрк») деген эки гана эмгеги бизге **маалым.**

«Диванда» түрк **тилдерин *үйрөнүүнүн олуттуу мааниси,*** автордун ***түрктөр жашаган өлкөлөрдү кыдырганы,*** түрктөрдүн негизги элдери менен урууларынын аттары, алардын кайсы жерде жайгашкандыгы жана түрктөрдүн өз алфавити жөнүндө **маалымат**тар камтылып, түрк тилдеринин сөздүгү берилген. Түрк тилдеринин сөздүгүн түзүү менен, ал ар башка улуттар сүйлөгөн түрк тилдеринин ортосундагы **окшоштуктарды** жана **айырмачылык**тарды таап белгилеген.

«Диван лугат ат түрк» деген эмгеги 1072-жылдан 1083-жылга чейинки убакта жазылган, ал дидактикалык чыгармаларды жана географиялык аттарды **камтыйт.**

Махмуд Кашгари **дүйнөнүн картасын чийген** биринчи адам экендигин айта кетүүбүз керек.

**көрүнүктүү** – видный
**тунгуч** – первый
**акылман ойчулу** – мудрый философ
**сөздүк түзүүчү илимпозу** – учёный, составитель словаря
**табылган маалыматтарга караганда** – по обнаруженным сведениям;
**бийлеп турган** – управлял
**мүмкүнчүлүктөр** – возможности
**калыптанган** – сформирован
**ыйгарылган** – присвоено
**маалым** – известно
***тил үйрөнүүнүн олуттуу мааниси*** – серьёзное значение изучения языка
***түрктөр жашаган өлкөлөрдү кыдырганы*** – что он побывал в странах, где проживали турки
**окшоштук** – схожесть, одинаково
**айырмачылык** – разность, различие
**дүйнөнүн картасын чийген** – начертил карту мира

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**маалымат** – сведение (9-кл., 8-б. **Манасчы жана манасчылык өнөр:** Ал үйдүн жасалгасын эле жарым күнү ырдачу экен»,– деген **маалыматты** кезиктиребиз.)

**камтыйт** – содержит (9-кл., 1-б. **Киришүү:** Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын тамыры алыскы доорлорго барып такалат, бери дегенде эле эки миң жылдыкты **камтыйт.** 9-кл., 11-б. **Саякбай Каралаев:** «Манас» эпосун изилдөөчүлөр С.Каралаевдин айткан варианты «Манастын» бардык салттуу окуяларын толук **камтыган**ын, эпизоддор майдаланып сүрөттөлгөнүн белгилешет.)

www.bizdin.kg

## «Диван лугат ат-түрк» чыгармасы жөнүндө

«Түрк тилдеринин сөз жыйнагы» – 1072–1077-жылдардын аралыгында жазылган **энциклопедиялык эмгек.** Ага чигил, йагма, карлук, кыргыз, огуз, тухси, уйгур, кыпчак жана башка түрк тилдериндеги 7500дөй сөз **камтылып,** ар бир сөздүн **арабча котормосу** берилген.

Китеп сегиз **баптан** турат. Ал сөздүк түрүндө түзүлгөн. Кээ бир маанилер кеңири түшүндүрмөлөр менен **чечмеленет.** «Диван лугат ат-түрк» эмгеги бай лексикалык материалдан башка этнография, социалдык уюштуруу, Борбор Азиянын **түрк урууларынын этносаясий түзүлүшү** боюнча көптөгөн баалуу **маалыматтарды камтыйт.**

Өзүнүн чыгармасына Махмуд Кашгари дүйнөнүн оригиналдуу, тегерек картасын **тиркеген.**

Ошол учурда жалпы кабыл алынган «дүйнөнүн борбору» – Мекке болчу. Ал эми Махмуд Кашгари биринчи орунга Ысык-Көл боюн **назарына туткан,** себеби өзү чийген дүйнөнүн картасында дүйнөнүн **чордону** катары Ысык-Көлдү көрсөтүп, жанына тегерек чекит менен Барскан шаарын **жайгаштырган.**

Ал китебинин **кириш бөлүм**үндө «Мен өзүм алардын (түрктөрдүн) тили өткүр чеченинен, **көөдөнү эң тетиги**нен, эң **ак сөөк тектүү**сүнөн, **найзага таамай эптүү**сүнөн болуум менен бирге...» деп өзүн тааныштыруу менен баштаган.

Китепте түрк элдеринен алынган 7500 **терминге байланыштырып колдонулган** 290 макал-лакап, 4 кошок ыры, бир нече элдик баатырдык дастандардын үзүндүлөрү, жаз жөнүндө, сүйүү жөнүндө жана башка **ырлардын тобу** жазылган.

Ошол мезгилдеги балдардын оюндары: чүкө, «бийге түшүп мелдешүү», **кобузда (комуз сыяктуу аспап) ойноп жарышуу,** күрөш, жаа атуу, ат чабыш, сууда сүзүү, кочкор сүзүштүрүү, куш учуруу, чооган (чооган – атка минип алып, таяк менен «тобыкты» – топту чаап, **эки жаат болуп** ойношот), нард, шатранч (шахмат), «мөңүз-мөңүз» сыяктуу оюндар жөнүндө баяндаган.

**энциклопедиялык эмгек** – энциклопедический труд
**камтылып** – соединены
**арабча котормосу** – перевод на арабский
**бап** – глава
**чечмеленет** – разъясняется
**түрк урууларынын этносаясий түзүлүшү** – этнополитическая структура тюркских племён;
**камтыйт** – соединяет
**тиркеген** – приложил
**назарына туткан** – держал во внимании
**чордон** – место родника; центр мира
**жайгаштырган** – расположил
**көөдөнү эң тетиги** – самый расторопный, ловкий
**ак сөөк тектүү** – аристократ
**найзага таамай эптүү** – меткий, умелый
**терминге байланыштырып колдонулган** – использованные в связи с терминами
**ырлардын тобу** – группа стихов, сборник
**кобузда ойноп жарышуу** – соревнование в игре на кобузе
**эки жаат болуп** – разделившись на две группы



«Диван лугат-ат түрк» чыгармасы – бул тарыхый-этникалык мурас.

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**маалымат** – сведение (9-кл., 4-б. «Манас» эпосу жөнүндө жалпы **маалымат.**)
**кириш бөлүмү** – вводная часть (9-кл., 47-б. **Жусуп Баласагын:** Түрк элдеринин **даанышман акыны жана ойчулу** Ж.Баласагындын жазган «Кут алчу билим» философиялык дастанынын чакан **кириш бөлүмү** бар.)
**күрөш** – борьба (9-кл., 13-б. **«Көкөтөйдүн ашы» бөлүмү:** Ашта эңиш, **күрөш,** сайыш, ат чабыш болот.)
**ат чабыш** – скачки (9-кл., 14-б. **ат чабыш** – скачки)

**Тапшырмалар:**

1. Махмуд Кашгаринин өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө баяндап бергиле. Ал үчүн төмөнкү суроолорго жооп бергиле: Махмуд Кашгари кайсы кылымда жашаптыр? Эмне үчүн замандаштары ага «ал-Кашгари» деген наам **ыйгарышкан?** Качан туулганы так белгилүү беken? Ал кайсы жерде туулган? Анын **белгилүү чыгармасы** кайсы? Ал **эмгегинде** эмне жөнүндө жазган? Анын жазгандары биз үчүн канчалык мааниге ээ деп ойлойсуңар? Ал географ катары эмне жумуш жасаптыр? Махмуд Кашгари жашаган мезгилдеги балдар ойногон оюндардын ичинен кайсы оюндарды билесиңер жана ойноп жүрөсүңөр? Ал оюндар жөнүндө сүйлөп бергиле.
2. Махмуд Кашгари чийген дүйнөнүн картасынын сүрөтүн карагыла. Картанын чийилиши тууралуу өз оюңарды билдиргиле.




3. Төмөнкү эки сүйлөмдөгү кара тамга менен берилген сөздөрдү салыштыргыла, айырмасын айтып бергиле:
   1) Сөздүккө 7500 сөз **камтылып,** арабча котормосу берилген.
   2) Сөздүк көптөгөн баалуу маалыматтарды **камтыйт.**
4. Махмуд Кашгаринин, Жусуп Баласагындын өмүрү жана чыгармачылыгын Венндин диаграммасын толтуруп, салыштыргыла.
5. Төмөнкү сүйлөмдөрдү толуктап, дептериңерге жазып алгыла: *Махмуд ... Мухамед Кашгари – ... кылымдардагы ... элинин ... филологу, ... ойчулу, ... түзүүчү илимпозу ... . Махмуд Кашгари ... кылымдын биринчи ... 1029 – 1038 ... аралыгында ... шаарында туулган. Махмуд Кашгаринин «Түркий ... ... жыйнагы» ... түрк грамматикасы боюнча ... «Түркий ... синтаксисинин көөхарлары» деген ... эмгеги бизге маалым.*
6. Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин, антонимдерин таап, дептериңерге

www.bizdin.kg

жазып алгыла: *назар, чордон, таамай, эптүү, чечен, жыйнак, кириш, бап, маалымат, ак сөөк, тектүү.*

7. Махмуд Кашгари жашаган мезгилдеги балдар ойногон оюндар менен бүгүнкү күндөгү балдардын оюндарын салыштырып, талкуу уюштургула.

### Махмуд Кашгаринин «Түрк тилдеринин сөз жыйнагы» китебинин кыргызча таржымалы

#### Т. Сыдыкбековдун иликтөөсүнөн

*(Кашаа сыртындагы – Махмуд Кашгариники, ичиндегиси кыргызчасы)*

1. 1. Түлкү өз ийнине урса узуз болур (Түлкү өз ийнине **үрсө, котур** болор).

2. От тесе агиз күймес **(От деген менен ооз күйбөс)**

1. 3. Суф комегинче этүк тартма **(Суу көрмөйүнчө,** өтүк чечпе)

1. 4. Беш эренек түз эмес **(Беш кол** бирдей эмес)

1. 5. Ач не йэмес, ток не темес **(Ач не жебес,** ток не дебес)

6. Карга казга өткүнсө, бути сынур (Карга казга **теңелсе,** буту сынар)

1. 7. Көккө сагурса, йүзгө түшүр **(Көккө карап түкүрсө, жүзүңө** түшөр)

1. 8. Эки кочңор башы бир ашачта бышмас (Эки **кочкор башы** бир казанда кайнабас)

1. 9. Кут белгиси – билик **(Кут белгиси** – билим)

**таржымал** – биография
**иликтөө** – исследование
**үрсө** – если будет лаять
**котур** – чесотка
**от деген менен ооз күйбөс** – сказав «огонь», рот не согреешь
**суу көрмөйүнчө** – пока не увидешь воду
**беш кол** – пять пальцев на руке
**ач не жебес** – голодный чего только не съест
**теңелсе** – если сравниться
**көккө карап** – глядя в небо
**түкүрсө** – если будет плевать
**жүзү** – лицо
**кочкор башы** – *здесь:* два главаря
**кут белгиси** – признак счастья

#### Т. Чоротегиндин котормосунан

21-бетте

**Идиш** – идиш. Бул сөз менен йагма, тухсы, йемек, огуз жана аргу (элдери) ар кандай **кумура,** табак жана башка идиш-аяктарды аташат.

22-бетте

**Улуш** – чигил тилинде «кыштак» маанисин, ал эми Баласагындагы калктын жана ага **коңшулаш** болгон **аргу өлкөсүндөгүлөрдүн** тилинде «шаарды» билдирет. **Мындан улам** Баласагын шаары «күз улуш» деп аталган.

23-бетте

**Үтүк** – **шыбак аспабы** сыяктуу темир. Ал ысытылат да, кийимдин **бырыштары** кетсин үчүн аны менен бастырышат.

**кумура** – кувшин
**коңшулаш** – соседние
**аргу өлкөсүндөгүлөр** – живущие в стране аргу
**мындан улам** – в связи с этим
**шыбак аспабы** – инструмент для штукатурки
**бырыш** – помятость одежды



37-бетте

**Ордо** – Баласагындын жанындагы бир **баш калаа.** Мындан улам Баласагынды күз-ордо деп аташат.

91-бетте

**Кобуз** – чертиле турган музыкалык аспап (комуз).

**Кымыз** – кымыз. Бул – бээнин сүтү, ал **сабаларда** сакталып коюлат, анан **кычкылданат.** Андан соң ичилет.

251-бетте

**Ысык-Көл** – Барскандын көлүнүн аты. Анын узундугу отуз фарсах, туурасы – он фарсах (1фарсах-6 **чакырымдай**)

301-бетте

**Миң** – санактын миң саны. Макалда айтылган: «Бириң-бирин миң болур, тама-тама көл болур.» Мааниси: **бирин-сериндеп** жыйылып отуруп миңге жетет. Ошондой эле **тамчы**дагы биринин артынан бири **үзгүлтүксүз** тамса, **көлчүктү** толтуруп коёт.

**баш калаа** – главный город
**саба** – большой кожаный бурдюк, в котором приготавливают кумыс
**кычкылданат** – прокисает
**чакырым** – верста
**бирин-сериндеп** – по-немногу
**тамчы** – капля
**үзгүлтүксүз** – непрерывно
**көлчүк** – лужа

**Тапшырмалар:**

1. Махмуд Кашгаринин «Түрк тилдеринин сөз жыйнагы» китебинин мазмунун сүйлөп берүүдө төмөнкү суроолорго жооп бергиле: Махмуд Кашгари кайсы тилдерди изилдеген? Кашгаринин сөздүгүндөгү кайсы сөздөр азыркы кыргыз тилинде колдонулат? Кайсынысы колдонулбайт?
2. **Нукура түркчө** сүйлөгөн элдерди атагыла.
3. Т. Сыдыкбеков мисал келтирген «Түрк тилдеринин сөз жыйнагынан» алынган макалдардан жаттагыла.
4. Махмуд Кашгари жана анын «Диван лугат ат түрк» чыгармасы жөнүндө кошумча маалымат чогултуп келгиле.

www.bizdin.kg

# КЫРГЫЗ АКЫНДАРЫНЫН ПОЭЗИЯСЫНАН

## МОЛДО НИЯЗ
## (1826–1896)

Молдо Нияз – кыргыздын алгачкы **жазгыч акын**дарынын бири. Ал Ош облусунун Кадамжай районундагы Кызыл-Булак айылында 1820-жылы туулуп, 1896-жылы каза болгон. Молдо Нияз Кашкар шаарындагы медреседен билим алган. Ал Арка, Анжиянга, **атүгүл** кытайлык кыргыздарга чейин **кыдырып чыккан. Кол жазма түрүндө** жети китеп жазып, өзү барган **аймак**тарга тараткан.

Ал бүткүл Кокон хандыгындагы кыргыз, араб, фарси, эски түрк (чагатай) тилдерин билген. Ошол тилдерде эркин жаза билген, философиялык терең ойлорду айткан. Молдо Нияз өз **мезгилинин** өтө **кадыр-барктуу инсаны** болгон.

Ал **эл бийлеген** хандар, бектер, бийлер, баатырлар менен байланышта болгон, себеби анын **акындык чабыты, илим-билимдүүлүгү**, молдолугу, **кыраакы кеңешчилиги**, Кокон ордосуна **таасирдүүлүгү** элдин баарына белгилүү болгон. Көп чыгармалары санат формасында жазылып, моралдык-этикалык, диний-философиялык темаларды **чагылдырган** («Санат – дастандар» Бишкек, 1993.)

Молдо Нияздын поэзиясы Орто Азиялык **түрк адабияты менен өзөктөш**. Акын саясий мазмундагы ырларында Кудаяр кандын (1845–1858) Сары-Көлдөгү **зулумдугуна** Жакып-Бектин Кашгардагы **кордугу**на, Ак падышанын Ташкент, Чымкент шаарларын басып алышына (1865) **наразычылыгы**н билдирет.

Адабиятчылар, тарыхчылар, тилчилер, философтор Молдо Нияздын **колкитептери**н тарыхый уникалдуу **казына** катары баалашат.

**жазгыч акын** – пишущий акын
**а түгүл** – даже
**аймак** – территория
**мезгилинин кадыр-барктуу инсаны** – уважаемый человек своего времени, личность
**эл бийлеген** – руководившие народом; **акындык чабыты** – поэтические поиски, мысли
**илим-билимдүүлүгү** – образованность
**кыраакы кеңешчилиги** – мудрый советчик;
**таасирдүүлүгү** – влиятельность
**түрк адабияты менен өзөктөш** – имеет общую основу с туркской литературой
**зулумдук** – тирания, жестокость, притеснение
**наразычылык** – недовольство
**колкитептер** – книги, написанные от руки



**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**кыдырып** – побывать, бродить в поисках, обходить (7-кл., 4-б. **«Жарамазан айтуу салты жөнүндө»**: Жарамазан айткандар эки-үчтөн жүрүшкөн. Алар үймө-үй, айылма-айыл **кыдырышкан.**)
**кол жазма түрүндө** – в виде рукописи (9-кл., 48-б. **«Кут алчу билим» чыгармасы:** «Кут алчу билим» чыгармасы биздин күндөргө үч **кол жазма** түрүндө жеткен.)
**чагылдырган** – отражал (7-кл., 92-б. **Аман Саспаев** жөнүндөгү тексттен: Аман Саспаев өзүнүн чыгармаларында Кытайда жашаган кыргыз эмигранттарынын жашоосун жана социалдык абалын **чагылдырган.**)
**кордук** – унижение (7-кл., 11-б. **«Манас» эпосунун кыскача мазмуну:** Бакайды тирүүлөй улак кылып тарттырып, аябай көп **кордук** көрсөтөт. Каныкей музоо кайтарат, Күлчоронун аялы Акбала отун алып, күл чыгарат.
7-кл., 27-б. **Калык Акыев** жөнүндөгү тексттен: Төрөгелди Калыкты **кордоп,** шылдыңдап, өзүнчө эрмектеп күлкү кылмакка гана ыр үйрөнүүшүн талап кылат.
**казына** – казна, сокровищница (7-кл., 88-б. **«Эр Табылды»** эпосунан: Он төрт жашка чыкканда Табылды атасынын **казынасын** ачып, жоо жарагын алат.
9-кл., 1-б. **Киришүү:** Орто кылымдарда кыргыз элинин оозеки чыгармалары мазмуну, формасы, стили жагынан олуттуу өзгөрүүлөргө учурап отуруп, айрым үлгүлөрү классикалык деңгээлге жетип, жалпы адамзаттык маданий **казынага** айланган.)

### Академик Болот Мураталы уулу Юнусалиевдин «Молдо Нияздын санаттарындагы диалектик өзгөчөлүктүн чагылдырылышы» макаласынан

«Биз «Молдо Нияздын санаты» деп **атап жүрчү кол жазма** жөнүндө алгачкы **кабарды** 1951- жылы октябрь айында Охна кыштагында жашоочу 63 жаштагы Баит Исманалиев деген колхозчудан уктук. **Кол жазма** жана анын автору жөнүндө бул кишинин айткандарын кийин Шаймардан өрөөнүндөгү башка кыштактын бир топ адамдары да **ырасташты.** Баит акенин айтканына караганда (по рассказам) кечээ жакында эле (ещё недавно) айыл адамдары бат-бат чогулушуп, арасынан арабча **кат тааныгандары** Молдо Нияз ырчынын **санаты**н окуп берчү экен. **Санат** жазылган үч дептери болуптур. Анын биринде (мага айтышканына караганда) Молдо Нияз Түндүк Кыргызстандын ар кайсы жеринде болгондугу тууралуу жазса, дагы биринде **сүткор соодагер**лерди **шакабалап** ашкерелеген экен. Абышкалар, бул дептерди Молдо Нияз өз колу менен жазган

**санат** – песня, состоящая из рифмованных афоризмов
**диалектик өзгөчөлүктүн чагылдырылышы** – отражение особенностей диалекта
**макала** – статья
**атап жүрчү** – названная нами
**кол жазма** – рукопись
**ырасташты** – подтвердили
**кат тааныгандар** – грамотные
**сүткор соодагер** – ростовщик
**шакабалап** – высмеивая

деп бир ооздон (все) айтышса, кээде колдон-колго өткөн **көчүрмөсү болушу мүмкүн** деп **божомолдошот**.

Мен бул дептерди издеп көрдүм, бирок **тыянак чыкпады**. Болгону жол болуп 1957-жылы Азиза Токтобаеванын жардамы менен ал дептерлердин бири колубузга тийди (попал нам в руки). Анда Молдо Нияз өзү **ат арытып** кыдырган Түндүк Кыргызстандын Жумгал, Кочкор, Суусамыр, Чүй, Нарын, Ат-Башы жерлери жөнүндө эскерген экен.

Кол жазма Орто Азиядагы кеңири тараган жазма ыгына салынып (по распространённому методу писания), мезгилдин өтүшү менен (со временем) **өңү өчө баштаган** кара сыя менен (чёрными чернилами) жазылыптыр.

**көчүрмө болушу мүмкүн** – может быть это копия
**божомолдошот** – предполагают
**тыянак чыкпады** – безрезультатно
**ат арытып** – ездить
**өңү өчө баштаган** – цвет начал стираться, уничтожаться

Санат жети-сегиз саптуу ырлар менен бет толо (на целую страницу) жазылган. Санатта чагылдырылган (отраженные в санате) падыша аскерлеринин Чымкент менен Ташкентти (1865-жылы) алышы, айрым ферганалык кыргыздар менен кыпчактардын Сары-Колду көздөй (по направлению) качышы сыяктуу жана башка тарыхый окуялар (исторические события) Молдо Нияздын жашап өткөн доoруна туш келет (совпадает).»

### Молдо Нияздын «Курбанжан датка» санаты жөнүндө

Молдо Нияздын чыгармаларынын ичинде өзүнчө **өзгөчөлөнүп турганы** Курманжан датка жөнүндөгү **санаты** болуп эсептелет. Бул санатта Молдо Нияз Алайдын атактуу ханышасы Курманжан датканын **жеке адамдык** трагедиясы жөнүндө **баяндаган**.

Орус бийлигинин келиши менен кыргыз жеринде **тарыхый бурулуштар болгону**, ошондой эле уруучулдук-патриархалдык тартип, жол-жобо менен жашаган коомдо (в обществе, где жили родово-патриархальными порядками), **күтүлбөгөн** кайгылуу окуялар (печальные события) болгону да **талашсыз**. Курманжан датка – ошондой оор тагдырга туш келген. Алымбектен кийин даткалык дөөлөткө ээ болгон (имеющая достояние датки) Курманжан өз уулдарынын бири Сибирге айдалып, бири Афганистанга качып, бири орус падышачылыгынын колунан курман болуп жатса да, ушундай тагдырдын **мүшкүлүнө** карабастан, ал орус бийлиги менен **элдешүүгө** барат.

**өзгөчөлөнүп турганы** – то, что выделяется, обособляется
**жеке адамдык** – личная человеческая
**тарыхый бурулуштар болгону** – произошли исторические повороты
**күтүлбөгөн** – неожиданные
**талашсыз** – бесспорно
**мүшкүлүнө** – на трудности
**элдешүүгө** – на примирение



Албетте, бул Курманжан үчүн өтө оор эле, бирок ал элдин тынчтыгы үчүн, ***бөөдө кырсыкка кабылбашы үчүн*** орус бийлиги менен ***жарашууга аргасыз болчу***. Мындай чечим кабыл алуу Курманжан үчүн оңой болгон эмес. Акын Молдо Нияз Курманжан датканын энелик оор кайгысын, эл алдында милдетин, аткарган патриоттук күрөшүн **бир кыйла таасирлүү** сүрөттөгөн.

Убакыт өткөн сайын Курманжандын ысымы санжырага айланып, биздин күндөргө чейин жетти. Анын улуу иштерин эл унуткан жок. Укум-тукуму анын даңкын өчүргөн жок. Курманжан датканын элеси элдин жүрөгүндө сакталып кала берет. Бишкек шаарында Курманжан даткага эстелик тургузулган.

***бөөдө кырсыкка кабылбашы үчүн*** – чтобы не пострадать
***жарашууга аргасыз болчу*** – была вынуждена мириться
**бир кыйла таасирлүү** – очень влиятельно

Молдо Нияздын «Курбанжан датка» чыгармасы да – «Алай ханышасына» тургузулган эстеликтердин бири.

**Тапшырмалар:**

1. Молдо Нияздын өмүр жолу жана чыгармачылыгы жөнүндө сүйлөп бергиле. Ал үчүн төмөнкү суроолорго жооп бергиле: Молдо Нияз ким болгон? Ал качан жана кайсы жерде туулган? Ал кайсы жерден **билим** алган жана билимин кандай пайдаланган? Кайсы тилдерди билген? Ал кандай **баалуу** сапаттарга ээ адам болгон экен? Молдо Нияздын чыгармалары кайсы формада жазылган, кандай темаларды **чагылдырган**?
2. Академик Болот Юнусалиевдин Молдо Нияз жөнүндө жазган **макаласынын** аталышы кандай? Ал **макаладан алынган үзүндү** боюнча сүйлөп бергиле.
3. Молдо Нияздын «Курбанжан датка» чыгармасы жөнүндө сүйлөп бергиле.
4. Чыгармадагы башкы каарманды Молдо Нияз эмне үчүн «Курбанжан» деп атаганын түшүндүргүлө.
5. Курманжан датканын трагедиялуу жана кайраттуу образы менен кыргыз элинин «Манас» эпосундагы Каныкейдин, Айчүрөктүн образдарын салыштыргыла.
6. Төмөнкү сөздөрдүн синоним, антонимдерин таап, дептериңерге жазып алгыла: *кол жазма, санат, медресе, билим, макала, эстелик, датка.*

## МОЛДО НИЯЗДЫН ҮЧҮНЧҮ КОЛКИТЕБИНДЕГИ «КУРБАНЖАН ДАТКА» САНАТЫНАН

**Ак алачык** султаны
Аты чыккан Курбанжан
Башы Алайга батпаган
Малыңдын көбүн айтамын.

**ак алачыктын** – белой юрты

www.bizdin.kg

*Автордун айтуусу боюнча датка айымдын аты ким?*

Казынаңа батпаган
**Пулуң**дун көбүн айтамын.
Эшигиңде кызматкер
Кулуңдун көбүн айтамын.
**Тоңмо**дон жайлап жаз болсо
Тогуз уруу журт барып,
**Тойлоо**ңду айтамын.
Колотко жайса батпаган
**Койлоо**ңду айтамын.
Ашканаңда алты ай
**Түлкүлүү**ң айтамын.
**Жылтыркан** башын уздүрүп
**Жылкылуу**ң айтамын...

**пул** – *южн.:* акча; деньги
**тоңмо** – мерзлота
**тойлоо** – торжествовать, устраивать той
**койлоо** – держать много овец
**түлкүлүү** – много мяса диких животных
**жылтыркан** – изень, кохия распростёртая (растение)
**жылкылуу** – иметь много лошадей

*Акын Курманжан датканы кандай сүрөттөдү?*

Бул **дүнүйө беш күндүк**
Бул иштин баары **азали**
**Кадыр эгем каалашы.**
Камчыбек кетти асылып
Кара көзү жумулду.
Кудайымдын иши деп
Курбанжан датка **түңүлдү.**

**беш күндүк дүнүйө** – кратковременная жизнь
**азали** – исконный, стародавний
**кадыр эгем каалашы** – как бог пожелал
**түңүлдү** – потеряла надежду

*Датканын Камчыбек деген уулу жөнүндө эмне деп айтылды?*

Мурзапайаз, Махмутбек
Сибирдин жолун **көздөдү.**
Камчыбек Ошто асылды
**Кара көзү** жоодурап
**Ботосу өлгөн каймалдай**
**Боздоп калды** амал жок...
Асылып кетти балам деп
Арман кылба, даткайым!
Сибирге балам кетти деп
**Сил болбогун**, даткайым.

**көздөдү** – көздөй кетти; отправился
**кара көзү жоодурап** – все глаза проглядела
**ботосу өлгөн каймалдай** – как верблюдица, у которой умер верблюжонок; **боздоп калды** – кричит, ревёт (о верблюдице)
**сил болбогун** – *южн.:* зил болбо; не печалься, не горюй

*Уулдары кандай тагдырга туш болгон?*

**Жан эгем** берер жаннатты
**О дүйнөнүн давлатин.**
Балдарың менен кошулуп,
Максатка жеткин, даткайым.
**Ажалдын аччык шарбатин**
Балдарың кетти баары ичип,
Сен да **таткын**, даткайым.

**жан эгем** – господь мой творец
**о дүйнөнүн давлатин** – *южн.:* тигил дүйнөнүн дөөлөтүн; богатства потустороннего мира
**ажалдын аччык шарбати** – *южн.:* ажалдын ачуу даамы; горький напиток смерти
**таткын** – попробуй на вкус, вкуси

*Уулдарынан айрылган энеге акын кантип көңүл айтып жатат?*

Жердин болот жүн бети
Башыңа жапкын, даткайым.



Жан күйдүргөн балдарың
Жаннаттан тапкын, даткайым.
Эрте-кеч барып **дуба кыл**
Эненин жашы нур болот.
Ата-эне деген **пир** болот.
Энеси ыраазы болгондун
Жайы болот **жаннатта.**
Бул дүнүйө беш күндүк
**Муратка жеткин,** даткайым.

**дуба кыл** – произноси молитвословие
**пир** – духовный наставник
**жаннат** – рай
**муратка жет** – достигни цели, желания

*Курманжан динге ишенип, балдарын жаннаттан көрөм десе, кайгысы жеңилдейби?*

Камчыбекке **кабыр кыл,**
Мурзапайыз, Мамытбек,
Баатырбекке **сабыр кыл.**
Алымбектей **дарман кыл.**
Абдылдабекти **арман кыл.**
Асанбекке **шүгүр кыл.**

**кабыр кыл** – построй мавзолей, надгробие
**сабыр кыл** – прояви терпение, выдержку
**дарман кыл** – собери свои силы
**арман кыл** – сожалей о неисполненном желании
**шүгүр кыл** – славь бога

*Датканын балдарынын текстте кездешкен аттарын ата.*

Эч арманың калбады
**Эгемни** дайым **зикир кыл!**

**эгемни** – *южн.:* эгемди; моего господа, бога
**зикир кыл** – произноси имена божьи

**Тапшырмалар:**

1. «Курманжан датка» санатынан алынган үзүндүнүн мазмунун сүйлөп бергиле. Ал үчүн төмөнкү суроолорго жооп бергиле:
   1) Молдо Нияздын **айтуусу боюнча** Курманжан датка кандай **шартта** жашаптыр? Турмуш-тиричилиги: турак-жайы, малы, кызматкерлери, ашканасындагы тамак-ашы ж. б. жөнүндө акын эмне деп айтат?
   2) Молдо Нияз Курманжан датканын кадыр-барктуу эл башчысы экендигин кайсы сөздөр аркылуу берген?
   3) Курманжан датка жакындарынан кантип ажыраптыр? Молдо Нияздын айтуусунда Курманжан бул жоготууларды кандайча көтөрөт экен?
   4) Молдо Нияздын бул чыгармасы аркылуу Курманжан датка жөнүндө мурда билбеген жаңы **маалымат** ала алдыңарбы? Бул окуялар ошол кездеги кайсы тарыхый окуяларга байланышкан?



2. Бул тарыхый фотосүрөттө Молдо Нияз өз поэмасында «Асанбекке шүгүр кыл»,– деп айткан Курманжандын Асанбек деген уулу (сүрөттө сол жакта) Курманжан менен бирге тартылган. Сүрөт боюнча сүйлөп бергиле.
3. Эмне үчүн Курманжан датканын бир баласы дарга асылып, эки баласы **сүргүнгө** айдалганы жөнүндө кошумча **маалымат**тарды таап окугула.

4. «Курбанжан датка» ырынан каалаган үзүндүнү жаттап келгиле.
5. Ырдын акыркы 10 сабындагы Курманжан даткага айтылган кеңеш сөздөр улуттук кайсы салтка ылайык айтылды: *Муратка жеткин, кабыр кыл, сабыр кыл, арман кыл, шүгүр кыл, зикир кыл?*
6. Чыгармадагы түштүк диалектиси боюнча жазылган сөздөрдү жана сөз айкаштарын дептериңерге жазып, кыргыз адабий тилиндеги мааниси менен салыштырып чыккыла.

### Замана акындары жөнүндө алгачкы сөз

Замана акындары деп Молдо Ниязды, Калыгулду, Арстанбекти, Молдо Кылычты атасак болот. Себеби, алар өз заманы жөнүндө айтып, бул дүйнө убактылуу, сөзсүз **кыямат-кайым** болот деген ой-пикирлерин (мнения) билдиришкен. Бай-болуштардын **үстөмдүгү, зордук-зомбулугу,** бей-бечаралардын оор турмушу жөнүндө (о тёжелой жизни бедняков) заман темасында айтышкан. Элдин баркы, наркы кетти деп (что теряются ценности, уходят в прошлое) **кейип**, бул акындар өз эли-жери үчүн күйүп, **кабатыр** болушкан. Өз заманындагы **өзгөрүштөрдү** байкап, ал окуяларды сын көз караш (критический взгляд) менен баалашкан.

Замана акындары эл арасындагы каада-салттын, нурктун азайганына (что среди людей всё меньше соблюдаются родовые, племенные обычаи) кейишет, **адилетсиз** заманда жашаган элдин оор турмушун баяндашат. Алар **турмушту жакшыртуу**га чакырышат.

**кыямат-кайым** – судный день, страшный суд, светопреставление

**үстөмдүк** –превосходство, господство

**кейип** – горюя, огорчаясь, сетуя

**кабатыр** – страх, беспокойство

**өзгөрүш** – изменение, премены

**турмушту жакшыртуу** – улучшить жизнь

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**зордук – зомбулук** – насилие, принуждение (7-кл., 27-б. **Калык Акыев** жөнүндөгү тексттен: Манаптардын **зомбулугу**нан жер оодарып, Кетмен-Төбөгө кетет.

9-кл., 35-б. «Чынкожо, Толтойдун **зордугу**, Чүрөктүн учушу»)

**адилетсиз** – несправедливый (6-кл., 56-б. **Токтогул Сатылганов «Жетимдер жөнүндө»: Адилетсиз** турмуш ай,
Өз колунда жок болсо,
Бечаралык ушундай.

7-кл., 24-б. **Т. Сатылгановдун «Санат-насыят», «Үлгү ырлары»**: Акын бул чыгармаларында жаштарды эмгекке, ынтымакка, адептүүлүккө, бирибирин сыйлоого үндөгөн, **адилетсиздиктен**, жаман адаттан, жалкоолуктан алыс болууга чакырган.)

**Тапшырма:**

◈ Профессор К. К. Юдахин түзгөн «Кыргызча-орусча сөздүктөн» алынган «замана» деген сөздүн түшүндүрмөсүн окуп чыккыла, айтып бергиле:



www.bizdin.kg

**замана** – 1. время, эпоха; **жаңы заман** – новое время, новые времена; **азыркы заман** – современность, наше время;
2. *лит.* **заманы** – литературный жанр дореволюционной поэзии: короткие бессюжетные произведения, выражающие отношение акына к современности; в большинстве **заманов** выражается недовольство современностью, забвением требований ислама, разрушением устоев патриархально-феодального общества; есть много стихов, порицающих леность, воровство, пьянство, междуродовые распри, алчность богачей и властителей, жадность и развратность служителей культа. И наряду с этим восхваляющих труд, доблесть, честность, призывающих перенимать у русских формы хозяйства, сеять хлеб, разводить сады и т.п.; у разных акынов название варьируется: **акыр заман** – тяжёлое время, конец мира, **зар заман** – эпоха скорби, **тар заман** – трудное время, **замана** – времена, эпоха.

(«Кыргызча-орусча сөздүктөн» – түзгөн профессор К. К. Юдахин. 287-б.)

## КАЛЫГУЛ БАЙ УУЛУ
## (1785 – 1855)

*«Калыгул акын кыргыз акындарынын атасы эсептелет. Андан мурунку эл-журтка маалим, ырлары сакталбаган биринчи кыргыз акынын уга албадык».*

*(Сагымбай Орозбак уулу)*



Калыгул Бай уулу кыргыз элинин ойчул акыны, **нускоочу**, өз заманынын даанышман адамы, белгилүү кыргыз **сөз устат**тарынын алгачкы өкүлү болгон. Ошол доордун оор турмушун, кыйынчылыктарын өз ырларында чагылдырган. Элдин арасындагы **адилетсиздик**, адепсиздик көрүнүштөрдү **сынчыл көз караш** менен караган. Өз ой-пикирин, **сезим-туюму**н ачык айткан адам болгон.

Калыгул 1785-жылы Ысык-Көлдүн күнгөйүндө Карой-Сарой деген жерде туулган. Атасы Бай оокаттуу, **төрт түлүгү түгөл** адам болгон. Калыгул жаш кезинен эле тамсилчи, макалчы акын катары таанылган. Анын ырларында **акыр заман идеясы** орун алган. Өз заманынын, жашаган мезгилинин салт-санаасын, үрп-адатын жактап, мактап ырдаган. Коомдук түзүлүштөгү өзгөрүүлөрдү, диний талаптардын аткарылбай калышын акын замандын бузулушу, акыр замандын жакындашы катары кабыл алган.

Ошентсе да, **санат**, насыят, адамдын начар жүрүм-турумун сындаган, жаштарды ынтымакка, адептүүлүккө чакырган саптары да арбын. Калыгулдун **«олуя», «көзү ачык»** даанышман болгону тууралуу Тоголок Молдо, Сагынбай Орозбаков айтышкан. Ал жөнүндө 1940-жылы Ыбырай Абдыракманов: «Калыгул чыгарган ырларын **обонго салбай**, жөн эле маселдентип айтып берген. Ал кезде ыр-

5-83

www.bizdin.kg

ларын обонго салып, комузга кошуп ырдагандарды(тех, кто поёт с мелодией на комузе) «ырчы» дешкен. Ал эми Калыгул болсо, **чечендик** искусствосунун өкүлү катарында өзүнүн терең образдуу санат, **накыл**, макал-лакап иретиндеги сөздөрүнө философиялык маани киргизип, **даанышмандык көрк** бергендиктен, аны «акын» аташкан. Анын үстүнө анын **манаптык даражасы** да ырдап отурууга, же комуз кармоого жол бербеген»,– деп жазган.

Калыгул олуя өзүнүн калыстыгы, даанышмандыгы менен эл арасында чоң кадыр-баркка жетишкен. Атак-даңкы алыска тараган Калыгулга көпчүлүк эл ар кандай доолор менен келип, акыл-кеңеш сурашкан. Олуя алардын доосун туура, калыс чечип, «кара кылды как жарган» калыс болгон.

Калыгул Бай уулу 1855-жылы Ак-Суу деген жерде дүйнөдөн кайткан.

**нускоочу** – певец-импровизатор, слагающий назидательные песни
**сынчыл көз караш** – критический взгляд
**сезим-туюм** – интуиция
**төрт түлүгү түгөл** – в достатке, жить зажиточно
**акыр заман идеясы** – идея конца света
**«олуя», «көзү ачык»** – святой, провидец
**обонго салбай** – не положив на мелодию
**чечендик** – красноречивость, ораторство
**даанышмандык көрк** – мудрость, философский вид
**манаптык даража** – положение манапа

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**сөз устаты** – мастер слова (7-кл., 27-б. **Калык Акыев:** Калык Акыев кыргыз журтчулугуна чебер комузчу, көөдөнүнөн ыр төгүлгөн **көрком сөздүн устаты** катары белгилүү.)
**адилетсиздик** – несправедливость (8-кл., 131-б. **Чыңгыз Айтматовдун «Саманчынын жолу» повести жөнүндө:** Ал эми Толгонай тылда өз эмгеги, көтөрүмдүүлүгү, күчтүүлүгү, **адилеттүүлүгү** менен согушту жеңүүгө жардамын берет.)
**санат** – песня, состоящая из рифмованных афоризмов (9-кл., 48-б. Академик Болот Мураталы уулу Юнусалиевдин макаласынын аталышында: «Молдо Нияздын **санат**тарындагы диалектик өзгөчөлүктүн чагылдырылышы»)
**накыл** – поучительное предание (9-кл., 51-б. **Жусуп Баласагындын «Кут алчу билим»:**
Тил такта башың аман болору чын,
**Сөздөрүң накыл** болсо – өмүр узун.)

## АКЫР ЗАМАН

**Азиздер** айтып кетиптир,
**Акыр заман** болжолун.
Ак **Азирети пайгамбар,**
Адам ата баш болуп,

**азиз** – чтимый, уважаемый, дорогой
**акыр заман** – тяжёлое время, конец света
**азирети** – святейшество (титул пророков)
**пайгамбар** – пророк



*Акыр заман жөнүндө акын кайдан билген?*

**Акыр заман** кишиси
Кичине болор мүчөсү.
Адеби жок сүйлөгөн,
Кашка болот деп айткан.
Элдин **нурку** азайып,
Ачка болот деп айткан.
Аганын тилин ини албай,
**Чагым** болот деп айткан.
Акыр заман адамы
**Бакыл** болот деп айткан.

**акыр заман** – конец мира, тяжёлое время
**нурк** – племя, род, порода
**чагым** –донос, клевета; *здесь:*доносчик, клеветник
**бакыл** – сараң, **битир** – скупой, жадный

*Акыр замандын адамы кандай болот дептир?*

Мал азайып **арымдап**,
Жакыр болот деп айткан.
Эгини өнүп,чөп чыкпай
Такыр болот деп айткан.

**арымдап** – постепенно

*Акыр заманда айыл чарбасы кандай абалда болот дейт?*

Акыр заман адамы
**Аалым** болот деп айткан.
**Аяттын** сөзүн бек тутпай,
**Залым** болот деп айткан.
Аганын тилин ини албай,
Чагым болот деп айткан.
Биринин тилин бири албай,
Жайыл болот деп айткан.
Капыр менен аралаш,
Ошондо айыл конот деп айткан.

**аалым** – учёный, сведущий в богословии
**аят** – стих корана, глава корана
**залым** – жестокий

*Акыр замандын адамынын ички дүйнөсү, адеби кандай экен?*

**Тапшырмалар:**

1. Калыгул Бай уулу жөнүндө айтып бергиле.
   1) Калыгул кайда, качан жана кандай үй-бүлөдө туулган?
   2) Калыгул Бай уулу эмне үчүн эл алдына чыгып ырдаган эмес? Анын ырлары эмне жөнүндө?
   3) Ал кандай **сынчыл ой-пикирлерди** билдирген? Жаштарды эмнеге үндөгөн?
2. Калыгулдун «Акыр заман» поэмасынан алынган үзүндүнүн мазмунун айтып берүү үчүн төмөнкү суроолорго жооп бергиле:
   1) **«Акыр заман»** деген поэмасында ал эмне жөнүндө айтат?
   2) Эмне үчүн ырчы **акыр заман болот** дейт?
3. Үзүндүдө айтылгандай «Акыр заман адамынын мүчөсү кичине, адеби жок сүйлөйт, аганын тилин иниси албайт, сараң жана залым» болсо, мындай адамдар биздин учурда барбы? Бар болсо, окшош жактары көппү? Адамдардын Калыгул айткан адамдарга окшош эмес жактарын атай аласыңарбы?
4. Калыгулдун төмөнкү ыр саптарында айтылган ойду силер 8-класста окуган Касым Тыныстановдун «Жаз» деген ырындагы жакшы жашоо, жаркын маанайды билдирген ыр саптарына салыштыргыла:

www.bizdin.kg

**«Акыр заман»**
**Элдин нурку азайып,**
Ачка болот деп айткан.
Мал азайып арымдап,
Жакыр болот деп айткан.
Эгини өнүп,чөп чыкпай
Такыр болот деп айткан.

**«Жаз»**
Жан-жаныбар көбөйүп
Жалпы-жайык төлдөдү.
**Элдин пейли кеңейип,**
Айран-жуурат көбөйдү.

5. Калыгулдун «Акыр заман» ырын жаттагыла. Ырдын мазмунун сүйлөп бергиле.
6. Төмөнкү сүйлөмдөрдү толуктап, дептериңерге жазып алгыла: *Калыгул кыргыз ... ойчул акыны, өз заманынын ... адамы, кыргыз сөз ... алгачкы ... болгон. Атасы ... оокаттуу, ... түлүгү түгөл ... болгон. Калыгул ... обонго салбай, ... маселдентип айтып берген. Атак-даңкы ... тараган Калыгулга ... ар кандай доолор ... келип, ... сурашкан.*
7. Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин, антонимдерин таап, дептериңерге жазып алгыла: *ойчул, акылман, түгөл, масел, кара сөз, обон, атак, доо, нускоочу.*

## АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУ
## (1840–1882)



Кыргыз элинин ырчысы, акын, комузчу Арстанбек Буйлаш уулу 1840-жылы Ысык-Көлдүн Сырт деген жеринде туулган. Атасы Буйлаш эл арасында кадыр-барктуу, бий адам болгон. Атасынын эки аялы болуп, Арстанбек токол аялдан төрөлгөн. Ошондуктан, Арстанбек атасынын байбичесинен төрөлгөн башка балдарына тең боло алган эмес. Анын бала чагы кыйынчылыкта өткөн. Бай атасынын, анын туугандарынын кой-козуларын кайтарган. Карыялардын айтуусуна караганда, ал жаш кезинен эле ырга, комузга шыктуу (способный) болуп, «Кожожаш», «Бердикожо», «Беш казак», «Мендирман» аттуу **кенже эпосторду** айта билген.

Анын чыгармаларынын ичинен **«Тар заман»** деген поэмасы эң көлөмдүү. «Тар заман» поэмасы Калыгул Бай уулунун «Акыр заман» поэмасы менен **багыты жагынан** бирдей жана окшош.

Бул поэмада Арстанбек Буйлаш уулу кыргыз элинин оор турмушу, кыйынчылыктары жөнүндө айтат. Тилекке каршы, бул поэма да акындын калган ырларындай эле бизге толугу менен жеткен жок.

Атасы Буйлашты ээрчип, Арстанбектин Анжыянга барышы акындын ырчылык **чеберчилигинин** жогорулашына, анын **атак-даңкка ээ болушу**на көмөк көрсөтүп, кийинки **тагдыр**ына чоң **таасир** тийгизет.

Арстанбек Алымбек датканын жанында туруп, той-тамашаларга көп катышат. Анжыян тегерегин бүт **кыдырып**, көп эл, көп жер көрөт. **Далай** комузчу, ырчылар менен беттешип, аларды жеңет. Арстанбек кыргыз элинин башынан өткөн бир нече оор окуяларды



көрөт. Кокон хандыгынын **үстөмдүгүн**, бугу-сарыбагыш (названия племён) **чабыштарын**, **орус падышачылыгы**нын Кыргызстанда жүргүзгөн **колониялык саясат**ын көргөн. Ушундай тар замандагы карапайым кыргыз элинин оор турмушун ырларында чагылдырган.

Арстанбек Буйлаш уулу өз чыгармачылыгында сүйүү, арман, кошок ырларынан тартып, көлөмдүү чоң поэмаларды жараткан. Беш жүздөн ашуун күүлөрдү аткарган.

Акын 1882-жылы 42 жашында дүйнөдөн кайткан.

**тар заман** – трудное время
**багыты жагынан** – по направлению
**чеберчилик** – мастерство
**атак-даңкка ээ болушу** – прославиться
**далай** – много, несколько
**үстөмдүк** – превосходство
**чабыштар** – столкновения
**орус падышачылыгы** – русский царизм
**колониялык саясат** – колониальная политика

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**кенже эпостор** – малые эпосы (7-кл., 7-б. **«Элдик эпостор жөнүндө»**: Эпостор көлөмү жагынан ири, **кенже эпос** болуп экиге бөлүнөт.)
**кыдырып** – побывать, бродить в поисках, обходить (9-кл., 59-б. **Молдо Нияз:** Молдо Нияз Кашкар шаарындагы медреседен билим алган. Ал Арка, Анжиянга, а түгүл китайлык кыргыздарга чейин **кыдырып чыккан.**)
**тагдыр** – судьба (9-кл., 62-б. **Молдо Нияздын «Курбанжан датка» поэмасы:** Алымбектен кийин даткалык дөөлөткө ээ болгон Курманжан өз уулдарынын бири Сибирге айдалып, бири Афганистанга качып, бири орус падышачылыгынын колунан курман болуп жатса да, ушундай **тагдыр**дын мүшкүлүнө карабастан ал орус бийлиги менен элдешүүгө барат.)
**таасир** – влияние (9-кл., 4-б. **«Манас» эпосу жөнүндө жалпы маалымат:** «Манасты» айтуучу акындар менен жомокчулар айылдан-айыл кыдырып, «Манас» айтуу аркылуу элдин жүрөгүнө чоң **таасир** берип, баскынчыларды жек көргөзүү сезимин туудурган.)

### «Тар заман» чыгармасы жөнүндө

Арстанбек «Тар заман» поэмасын 1860-жылдарда чыгарган. Бул поэмасын кийинки 15–20 жыл ичинде эл алдында **үзбөй** ырдап жүргөн.

Ошондуктан Арстанбек «Тар заманын» улам өзгөртүп, оңдоп, анын көркөмдүгүн **арттыра берген**. Кыргыз элинин башынан өткөргөн тарыхый окуялары элдин социалдык абалына таасирин тийгизип, эл жакыр турмушта, кыйынчылыкта жашаган. Кокон хандары кыргыздарга бийлик кылып, зордук-зомбулук көргөзгөн. Кыргыздардын сарыбагыш, бугу уруулары өз ара урушуп турушкан. Казактын Кенесары ханы да кыргыздарга чабуул жасап, элди кырган. Орус падышасы да кыргыз же-

**тар заман** – трудное время
**үзбөй** – непрерывно, не переставая
**арттыра берген** – увеличивал

www.bizdin.kg

ринде өзүнүн колониялык саясатын күчөткөн, элдин туш-тараптан көргөн **запкысы** акындын жүрөгүн ооруткан. Акын бул поэмасында кыргыздардын уруу баштаган кан, баатырлары ынтымакка келип, күчтөрүн бирге жыйнап, бул **күчтүү жоого каршы тур**са экен деген ойду айткан. «Тар заман» поэмасында Арстанбек замандын **түрүн чебердик** менен мүнөздөйт. Эл мал-жандан, баштан, жер-суусунан **айрылат** деп айтат. Элдин таалайсыз келечегине кейийт.

**запкы** – унижение, притеснение, оскорбление
**күчтүү жоого каршы тур** – стоять против сильного врага
**айрылат** – лишится

**Эстегиле! Тааныш сөз:**

**түр** – вид, облик (9-кл., 9-б. **Сагымбай Орозбак уулу:** «Балам, айтышың жакшы экен, кыймыл-аракетке кедей экенсиң. Жомокту айтып жаткан учурда, окуянын мазмунуна карай, **түрүңдү**, түсүңдү өзгөртүп, колуң менен түрдүү ишараттарды жасап айтсаң, жакшы болот»,- деген экен.)

## ТАР ЗАМАН

Байыркы бала жаш чакта,
**Кызыл өңүм ток чакта,**
**Кыл сакалым жок чакта,**
Карылардан көп уктук.
Уламадан сөз уктук.

**кызыл өңүм ток чакта** – когда был беспечным
**кыл сакалым жок чакта** – *здесь:* был ещё молодым

*Тар замандын келиши кайсы мезгилде белгилүү болгон?*

Ошондо өңү сары, көзү көк,
Орус чыгат дечи экен,
Кыска чөптүн баарысын
**Коруп чыгат** дечү экен.
Ай-ааламдын баарысын
**Соруп чыгат дечү экен.**

**коруп чыгат** – *здесь:* присвоит себе
**соруп чыгат дечү** – все приберет к своим рукам

*Тар замандын белгилерин кайсы саптардан билсек болот?*

Улуу суунун баарысы
**Чулук болот** дечи эле.
Кичи атанын баарысы
Улук болот дечи эле.
**Жаан-чачын** азайып
Шамал болот дечи эле.
Адамзаттын билгени,
**Амал** болот дечи эле.
Кыш көбөйүп жылынан
Жай азаят дечү эле.
Короодогу айдаган
Кой азаят дечү эле.
Журтта **ургаачы** көбөйүп

**чулук болот** – будет водоворот
**жаан-чачын** – осадки
**ургаачы** – женщины



**Бой азаят** дечи эле.
Ошол орус чыкканда
Төгөрөктөп урдурган
Коргон чыгат дечи эле.

**бой** – мужчина
**азаят** – станет меньше

*Айтылган окуялар орус элинин келиши менен байланыштуубу?*

Акча, теңге түгөнүп,
Тыйын чыгат дечү эле.
Атасынан баласы
Кыйын чыгат дечү эле.
Калаа-коргон көбөйүп,
**Кент** түгөнөт дечү эле.
Тегеректин баарысын
Кагаз менен иштешип,
Соргон чыгат дечү эле.
Кийинкинин баарысы,
Бутун-колун жашырбай,
Дөрбөл чыгат дечү эле.

**кент**– пункт оседлости, селение

*Акынга кайсыл көрүнүштөр жакпайт?*

Алматыдан аттанып,
Орус келе жатырай,
Кыска чөптүн баарысын
Коруп келе жатырай.
Узун чөптүн баарысын
Оруп келе жатырай.
Бул орусту карасаң,
**Ченчи** салып, жерди алды,
Бээден туулган **керди** алды.
**Карды салык** байды алды,
Кача турган жайды алды.

**ченчи** – землемер, топограф
**кер** – (о масти лошади) карий, караковый
**карды салык** – пузатый

*Ошол мезгилдеги саясый абал, социалдык турмуш жөнүндө эмне билдик?*

Качканың кайда кутулду,
Туурадан салды **тозокту**.
Кармап алды Кулжадан,
Балбай менен Шоорукту!
Суута чыккан **жекен**дей,
Орус келсе, сыйлайсың
Ак сакалдуу акеңдей.
Илгерки кары калыптыр
Суута түшкөн текедей.
Бул орусту карасаң,
Суу – суута салды **бекетти**,
**Болуш**тарды карасаң,
Катыныңдай **кекетти**.

**жекен** – рогоз, ситник, куга (болотное растение)
**бекет** – почтовая станция
**кекетти** – бранил, запугивал

*Акын орус падышачылыгынын кандай терс жактарын көрсөттү?*

www.bizdin.kg

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**амал** – хитрость (6-кл., 14-б. **«Эр Төштүк» эпосунан:**

Мына ошондо бул кемпир
**Амалы** катуу артты эми:
«Бөлүнгүрдүн кара жер,
Бөлүнө берип өткүн!»- деп,
Бул **амалды** кылды эми.)

**тозок** – ад (8-кл., 77-б. **«Төркүнүнө жетпеген кыздын арманынан»:**

Тобурчак аттын toктугу,
**Тозоктуу** көлдүн окчуну,
Төркүнүм көлдө, мен мында,
Ичимде толгон көп муң да.
Тобурчак аттын туягы,
**Тозоктуу** көлдүн ыраагы.)

**болуш** – волостной управитель, волость, (8-кл., 73-б. **«Кыз узатуу» ырынан:**

Аркадагы көк конуш,
Алты ыстарчын бир **болуш**,
Атакең тапкан жай конуш.)

**Тапшырмалар:**

1. Арстанбек Буйлаш уулунун өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө төмөнкү план боюнча айтып бергиле:
   1) Арстанбектин балалык чагы.
   2) Жашынан **өнөрлүү** өсүшү.
   3) Түштүктө Алымбек датканын жанында жүрүшү.
   4) Тарыхый окуялардын акындын «Тар заман» поэмасынын жаралуусуна шарт түзүшү.
2. **«Тар заман» поэмасынын багыты** жөнүндө сөз кылуу үчүн төмөнкү суроолорго жооп бергиле:
   1) «Тар заманда» айтылган жат көрүнүштөрдүн болушу падышалык Россияга гана тиешелүүбү?
   2) Арстанбектин атуулдук ар-намыстуулугунан үлгү алууга болобу?
   3) Калың элди эзүүчүлөргө каршы күрөшкө чакыруу идеясы кайсы саптардан көрүнөт?
   4) Акындын айтканы боюнча анын заманы эмне үчүн **тар заман** болгон?
3. «Тар замандагы» ырлар мезгил боюнча боло элек жана болуп жаткан окуялардын тогошуусунан куралган. Ошол үзүндүдөн кайсынысын боло элекке, кайсынысын болуп жатканга кошуу керек?
4. Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин, антонимдерин таап, дептериңерге жазып алгыла: *орус, чебер, тар заман, көлөмдүү, амал, коргон, тозок, болуш, жер-суу.*
5. Төмөнкү саптарда акын эмнени айткысы келген? «Заманың келди жакындап, тайган иттей такымдап. Устаранын мизиндей, оодарылган дүйнөө».
6. «Тар заман» поэмасынан төмөнкү үзүндүнү жаттагыла.

Карылардан кеп уктук,
Уламадан сөз уктук.
Ушу заман тар заман,
**Азуулууга** бар заман,
**Бечарага** зар заман.
Заманың келди закымдап,
**Тайган иттей такымдап.**
Устаранын мизиндей,
Оодарылган дүнүйө.
Байыркыдан **барк** кетти,
**Каадалуу нуска, нарк** кетти.
**Жардылардан барк** кетти,
Каада, **нуска, нарк** кетти.

**азуулуу** – хищник, зубастый, то есть богатый

**тайган ит** – борзая собака; **такымдап** – наступая на пятки
**барк** – ценность, значимость, достоинство, авторитет
**каадалуу нуска** – знающий обычаи,пример, образец
**нарк** – цена, стоимость; **жарды** – бедняк, беднота



**Эстегиле! Тааныш сөз:**

**бечара** – бедняга (6-кл., 56-б. **Токтогул Сатылганов «Жетимдер жөнүндө»:**

Сурап койбойт эч бир жан
**Бечара** жетим сен ким деп...
Адилетсиз турмуш ай,
Өз колунда жок болсо,
**бечаралык** ушундай.)

## МОЛДО КЫЛЫЧ ШАМЫРКАН УУЛУ (1866–1917)

Молдо Кылыч Шамыркан уулу – кыргыздын тунгуч жазма акыны, эл ырчысы. Ал 1866-жылы Кочкор өрөөнүндө туулган. Анын атасы Шамыркан Төрөгелди уулу тың чыгып, **эл бийлөөчүлөрдүн өкүлү** болгон. Ал Кылыч беш жашка келгенде дүйнөдөн кайтат. Кылыч Жумгалдык **чала молдо** Баян дегенден арабча кат тааныйт. Кийинчерээк Чүйдөгү Мамбетаалыдан, Акмолдодон сабак алат. Токмоктогу Закир **калпа**дан окуп, казак, татар тилдеринде чыккан гезит-журналдарды окуй баштайт. Сабатсыздыгы жоюлуп, Молдо Кылыч атка конот.

Молдо Кылычтын ырларынын көпчүлүгү **диний темада** экенинин себеби (причина) да ушундан улам болуу керек. Анын ырлары элдижерди даңазалайт. Ошондой эле ал эски коомдогу уруулук (уруулук – родовой, племенной) **көз караш**тарды колдогон ырларды да жазган. Молдо Кылыч өзү **манап тукумунан** болсо да, эл бийлегенге катышкан эмес. Бийлик камчысын колго албай, башкача жашап, эл турмушуна аралашкан.

Анын «Зар заман» поэмасы – эң көлөмдүү чыгармасы. Кылыч Шамыркан уулу «Чүй баяны», «Зилзала», «Керме тоо», «Жинди суу», «Алдамчы», «Кыз-жигит» жана башка чыгармаларды жазган.«Зар заман» поэмасы **санат** түрүндө жазылган. Белгилүү адабиятчы жана окумуштуу Ш.Үмөталиев белгилегендей, Кылычты далай жылга **унутта калтырууга шылтоо болгон маселе** – чыгармаларындагы «орус» темасы. Молдо Кылычтын орустарга болгон мамилесин, көз карашын эки мезгилге: алгачкы жана кийинки мезгилге бөлүүгө болот. Эгерде алгачкы мезгилде акынга **толгонуу, чочуркоо, шектенүү,**

www.bizdin.kg

**жек көрүү** мүнөздүү болсо, кийинчерээк Кылычтын көз карашында белгилүү **оң өзгөрүүлөр** пайда болот.

Эгерде алгачкы мезгилде акын «ислам динин орустар булгап коёт го»,– деп коркуп (боясь, что русские испортят ислам), патриархалдык-феодалдык мамилелердин акырындык менен ыдырай башташын (постепенный развал патриархально-феодальных отношений) орустардан деп аларды **жек көрсө**, кийинчерээк Чүйдөгү жаңы **өзгөрүүлөрдү**, чарбадагы жаңылыктарды орус алып келгенин ачык эле айтат. Буга анын «Чүй баяны» аттуу поэмасы **айкын далил.**

Молдо Кылыч Шамыркан уулу 1917-жылы каза болгон.

**эл бийлөөчүлөрдүн өкүлү** – представитель правящих
**чала молдо** – полуграмотный молдо
**калпа** – наставник медресе
**диний темада** – на религиозную тему
**манап тукумунан** – из рода манапов
**унутта калтыруу** – забыть
**шылтоо болгон маселе** – проблема, которое послужила поводом
**толгонуу** – волнение
**чочуркоо** – опасение
**шектенүү** – недоверие; **жек көрүү** – ненависть
**айкын далил** – явное доказательство

**Эстегиле! Таанып сөздөр:**

**көз караш** – взгляд (9-кл., 68-б. **Калыгул Бай уулу:** Элдин арасындагы адилетсиздик, адепсиздик көрүнүштөрдү сын **көз караш** менен караган.)**өзгөрүүлөр** – изменения, перемены (8-кл., 106-б. **«Чүй баяны»:** ...кийинчерээк Чүй боорундагы жаңы **өзгөрүүлөрдү**, чарбадагы жаңылыктарды орустар алып келгенин айтат.
9-кл., 67-б. **«Замана акындары жөнүндө алгачкы сөздөн»:** Өз заманындагы **өзгөрүштөрдү** байкап, ал окуяларды **сын көз караш** менен баалашкан.)

### «Зар заман» поэмасы жөнүндө

Кыргыз жазма адабиятынын көрүнүктүү өкүлү Молдо Кылыч Шамыркан уулунун «Зар заман» поэмасы эл арасында кол жазма түрүндө да, оозеки түрүндө да кеңири таралган. Калыгулдун «Акыр заман», Арстанбектин «Тар заман» поэмалары сыяктуу эле Молдо Кылычтын «Зар заман» поэмасы акындын өз заманынын өзгөчөлүктөрүнө, коомдук-социалдык абалына карата мамилесин, ой-пикирлерин чагылдырат. Ошол мезгилдеги адамдардын **кылык-жоруг**уна, жаш муундардын келечек жашоосуна ой жүгүртүп, ошол кездин **курч маселеси** – кыргыздар менен орус элинин өз ара байланыш мамилелери жөнүндөгү **ой толгоо**лорун билдирет.

Элди эмгектенип, жашоо-турмушту жакшыртууга, бири-бирине кайрымдуу болууга, эл бийлеген бийлерди эл-журт үчүн адилеттүү, калыс болууга чакырат. **Жарашыктуу** замандын адамдары жана ал заманды **даңазалаган** акындары кандай болуу керектигин көрсөтөт.

**кылык-жорук** – поведение
**курч маселе** – острая проблема
**ой толгоо** – зреющая мысль
**жарашыктуу** – приятный, правильный
**даңазалаган** – прославляющий



## ЗАР ЗАМАН

**зар заман** – эпоха скорби

Зар замандын **казалы**
Калем алып жазалы.
Жөнү жокту жаздың деп
Кудайым кылба **жазаны**.
Молдо Кылыч мен атым,
Болжолу жок санатым.
**Чаар китеп**тен аз окуп,
**Чала** чыккан **сабат**ым.
**Санаа**дагы сөзүңдөн,
**Чыгаар сөз**үм орундуу.

**казал** – название произведений поэтов – письменников
**жаза** – *син.:* айып; наказание
**чаар китеп**–испещрённая, исписанная книга
**чала сабат** – малограмотный, полуграмотный
**санаа** – мысль, дума, намерение
**чыгаар сөз** – слова, которые собираюсь сказать

*Акын өзү жөнүндө эмнелерди баяндады?*

Жигит болсоң абайла,
**Убал** кылба жаныңа,
Тазалагын жолуңду
Тарта жүргүн колуңду.
Жаман адам **курусун**,
**Доо чыгарып** бир жерден,
Милдет кылаар жумушун.
Жакшыларды карасаң
Кылганынын **доосу жок**,
Сыр билгизбейт **тымызын**.

**убал** – ущерб, урон
**куру** – пропади; **курусун** – пусть пропадет
**доо чыгарып** – иск подавая, затевая тяжбу
**доосу жок** – без претензий
**тымызын** – втихую

*Жаман менен жакшынын айырмасы эмнеде?*

Мен сүйлөйүн канчаны,
Казак, кыргыз **бараңчы**.
Калайыкка эринбей,
Кетти канча **далай** сөз
Кара көзгө көрүнбөй.
Акындардын обону
Домбуранын үнүндөй.
Жарашыктуу зар заман
Тоту куштун жүнүндөй.
Бар келишкен **бору**му
Кызыл **кымкап** гүлүндөй,
Кандай салса жарашаар,
Калың килем түрүндөй.
Түшүп турат токтобой,
**Кирекеч**тин жүгүндөй.

**бараңчы – апырткыч** – склонный к преувеличениям
**бор**у**му** – внешний вид
**кымкап** – парча
**кирекеч** – перевозчик клади

www.bizdin.kg

Кызыкканда жакшы сөз
Кызыгышкан оюндай.
Айдап келем көп сөздү
Кербенчинин коюндай.

*Жарашыктуу замандын белгилери кайсылар?*

Тилим шыдыр, түздүгү
Зым карагай жолундай.
Баары сонун **тийимдүү**
**Бардеңке**нин огундай.
Маани билбес **эсерге**,
Башка тийген **союлдай.**
Тегеретээр көңүлүңдү
**Тегирмендин огу**ндай.
Акылы бар адамга
Тынч олтурган орундай.

**тийимдүү** – целенаправленный
**бардеңке** – винтовка
**эсер** – легкомысленный, опрометчивый
**союл** – дубина
**тегирмендин огу** – жернова мельницы

*Мыкты акындын мыктылыгын эмнеден баамдадыңар?*

**Тили жүйрүк** акындар
Сөзү сайдын ташындай.
Кенендигин сурасаң,
Кең Кочкордун сазындай.
Зар заманды байкасаң,
Даамы татты казыдай.
Эч болбосо ширеси
**Чекенде**нин ашындай.
Кулагыңа жугумдуу
Көк темирдин датындай.
**Асан кайгы** жигиттер
Эри өлгөн катындай.
**Зардабы бар** боз балдар
Заяпкердин атындай.
Пейли тардын куну жок,
Бай да болсо **жакыр**дай.
Бузулганды түзөгөн –
Жоо качырган баатырдай.
Кыйшык сөздүү жигиттер –
Кыянаты **капыр**дай.

**тили жүйрүк** – речистый, красноречивый
**чекенде** – кузьмичёва трава
**зардабы бар** – у кого жгучая боль
**жакыр** – бедняк
**капыр** – иноверец, неверный

*Акын кандай жигиттердин таламын талашат, кайсы жигиттерди жактырбайт?*

Кылыгы жакшы боз бала
**Булу** кымбат асылдай.
**Зекети жок** малыңыз
Эшек менен качырдай.
Ишеничтүү жигиттер
Ат байлаган **акыр**дай.
**Жигери бар** азамат
Жыты жакшы атырдай.

**зекети жок** – без налога со скота
**акыр** – *ир.* ясли (для скота)
**жигери бар** – храбрый, смелый, самоотверженный

*Санаттагы азамат кандай сапаттарга ээ?*



**Тилим шыдыр, түздүгү – зым карагай жолундай. Баары сонун тийимдүү, бардеңкенин огундай.** Язык мой гладок, его стройность подобна телеграфной линии, всё в нём попадает в цель, будто пуля винтовки. (Кыргызско-русский словарь. К.К.Юдахин. – Б. «Шам», 1990. 733-бетте)

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**далай** – много, неисчислимо (9-кл., 71-б. **Арстанбек Буйлаш уулу жөнүндө:** Арстанбек Алымбек датканын жанында туруп, той-тамашаларга көп катышат. **Далай** комузчу, ырчылар менен беттешип, аларды жеңет.)

**Асан кайгы** – Асан-горемыка (персонаж казахских и кыргызских сказок, искатель правды) (7-кл., 88-б. **К.Жусуповдун «Ыр сабындагы өмүр» эссесинен:** Акындын өксүгөнүн туура түшүнөлү. Акын адамзатты жек көрүп айткан жери жок, кайра адамзаттын өмүрү, асылдыгы үчүн **асан-кайгы** тартып жатпайбы!)

**бул** – *южн.:* **пул** – деньги (9-кл.,64-б. **Молдо Нияздын «Курбанжан датка» санатынан:**

Казынаңа батпаган
**Пулуңдун көбүн айтамын.**)

**Тапшырмалар:**

1. Молдо Кылыч Шамыркан уулунун өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө баяндап берүү үчүн төмөнкү суроолорго жооп издегиле:
   1) Молдо Кылыч качан, кайсы жерде, кимдин үй-бүлөсүндө төрөлгөн?
   2) Ал байдын уулу болсо да, эмне үчүн эл бийлегенге катышкан эмес?
   3) Бул акын эмне себептен Молдо атка конгон? Дагы кайсы акындардын аттары «молдо» деген ат менен кошо айтылат?
   4) Акынды эмне үчүн далай жылга **унутта калтырышкан?**
2. Молдо Кылыч Шамыркан уулунун **«Зар заман» поэмасынан** үзүндү тандап жаттагыла.
3. «Акыр заман», «Зар заман» жана «Тар заман» чыгармаларын Венндин диаграммасы боюнча салыштыргыла. Диаграмманы түзүүдө төмөнкү суроолорго жооп издегиле:
   1) Бул чыгармалардын окшош жактары барбы? Бул ырлардын окшош жактары менен айырмачылыктары кайсылар?
   2) Чыгармалардагы жалпы тема кайсы?
   3) Акыр заман, тар заман, зар заман деген сөз айкаштарын кандай түшүнүүгө болот? Бул сөз айкаштары бири-бирине синоним боло алабы?
   4) Авторлор өз заманына кандай көз караште экен? Алар заманынын өзгөрүштөрүнө кейийби? Эмне үчүн? Же салкын көз караштабы?
4. XIX кылымдагы замана акындары айткан акыр заман жөнүндө ой жүгүрткүлө, азыркы кезде да бул тема боюнча кандай ойлор айтылып жүргөнү жөнүндө текст жазып келгиле.

www.bizdin.kg

## ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВ
## (1864–1933)

*«Ал гениалдуу акын болгон»*
Чыңгыз Айтматов

*«Токтогул Сатылганов – байыркы кыргыздардан келаткан төкмөлүк өнөрдүн залкар өкүлү»*
Раиса Кыдырбаева



Кыргыз элине **аттын кашкасындай таанымал** улуу акын Токтогул 1864-жылы Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү Кутчу-Суу деген жерде туулган.

Атасы Сатылган **жамактап ырдай** койгон, **куйкум сөздүү, куудул** киши болгон. Буудай, жүгөрү эгип (выращивая), **эптеп күн көргөн.** Апасы элдик ырларды, жомокторду көп билген, ошол **чөлкөмдө** кошокчулугу менен атагы чыккан (известная своим умением слагать плач) адам экен. Ушундай **чөйрөдө** өскөндүктөн, Токтогул 13 жашында эле ырдай баштаган. Ал өз ырларында бай-манаптардын адилетсиздигин, сараңдыгын көрсөткөн, элди жакшы жашоо үчүн күрөшкө шыктандырган. Анын «Беш каман», «Эшен калпа», «Токтогулдун төрөлөргө ырдаганы», «Кош, элим» ырлары акындын элге-жерге болгон сүйүүсүн, бай-болуштарды жек көрүүсүн ачык чагылдырган.

1889-жылы июнда Бактияр манап Суусамырдагы **толкун** жөнүндө Олуя-Ата уездинин начальниги Каллаурга **билдирүү жиберет.** Ошол билдирүү боюнча бир топ адам менен Ийри-Суу жайлоосунан Токтогул кармалат. Андан Наманган түрмөсүнө айдалып келип, **суракка алынат** да, 8-августта сот Токтогулду **өлүм жазасына өкүм чыгара**т. Кийинчерээк өлүм жазасы жети жылдык мөөнөт менен (со сроком) сүргүнгө алмаштырылат. Токтогул Сибирге айдалат. Андан 1905-жылы жаз айларында качып чыгып, декабрь айында эл-журтуна келип жеткен.

Токтогулдун чыгармачылыгы лирикага, көркөм сөз каражаттарына өтө бай. Эл оозунан анын **ар кандай көлөмдөгү** 109 ыры, бир дастан («Кедейкан») жазылып алынган.

Токтогул – алтымыштан ашык күүнүн автору. «Тогуз кайрык», «Миң кыял» өңдүү элге **кеңири тараган** күүлөрү бар.

1928-жылы анын 18 күүсүн музыка изилдөөчү А. Затаевич жазып алып, 1934-жылы Москвадан чыккан «Кыргыздын **аспаптык 250 күүсү жана обону**» деген китепке кошкон.

Биздин элибиз Токтогулду **бекеринен** «Тоо булбулу Токтогул», «Асыл Током», «Кайран Током» деп **айтышпаса керек.**

Бул эпитеттер Т. Сатылгановдун **акындык өнөрүнүн мыктылыгын,** адамдык сапатынын жогорулугун (высокие человеческие качества), өмүрүнүн **армандуу учур**ларынын бар экенин белгилеп турат.



Анын алыскы Сибирь жеринде сүргүндө жүрүп да комузун колунан түшүрбөй, эли-жерин сагынып жараткан ыр-күүлөрү, өз жерине **жөө-жалаңдап** отуруп кайра келиши, **кайратынан жанбай** өмүрүнүн аягына чейин шакирттерине өз өнөрүн үйрөткөнү **акындын өзгөчөлүгүн айгинелейт.**

Токтогул **Керимбай манаптын ырчысы** Арзыматтан **баштап** отузга жакын акын менен **айтышкан.** Алардын арасында Эшмамбет, Калык, Алымкул, Барпы жана башкалар бар. Акын «Манас» эпосун, «Жаныш-Байыш», «Курманбек», «Шырдакбек», «Саринжи-Бөкөй» жана башка дастандарды айткан.

Токтогул Сатылганов 1933-жылы 17-февралда Саз-Жийдеде 69 жаш кезинде дүйнөдөн кайткан.

**аттын кашкасындай таанымал** – известный
**куйкум сөздүү** – острое слово
**чөлкөм** – окрестность
**чөйрө** – среда
**толкун жөнүндө** – о волнениях
**билдирүү жиберет** – отправит сообщение
**суракка алынат** – был допрошен
**өлүм жазасы** – смертный приговор
**өкүм чыгарат** – приговорит
**ар кандай көлөмдөгү** – разного объёма
**кеңири тараган** – широко распространённые
**аспаптык 250 күүсү жана обону** – 250 инструментальных мелодий и кюи
**бекеринен айтышпаса керек** – не спроста говорят
**Керимбай манаптын ырчысы** – певец Керимбай манапа
**баштап** – начиная
**айтышкан** – соревновался в импровизации
**жөө-жалаңдап** – пешком
**кайратынан жанбай** – не теряя решимость
**акындын өзгөчөлүгү** – особенность поэта
**айгинелейт** – доказывает
**акындык өнөрүнүн мыктылыгын** – уровень поэтического мастерства
**армандуу учур** – горестные моменты

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**жамактатып ырдоо**–импровизировать (7-кл., 4-б. **«Жарамазан айтуу»:** Орто Азия элдеринин ичинде кыргыздарда гана **жамактатып ырдоо** өнөрү – жарамазан айтуу кездешет.

**куудул** – имитатор, комик (7-кл., 20-б.**Токтогул Сатылганов жөнүндө:** Атасы Сатылган жамактатып ырдай койгон **куудул** киши болгон.)

### «Дүнүйө» ыры жөнүндө

«Дүнүйө» – бул байлыкты, **чоң чөнтөктүү**нү даңазалаган ыр эмес, **тирүүчүлүктүн,** жашоонун **даңкта**лышы. Бирөөнү алдабай, **чыныгы мээнет менен** жашасаң, ошол – чыныгы дүнүйө. Көзүң көрүп, жаркырап турган

**дүнүйө** – богатство, блага жизни
**чоң чөнтөктүү** – с толстым кошельком; **тирүүчүлүктү даңкта** – прославляй жизнь

www.bizdin.kg

дүйнө – бул **бейиш**, бул бак-таалай, бул адамдын келкели.

Кеткен дүйнө – тозок, бул **талкалануу**, өчүү, өлүү, жок болуу. Ошондуктан, бар болуп жашоо, **ак пейилди** жоготпоо: толукшуп чыккан айдай, мөмөлүү дарак шактай, асмандагы күндөй, алтын така тулпардай.

Эгерде кишинин **адамдык касиети өчсө**, оюн **арамдык бийлесе**, ал рухий жактан өлөт, анан ал суу жүрбөгөн сайдай, капкагы сынган комуздай, кышкы чилде, муздай, таманы түшкөн чарыктай керексиз. Демек, ар бир тирүү **пенденин** алдында эки жол бар, бири – жарык дүйнө, экинчиси – караңгы дүйнө. Акын ошол эки дүйнө жөнүндө айтат.

Дүйнөнүн-жашоонун **түбүнө эч ким жетпейт**. Акын **өмүргө келгендеги жашоону** ай менен күнгө, мөмөлүү шакка, күчтүү төөгө, күлүк аргымакка, кушка, дайрага салыштырса, дүнүйө жоголгондо, **өмүр бүткөндө** какталган жерге, суусуз сайга, кайгыга, таманы түшкөн чарыкка, кышкы чилдеге салыштырат. Демек, «дүнүйөнү» – бул байлык эмес, **«жашоонун жыргал керемети» катары карасак**, жашоо келет жана кайра кетет деп **сөз кылабыз**. Жашоонун келгени канчалык жакшы болсо, жашоонун аякташы ошончолук өкүнүчтүү, жаман.

**чыныгы мээнет менен** – честным трудом
**бейиш** – рай
**талкалануу** – разрушение
**ак пейил** – добродушие
**адамдык касиети өчсө** – если погаснет человеческие качества
**арамдык бийлесе** – если восторжествует нечестность, злой умысел
**пенде** – человек
**түбүнө эч ким жетпейт** – никто не достигнет дна
**өмүргө келгендеги жашоо** – жизнь при рождении
**өмүр бүткөндө** – когда жизнь заканчивается
**«жашоонун жыргал керемети»** – радостное чудо, диво жизни
**катары карасак** – если рассмотреть как
**сөз кылабыз** – говорим, затеваем разговор

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**тозок** – ад (8-кл., 77-б. **«Төркүнүнө жетпеген кыздын арманынан»**:

Төркүнүм көлдө, мен мында,
Ичимде толгон көп муң да.
Тобурчак аттын туягы,
**Тозоктуу** көлдүн ыраагы.)

9-кл., 74-б. **Арстанбек Буйлаш уулунун «Тар заман» ырынан:**

Качканың кайда кутулду,
Туурадан салды **тозокту**.
Кармап алды Кулжадан,
Балбай менен Шоорукту!)

## ДҮНҮЙӨ

Бул **дүнүйө** бекерсиң,
Бир күн өтүп кетерсиң.
**Опосу жок** дүйнөнүн,
Түбүнө ким жетерсиң?
Келеринде, дүнүйө,
**Толукшуп** чыккан айдайсың.

*Дүнүйө келеринде эмнеге окшош?*

Кетеринде, дүнүйө
Суу жүрбөгөн **сайдайсың**.

*Дүнүйө кетеринде эмнеге окшош?*

Келеринде, дүнүйө
Асмандагы күндөйсүң.
Кетеринде , дүнүйө
Кайгылуу **көңүл кирдейсиң**.
Келеринде, дүнүйө
Өзөңгө бүткөн талдайсың.
Кетеринде, дүнүйө
Өлүмдөн **бетер** алдайсың.
Келеринде, дүнүйө
Мөмөлүү дарак **шактайсың**.
Кетеринде, дүнүйө
Суу жетпеген **кактайсың**.
Келеринде, дүнүйө
**Алмач өркөч лөктөйсүң.**

*Дүнүйө келеринде кандай?*

Кетеринде, дүнүйө
**Тулпар** менен жетпейсиң.

*Дүнүйө кетеринде кандай?*

Келеринде, дүнүйө
**Аргымак** минип ойнойсуң.
Кетеринде, дүнүйө
Айланып учкан **торгойсуң**.
Келеринде, дүнүйө
Адырдан соккон желдейсиң.
Кетеринде, дүнүйө
Кол жетпес **аска белдейсиң**.
Келеринде, дүнүйө
Ай менен күндөй жарыксың.
Кетеринде, дүнүйө
**Таманы түшкөн чарыксың.**
Келеринде, дүнүйө
Кош **тегирмен ноодойсуң**.
Кетеринде, дүнүйө
Көз жетпес бийик зоодойсуң.
Келеринде, дүнүйө
**Алтын жагоо куштайсың.**

**опо** – польза, прок, добро
**опосу жок** – безполезный, без пользы
**толукшуп** – в полную силу
**көңүл кирдейсиң** – бул жерде: көңүлдүн кириндейсиң; как осадок в душе
**бетер** – хуже, больше
**шак** – ветка; **шактайсың** – как ветка
**кактайсың** – как высохшая местность
**алмач өркөч лөктөйсүң** – как вислогорбый верблюд
**аска белдейсиң** –как скалистый горный хребет
**таманы түшкөн чарык** – поршень *(обувь без подошвы)*
**тегирмен ноодойсуң** – ты как жёлоб мельницы
**алтын жагоо куштайсың** – ты птица с золотым ободком на шее



6-83

www.bizdin.kg

Кетеринде, дүнүйө
**Кышкы чилде**, муздайсың.
Келеринде, дүнүйө
**Алтын така тулпарсың.**
Кетеринде, дүнүйө
Артынан кууса жеткирбес
Айланып учкан **шумкарсың.**
Келеринде, дүнүйө
**Урууда күлүк дулдулсуң.**
Кетеринде, дүнүйө
**Уясын бузган булбулсуң.**
Келеринде, дүнүйө
**Ташкын дайра селдейсиң.**
Кетеринде, дүнүйө
**Карматпас бороон желдейсиң.**

**кышкы чилде** – сорок самых холодных дней зимы
**алтын така тулпарсың** – ты как скакун с золотыми подковами
**шумкар** – сокол
**урууда күлүк дулдулсуң** – ты неутомимый скакун в племени
**уясын бузган булбулсуң** – ты соловей, разрушивший свое гнездо
**ташкын дайра селдейсиң** – ты как наводнение
**карматпас бороон желдейсиң** – ты как смерч неуловимый

*Акындын дүнүйөгө көз карашы кандай?*

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**сай** – *син.:* өзөн, река; русло реки, сухое русло (8-кл., 34-б. **Касым Тыныстанов «Жаз»:**

Жер гүлдөдү жайнады
Ак кепинден кутулуп,
Оргуп, мөңкүп, кутуруп,
Суу каптады **сай-сайды.)**

**тулпар** – скакун (6-кл., 13-б. **«Эр Төштүк» эпосунан:**

Колуна [illegible]өө тийген соң,
Кубаларын [illegible]илген соң
Элемандын Эр Төштүк
**Тулпарына** камчы уруп,
Мына ошондо Чалкуйрук,
Бугудай мойнун бурады,
Бурулбай аттап чурады.

**аргымак** – аргамак (породистая лошадь) (7-кл., 24-б. **Токтогул Сатылгановдун үлгү ырынан:**

**Аргымак** көркү жалында,
Алманын көркү шагында.)

**торгой** – жаворонок (7-кл., 67-б. **Ч. Айтматов «Эрте жаздагы турналар»:** Жакын жерден **торгой** учту. Нараактан дагы бир **торгой** сайрап жатты. Дагы бир тараптан **торгой** үнү угулгансыйт.)

**Тапшырмалар:**

1. Токтогул Сатылгановдун өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө айтып берүүдө төмөнкү суроолорго жооп бергиле:
   1) Токтогулдун улуу акын болушуна кимдер таасир эткен?
   2) Токтогулдун алыскы Сибирге сүргүнгө айдалганына эмне себеп болгон?Сибирь жеринде сүргүндө жүргөнүн кайсы орус акын-жазуучуларынын өмүр жолуна окшоштура аласыңар? Токтогул кандай ыр-күүлөрдү жараткан?



   3) Токтогул **«Дүнүйө»** деген ырында эмне жөнүндө ырдаган? Эмне үчүн **келеринде** жана **кетеринде** деп дүйнөгө кайрылып айтып жатат? **Дүнүйө келеринде** кандай? **Дүнүйө кетеринде** кандай?
   4) Адамда дүнүйөнүн бар болушу жана жок болушу эмне үчүн бири- бирине карама -каршы коюлуп айтылып жатат? Силердин оюңарча **акындын дүнүйөгө болгон мамилеси** кандай экен?
2. Токтогулдун **«Дүнүйө»** ырынан үзүндүнү жаттап келгиле. Үзүндүнүн маанисин чечмелеп сүйлөп берүүгө даярдангыла.
3. **«Дүнүйө»** деген ыр боюнча талаш-тартыш мүнөздөгү талкуу уюштургула.
4. Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин, антонимдерин таап, дептериңерге жазып алгыла: *сүргүн, ашкерелеген, даңазалаган, чыгарган, ыр-күү, дүнүйө, жомокчу, акын, сай, лөк, адеп, тулпар, жел, чарык, ырчы.*

## ӨМҮР

Ат **арыбас** болсочу,
Жаш **карыбас** болсочу.
Жаратканы чын болсо,
**Жай-жайына койсочу.**

Кызыл **оңбос** болсочу,
Кыз **буралбас** болсочу.
Көгөргөнү чын болсо,
Гүлдөр **соолбос болсочу.**

Жибек **оңбос** болсочу,
Жигит өлбөс болсочу.
Жигит менен кыз өлсө
**Жерге көмбөс болсочу.**

Өзөнгө элим толсочу
**Өмүр өтпөс болсочу.**
Жашка **ажал келбес** болсочу,
Жакшы адам өлбөс болсочу.

**арыбас** – неутомляемый
**карыбас** – не стареющий
**жай-жайына койсочу** – оставить в покое
**оңбос** – не терять яркости
**буралбас** – не жеманится
**соолбос болсочу** – пусть не увидают
**жерге көмбөс болсочу** – не хоронить
**өмүр өтпөс болсочу**–пусть не проходит жизнь
**ажал келбес** – не приходит смерть

**Тапшырмалар:**

1. Ырды көркөм окугула. Ойлонгула: Өмүр – бул ар бир адамдагы төрөлгөндөн өлгөнгө чейинки аралык (промежуток между рождением и смерти). Демек, бир келген жаралуу – бул өмүр. Ал ошонусу менен **кайталангыс, ажайып, асыл,** сулуу жана бийик. Бирок **жараткан** ошол бергенинин баарын эмнеге алып коёт, өмүрдү эмнеге **түбөлүктүү** кылбайт? Неге жаш карыйт?

**кайталангыс** – не повторимый
**ажайып** – удивительный, изумительный, редкостный
**асыл** – благородный, ценный
**түбөлүктүү** – вечный, вечно
Ошол өмүрдүн **толукшуган** (в полную силу) бир **курагын өткөрбөй токтотуп калууга болобу?**

Бул **жаш карыбайт, ат арыбайт** дегендик да. Демек, өмүр бекер өтпөс үчүн эмне кылуу керек?

**курак** – возраст

**өткөрбөй токтотуп калуу болобу** – можно ли остановить, задержать

3. Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин, антонимдерин таап, дептериңерге жазып алгыла: *өмүр, жигит, кызыл, карыбас, гүл, жибек, өчпөс, ажал, жаралуу, ажайып, асыл, сулуу, бийик, түбөлүктүү, жаш.*
4. Төмөнкү сөздөрдүн омонимдерин таап, дептериңерге жазып алгыла: *асыл, ат, жаш, курак, болот.*
5. Токтогулдун «Өмүр» деген обондуу ырын угуп, музыканын коштоосунда аткарылышына көңүл бургула, өз оюнарды айтып бергиле.

**Эстегиле! Тааныш сөз:**

**жараткан** – создатель (7-кл., 44-б. А. Токтомушевдин «Какшаалдан кат» поэмасынан:

Боору таш кандай **жараткан**,
Туш кылды мени каяктан?)

### «Кош, апаке!» ыры жөнүндө

«**Кош, апаке!**» деген ырдын жаралышына себеп болгон окуя жөнүндө (событие, ставшее причиной создания стихотворения) акындын чыгармаларына көп жылдар бою **изилдөө жүргүзгөн** окумуштуу Ж. Таштемировдун **эмгектеринен жолуктурууга болот.**

«Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү эл,– деп жазган ал,– жети ата жана бир атага бөлүнүп (делиться до семи предков и одного отца), Рыскулбектин балдарынын **эзүүсүнөн кутулуш үчүн** көтөрүлүп, бир нече **чабыш болгондон кийин:** «Эл колдоруна **курал алып**, Анжыянга басып киргени жатат, тез аскер жибергиле»,– деп манаптар Намангандын гарнизонунан солдат сурашкан (манапы попросили отправить солдат из Наманганского гарнизона) болчу.

Алтымышка жакын солдат шашылыш жиберилип, алар Кетмен-Төбөгө **жетери менен** топ-топко бөлүнүп, 11-июндун түнү (1898-жылы) **тизмедеги** адамдарды **туткундашкан.** Анжыянга басып киргени жаткан (те, кто якобы собирался напасть) **коркунучтуу адамдар**дын тизмесинде Токтогул да көрсөтүлгөн. Ал **ак жеринен** жалган жалаа менен кармалды. Жергесинен айдалып жөнөрдө (перед тем, как его прогнали с родных мест), **жыйналып келген** элге кайрылып (обратившись к народу), «Кош, элим», «Кош, апаке!» деген ырлары менен **ичтеги күйүтүн** билдирген».

**Кош, апаке** – прощай, мама
**изилдөө жүргүзгөн** – исследовавший
**жолуктурууга болот** – можно встретить, найти
**эзүүсүнөн кутулуш үчүн** – чтобы освободиться от гнёта
**чабыш болгондон кийин** – после междоусобиц
**курал алып** – вооружившись
**жетери менен** – как только дошли
**тизмедеги** – в списках
**туткундашкан** – пленили, задержали
**коркунучтуу адамдар** – опасные люди
**ак жеринен** – будучи невиновным
**жыйналып келген** – собравшимся
**ичтеги күйүтү** – свое горе, печаль, обида, досада



www.bizdin.kg

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**окумуштуу** – учёный; (9-кл., 77-б. **Молдо Кылыч Шамыркан уулу жөнүндө:** Белгилүү адабиятчы жана **окумуштуу** Ш.Үмөталиев белгилегендей, Кылычты далай жылга унутта калтырууга шылтоо болгон маселе – чыгармаларындагы «орус» темасы.)

**эмгектери** – труды (9-кл.,54-б. **Махмуд Кашгаринин «Диван лугат ат-түрк» чыгармасы жөнүндө:** «Түрк тилдеринин сөз жыйнагы» – 1072–1077-жылдардын аралыгында жазылган энциклопедиялык **эмгек.**)

**жалган жалаа менен** – по доносу, оговору, клевете (7-кл., 21-б.**Токтогул Сатылганов жөнүндө:** Ошол үчүн байлар улуу акындан кутулуу максатында «Анжиянга басып киргени жатышат» деген **жалган жалаа** менен аны Сибирге сүргүнгө айдатышат.)

## КОШ, АПАКЕ!

Боздодуң, апа, **боздодуң,**
**Кайгымды** кайра **козгодуң,**
Кайрат кылсаң болбойбу,
**Тирүүмдө жоктодуң...**
**Каруун кетет, кейибе,**
**Кулак сал** менин кебиме.
**Ажалым** жетип өлбөсөм,
**Карчыга куштай айланып,**
Келээрмин кайра элиме!

**боздодуң** – горько плакала
**кайгымды козгодуң** – мою печаль разворошила
**тирүүмдө жоктодуң** – оплакиваешь меня, пока я жив
**каруун кетет** – ослабишься; **кейибе** – не горюй
**кулак сал** – послушай
**карчыга куштай айланып** – как ястреб кружась

*Акын кайда кетип бара жатат?*

**Айланайын** апаке,
Балапандай баккансың,
Ак сүтүңдү эмизип,
Бооруңа басып жаткансың.
Мага окшогон жалгызды,
**Зарлап** жүрүп тапкансың.

**айланайын** – милая

*Акынды энеси кантип багып, чоңойткон?*

Айланайын апаке,
Уккун менин сөзүмдү.
Картайганда көп ыйлап,
**Алдырба муңга** көзүңдү.
Ажалым жетип өлбөсөм,
**Акыр** бир күн **алармын**
Керимбайдан **өчүмдү!**

**алдырба муңга** – не поддавайся печали
**акыр – (акыры)** – в конце концов
**өчүмдү алармын** – отомщу

*Керимбай акынга кандай мамиле кылган эле?*

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**ажал** – смерть (9-кл., 53-б. **Молдо Нияздын «Курбанжан датка» санатынан:**

**Ажалдын** аччык шарбатын
Балдарың кетти баары ичип,
Сен да таткын, даткайым.)

**зарлап** – горько плакать, горевать (8-кл., 67-б. **Чыңгыз Айтматов «Бетме-**

www.bizdin.kg

бет»: Анын каар менен **муң-зарга** толгон көзү Ысмайылды: «Чык бери! Кел, алдыма!» – дегенсип тиктейт.

8-кл., 79-б. **«Койчунун арманы»:**

Кара өгүз минсем камчым жок,
Үйгө келсем, тынчым жок.
Муңканып **зарлап** ыйласам,
Арманым угар киши жок.)

**өчүмдү алармын** – отомщу (7-кл., 14-б. **«Кожожаштын Суречкиге ант бергени»:** Суречки мергенден «Алабашты тирүү калтыр»,– деп суранат. Кожожаш ага макул болбой, Алабаштын башын кесип алат. Ошондо Суречки мергендин айылына жазында келип, **өч алмакчы** болуп, ант берет.)

**Тапшырмалар:**

1. **«Кош, апаке!»** деген ырдын жаралышына себеп болгон окуя жөнүндө **окумуштуу** Ж. Таштемировдун **айткандары** боюнча сүйлөп бергиле.
2. Акындын энеси менен коштошкон сөздөрүнөн анын энесине болгон жылуу сезимдерин байкап, айтып бергиле.
3. Энеси жөнүндө башка акындардын жазган чыгармаларын атагыла. Ал чыгармаларды Токтогулдун «Кош, апаке» ыры менен салыштыргыла.
4. Төмөнкү макал-лакаптарды окуп, маанисин чечмелеп бергиле: *Эне – тоодогу булак. Энелүү бала – ток. Эненин көөнү балада, баланын көөнү талаада. Ата жакшы – уул жакшы, эне жакшы – кыз жакшы. Аталуу жетим – арсыз жетим, энелүү жетим – эрке жетим.*
5. Төмөнкү сөздөрдүн синоним, антонимдерин таап, дептериңерге жазгыла: *апа, кош, айланайын, жалгыз, муң, өч.*
6. *Адеп, адилет, барк, каада, салт, нарк, азуу, нуска, үй, баа* – деген зат атооч сөздөргө сөз жасоочу мүчөлөрдү улап, сын атоочко айландыргыла.

## ЖЕҢИЖОК КӨКӨ УУЛУ (1860–1918)



Таластан чыккан Жеңижок,
Ак калпак кыргыз элинде,
Таймашарга теңи жок. (нет равного в соревновании)
Аксыдан чыккан Жеңижок,
Ак калпак кыргыз элинде,
Айтышарга теңи жок

болгон улуу акын Жеңижок, өз аты Өтө Көкө уулу өз доорунун белгилүү төкмөсү (известный поэт-импровизатор своего времени) экен. Анын ырлары **баалуу** жана **кайталангыс** ырлар. Улуу акын Токтогул: «...Жеңижок ырдоо жагынан эч кимди алдына салган эмес (никому не уступал)»,– деп бекеринен мойнуна албагандыр (признавался не зря).

Кыргыз элинин **ак таңдай** акыны Жеңижок (Өтө Көкө уулу) 1860-жылы Таласта Сары-Көбөн айылында туулган. Жеңижоктун өз аты.



Өтө. Ал ата-энеден эрте ажырап калган. Үч бир тууган балдар **томолой жетим** калышкан.

Жетимчиликтин айынан эптеп жан багып (выживал как мог) жүргөн. Өтөнүн колуна жара чыгып, айыккан жерлери **ала** болуп калат.

Өтө **мал айдаган соодагерлер**ге кошулуп, Аксыга таякелери тарапка жөнөйт. Анын энеси Алтынай Аксыдагы Кара-Суу айлынан болгон экен. Ал жерде Жеңижок айылдык молдодон окуган. Эл арасындагы жомокчу, ырчыларды ээрчип жүрүп, **кунт коюп** алардын **төкмөлүк өнөр**үн үйрөнгөн.

Бир күнү Нурмолдо деген белгилүү ырчы менен айтышып, жеңишке ээ болот. Көргөн эл таң калып угуп, «бул **жеңи жок кемсел** кийген жаш жигит Нурмолдону **баш көтөргүс кылып** жеңбедиби!» – деп сөз кылышат. Ошондон кийин акындын аты Жеңижок болуп калат.

Сынчы А. Токтогуловдун айтканы боюнча «Жеңижок тарбиялык мааниси терең, уккан элдин акылына **уюй турган кептерди санат**тап айткан чоң акын, калк алдында **бетме-бет чыга келгенде** эч кимден жеңилбеген айтыштын устаты, **жамактатып** ырдаганда чү деген жерден оозунан ыр куюлган (песня льётся изо рта, как только начнёт) төкмө, өз заманынын окуй билген, жаза билген билимдүү, **түшүнүктүү** адамы болгон».

Акын «Балалык», «Дүнүйө» деген ырларында кыргыз элинин **наркын**, салтын, асыл баалуулуктарын кеңири чагылдырган.

«Аккан суу» ырында элдин **жаратылышка жасаган мамилеси**, сууну баалап жашаганы, даанышмандыгы жөнүндө айткан. «Накыл кеп», «Санат», «Терме» аттуу ырларында эмгек, **намыс**, өмүр, өлүм, турмуш-тиричилик, **ыйман** жөнүндө кыска, нуска, көркөм ырдаган.

Жеңижок Көкө уулу 1918-жылы 58 жаш **курагы**нда **оорунун айынан** каза болгон.

Улуу акын Жеңижок жаш муундарга минтип кайрылган экен:

Тогузу болгун жылдыздын,
Туйгуну болгун кыргыздын.
Жетиси болгун жылдыздын,
Жетиги болгун кыргыздын.

Сабы болгун кылычтын,
Сазы болгун кыргыздын!
Учу болгун кылычтын,
Уулу болгун кыргыздын!

**ак таңдай** – белое нёбо; эпитет – высшая степень красноречия и мудрости
**томолой жетим** – остались круглыми сиротами
**ала** – болезнь кожи
**мал айдаган соодагерлер** – торговцы домашним скотом
**төкмөлүк өнөр** – талант импровизации
**жеңи жок кемсел** – безрукавка

www.bizdin.kg

**баш көтөргүс кылып** – не поднять голову
**уюй турган кеп** – запоминающийся разговор
**бетме-бет чыга келгенде** – при выступлении лицом к лицу
**түшүнүктүү** – понятливый, понимающий
**жаратылышка жасаган мамилеси** – отношение к природе
**намыс** – честь
**ыйман** – совесть; религиозная обязанность
**оорунун айынан** – из-за болезни

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**баалуу** – ценный (7-кл., 21-б. **Токтогул Сатылганов жөнүндөгү тексттен:** Акындын сүйүү ырлары: «Алымкан», «Сүйүмкан», «Күлүйпа, Күлкан ашык кыз» ички сезимди козгогон лирикалуулугу, мазмундуулугу, музыкалуулугу менен **баалуу.**)
**кайталангыс** – не повторимый (9-кл., 88-б. **Токтогул «Өмүр»:** Өмүр ошонусу менен **кайталангыс**, ажайып, асыл, сулуу жана бийик.)
**кунт коюп** – внимательно (7-кл., 26-б. **Калык Акыев жөнүндө:** Калык байге алган аттарды мактап ырдаган ырчылардын ырын **кунт коюп** угуп, аларды кайталап жүрүп, ырчылыкка үйрөнүп алат.)
**жамактатып** – импровизируя (7-кл., 20-б. **Токтогул Сатылганов жөнүндө:** Атасы Сатылган **жамактатып** ырдай койгон, куудул киши болгон.)
**нарк** – цена, стоимость; (9-кл., 76-б. **Арстанбек Буйлаш уулу «Тар заман»:**
Жардылардан барк кетти,
Каада, нуска, **нарк** кетти.)
**курак** – возраст (9-кл., 88-б. **Токтогул «Өмүр»:** Ошол өмүрдүн толукшуган бир **курагын** өткөрбөй токтотуп калууга болобу?)

### «Аккан суу» ыры жөнүндө

Карыялардын айтуусуна караганда (по рассказам стариков), Жеңижок «Аккан суу (текущая вода)» ырын **бир жума бою** айтчу экен. Аны уккандар **«Апталап айткан «Аккан суу»** дешип баалашып, кийинчерээк совет мезгилинде кагаз бетине түшүрүп алып, бири-биринен көчүрүп келишкен.

Азыркы кезде «Аккан суу» ырынын үч түрү Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын **кол жазмалар фондусунда** сакталып турат.

**бир жума бою** – целую неделю
**«Апталап айткан «Аккан суу»** – «Аккан суу», которую рассказывают неделями
**кол жазмалар фондусунда** – в фонде рукописей

### АККАН СУУ

Кара **тоонун боорунан,**
**Кайнап чыккан** аккан суу.
Жер үстүнө **мелмилдеп,**
Жайнап чыккан аккан суу.
Кара таштын боорунан
Жарып чыккан аккан суу.

**тоонун боорунан** – со склона горы
**кайнап чыккан** – вытекает
**мелмилдеп** – будучи спокойным, безмятежным



Жер үстүнөн **күнөөдөн**
**Арып** чыккан аккан суу.
Кара таштан жаркырап,
Түшүп жаткан аккан суу.
Жан –жаныбар **шимирип,**
Ичип жаткан аккан суу...

**күнөөдөн арып** – невинно
**шимирип** – пить, не переводя дыхания

*Акын аккан сууну кандай сүрөттөдү?*

Акканын адам билбеген,
Караанын көрүп **зилдеген**
Жер үстүнө мелмилдеп,
Дарыя болгон аккан суу.
Өтүп кеткен жерине,
Дарак тигип бак болгон,
Шаар орноп эл толгон.
Жууса кирин кетирген,
Түгөнбөй түшүп жол салган,
Кечип кетсең ылайлап,
**Так** билбеген аккан суу.

**зилдеген** – углубившись, проникнув внутрь, вглубь
**так** – пятно

*Аккан суунун пайдалуу касиеттери эмнеде?*

**Бейли** кенен, тар эмес,
Бир калыпта бурулбай
Агып жаткан аккан суу.
Дүнүйөнүн баарына,
Балдан таттуу шипширин
Жагып жаткан аккан суу.
Жазга маал **өркөчтөп**
**Күүлдөгөн** аккан суу.
Ак куу, өрдөк, каз конуп
Чуулдаган аккан суу.
Жан-жаныбар суу ичип
Тарап турган аккан суу.
Керегине дүйнөнүн
Жарап турган аккан суу.
Өмүрүндө түгөнбөс,
Дайрасы бар аккан суу ...

**бейли** (*здесь:* пейили) – характер
**өркөчтөп** – вздымаясь
**күүлдөгөн** – *син.:* чуулдаган, гудящий, издающий гул

*Аккан суу кереметтүү күчкө ээ экенин кайсы саптардан билдик?*

Шамалдай үнүң шуулдап,
**Шаңшыган кундуз чуулдап,**
Жээгинде сайраган,
Күкүк, булбул дагы бар.
Көлүндө киши көрбөгөн,
Кара кашка **дулдул** бар.
Жетпеген адам кылат **зар**
Мына мындай аккан суу.

**шаңшыган** – *перен.* издающий красивый звук
**кундуз чуулдап** – гудение выдры

www.bizdin.kg

*Акын бир жума бою айткан аккан суу жөнүндө өзүңөр кантип улайт элеңер?*

«Жеңижок» түз. А. Жакыпбеков. Б., «Бийиктик», 2006. (83–87-б.).

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**дулдул** – *миф.* сказочный быстроногий и неутомимый конь (9-кл., 86-б. **Токтогул Сатылганов «Дүнүйө» ыры:**

Келеринде, дүнүйө
Урууда күлүк **дулдулсуң.**)

**зар** – рыдание, горький плач (9-кл., 80-б. **Молдо Кылыч Шамыркан уулу «Зар заман»:**

**Зар** заманды байкасаң,
Даамы татты казыдай.)

**Тапшырмалар:**

1. Жеңижоктун өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө айтып берүүдө төмөнкү суроолорго жооп бергиле: **Жеңижоктун** өз аты ким экен? Эмне үчүн аны **Жеңижок** деп коюшуптур? **«Таластан чыккан Жеңижокпу же Аксыдан чыккан Жеңижок»** бекен? Жеңижок жөнүндө сынчы А. Токтогулов эмне деп айтыптыр? Улуу акын Жеңижоктун жаштарга айткан акыл сөздөрүн кандайча түшүнөсүңөр?
2. Жеңижок аккан сууга кандай **мүнөздөмө** бериптир? Акындын мезгилиндеги аккан суу менен биздин убактагы аккан суу силердин оюңарча бири-биринен айырмаланабы?
3. «Аккан суу» деген **сөз айкаштын** синонимин тапкыла. Кыргызстандын чоң сууларын атагыла. Силер кайсы суулардын жээгинде болгонуңарды баяндап бергиле. Аккан суунун коздугу, **мааниси** жөнүндө ойлондуңар беле? Азыркы кезде жаратылыштагы аккан сууну булгабай колдонуу жана **аяр мамиле кылуу** маселелери сага таанышпы?
4. Берилген сөздүктүн жардамы менен «Аккан суу» ырынын текстин которгула. Ырды көркөм окугула.
5. Жеңижок жөнүндө кошумча маалымат издеп, таап келгиле.
6. «Аккан суу» ырынын биринчи 16 сабын жаттап, айтып бергиле.
7. Төмөнкү макал-лакаптардын маанисин чечмелеп бергиле: *Суу менен жер көгөрөт, эл менен эр көгөрөт. Суу канык – эгиндин даны толук. Суусаганга суу таттуу. Суу атасы – булак, сөз атасы – кулак.*

### «Жалгыз тал» ырынын жаралышы жөнүндө

«Жалгыз тал менен сүйлөшүү (разговор с одинокой ивой)» деген ыры адамдын **сезим дүйнөсүнүн тереңин** антара (наизнанку) сүрөттөгөн кыргыз лирикасындагы эң алгачкы элегия болуп саналат.

**сезим дүйнөсүнүн тереңи** – глубина мира чувств

Жеңижок жаш кезинде ооруп калган экен. Айылдын бийи Тазкара бий «Бул бала **жугуштуу** оору менен ооруйт»,– деп жигиттерине Өтөнү Кара – Буура суусуна салып, **агызып жиберүүгө буйрук** берет. Жигиттер жаш баланы өлтүргүсү келбей, **качырып жиберишкен.** Ошондо Өтө мал айдаган соодагерлерге кошулуп, Аксыга **таякелери тарапка** жөө жөнөп кеткени жөнүндө окуганбыз.

**жугуштуу** – заразный

**агызып жиберүү** – утопить, сплавить



**буйрук** – приказ

**качырып жиберишкен** – дали сбежать

**таякелери тарапка** – в сторону своих дядей

Качып бара жатып, Бакайыр деген жерде өскөн жалгыз талды көрүп, элин-жерин таштап жалгыз бараткан **өзүнө окшоштуруп, кошуп ырдаган** экен. Куурап бара жаткан жалгыз талга суроо менен кайрылып, **муң чечишет:**

**Тукабадай жайылган,**
**Бүр**үң кана, жалгыз тал?
Экөө элең башында,
Бириң кана, жалгыз тал?

**өзүнө окшоштуруп** – сравнив с собой

**кошуп ырдаган** – слагал в стихах

**муң чечишет** – делится с печалью

**тукабадай жайылган** – разостланный как плюш

**бүр** – молодые листочки

Бул ырда сюжет бар, бул сюжет – драмалуу, анда образ да бар, ал образ – **кейиштүү...**

Бакайырдын четиндеги жалгыз талдын жанында **жүрөгү арманга толгон** акын дагы эле ыйлап тургансыйт.

Кийинчерээк Аксыда Садыр деген кишинин үйүндө жүрөт. Садырдын энеси Айыке Өтөнү өз баласындай багып, дарылап, оорусунан **айыктырат.**

Ырчылык өнөрү өркүндөгөн кезде (когда талант поэта расцвел) акын «Жалгыз тал» ырын **мыктылап** ырдап чыккан. Бул ыр – акындын эл арасында **кеңири тараган** ырларынын бири.

**кейиштүү** – огорчительный, печальный

**жүрөгү арманга толгон** – с неисполненным желанием в сердце

**айыктырат** – вылечит

**мыктылап** – улучшив

**кеңири тараган** – широко распространённый

## ЖАЛГЫЗ ТАЛ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

**Жеңижок:**

**Бакайыр**да жалгыз тал,
Баласы жок **байкуш** тал.
Жол боюнда жалгыз тал,
Жолдошу жок байкуш тал.

**Бакайыр** – название местности

*Акын жалгыз талды кантип сүрөттөп жатат?*

Кайрылып келип конгондой,
Каргага **түнөк** болгондой
Канаты жок жалгыз тал,
Кайгысы көп байкуш тал.

**түнөк** – птичий ночлег

*Бул талдын образы кандай адам менен салыштырылып жатат?*

Бурулуп келип конгондой,
Булбулга түнөк болгондой
Бутагы жок жалгыз тал,
**Муңдуу** болгон байкуш тал.

www.bizdin.kg

*Талдын муңдуу адамга эмнеси окшош?*

Көрүнбөйсүң ыраактан
**Караң** кана жалгыз тал?
Тегеренип ойногон
Балаң кана жалгыз тал?

**кара** – силуэт, очертание

*Талдын баласы кайсы жерде болушу мүмкүн?*

Ичке тартып кетипсиң,
Денең кана жалгыз тал?
Көтөрүп жүрүп чоңойткон
Энең кана жалгыз тал?
**Ала бакан** болгондой,
**Ачаң** кана, жалгыз тал?
**Аркалап** жүрүп чоңойткон
Атаң кана, жалгыз тал?

**ала бакан** – сучковый шест, служащий вешалкой в юрте
**ача** – развилина, раздвоенный
**аркалап**–*син.:* жөлөп-таяп,поддерживая

*Адам баласы ата-энесиз жалгызсырайт, ал эми талчы?*

**Жеңижокко жалгыз талдын айткан жообунан:**

Беш-алты ооз сөз кылып,
**Аңгеме** кылып **курадың.**
**Аңырып** турган жалгыздын
Ал-абалын сурадың.
**Теңтушуңа** ээ кылып,
**Терип-тепчип** курадың.
**Телмирип турган** жалгыздын
**Теги-жайын** сурадың.
Кара жердин боорунда
Калганың бар шекилдүү.
Кайгырасың жалгызга,
Арманың бар **шекилдүү.**

**аңгеме курадың** – затеял беседу
**аңырып** – будучи в недоумении, растерявшись
**теңтушуңа ээ** – словно своей ровне
**терип-тепчип** – тщательно собирая, подбирая детали
**телмирип турган** – стоящий в беспомощном состоянии
**теги-жайы** – происхождение
**шекилдүү** – похоже

*Жалгыз талга кайгырган акын өзү жашоодо кимисинен айрылган эле?*

Ача чыккан бутагым
Ала бакан кылам деп,
Ашканага курам деп,
Ар ким келип кести эле
Ал себептен түгөндүм.

*Эмне үчүн талдын бутактары жок?*

Менин ушул турганым,
**Бендеге** болсун убалым.
Аңырып жалгыз турганым,
Адамга **болсун убалым.**

**бенде** – *син.:* пенде – раб божий, *перен.* человек (как слабое существо)
**убалым болсун** – пусть на них обрушится несчастье за меня

*Адамдар талга кандай мамиле кылышыптыр?*

**Жеңижок:**

Тал да болсоң далайдан,
**Тегин эмес** экенсиң.

**тегин эмес** – не прост, не промах
**бериштелүү**– *разг.* авторитетный, уважаемый



**Бериштелүү** адамдан
**Бегине** эмес экенсиң.
**Төрт түлүктүү малымды,**
**Толгосуз** билдиң алымды.
**Ак таноо тору тай**ымды,
Айттырбай билдиң жайымды.

**бегине** – *южн.* бегене – чужой, неродной, посторонний
**төрт түлүк мал** – домашний скот
**толгосуз** – без препятствий
**ак таноо тору тай** – гнедой жеребёнок с белой ноздрёй

*Акындын тал байкагандай ал-жайы кандай эле?*

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**байкуш** – бедняжка (5-кл., 12-б. **«Акылдуу кыз» жомогунан:** Эжекелер, күндө эки маал чубайсыңар, кайда барып жүрөсүңөр? – деп сурап калды. Анда бир кыз: «Бул **байкуш** да угуп калсын,»– деп, кандын табышмагын айта кетти.)

**муңдуу** – печальный (7-кл., 41-б. **А. Токтомушевдин «Какшаалдан кат» поэмасынан:**

Караанынды элестетип,
Ойго батам, сагынам!
Бүт **муңумду** күрмөп жутуп,
Куса болуп зарыгам.

7-кл., 89-б. **Кеңеш Жусуповдун «Ыр сабындагы өмүр» эссесинен:** Алыкул жүрөгүн кайгы мыкчыса да, акын дитинде сулуулук, поэзия жөнүндө дайыма ойлогон. Ал өз күйүтүн оор үшкүрүк кылып, **муң менен** айткан жок.)

### Жалгыз талдын образын сүрөттөө:

Жалгыз тал Бакайыр деген жерде жол боюнда өсүп турат. Ал жанында жолдошу (түгөйү) же баласы жок жалгыз өсөт. Канаттуулар түнөк кылгыдай, учуп-конгудай бутактары да аз экен. Ыраактан караган адамга тал байкуштун карааны да келбеттүү эмес. Тегерегинде майда талдар чоңоюп, энесинин жанында ойноп жүргөн балдардай болуп курчап да турбайт. Ала бакан жасагыдай ачалуу бутактары кыйылган. Ата-энесиз жетим талдын образын Жеңижок өзүнө окшоштуруп ырга кошкон.

**Тапшырмалар:**

1. Суроолорго жооп бергиле:
   Жеңижок берген суроолоруна кандай жооп алды?
   Эмне үчүн **талдын бутактары** аз экен?
   **Талдын убалына** кимдер калыптыр? **Убал** (урон, ущерб) дегенди кандай түшүнөсүңөр?
2. Жалгыз талдын Жеңижокко айткан жообу боюнча **сүрөттөмөнү** улап сүйлөп көргүлө.
3. Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин тапкыла: *тал, жалгыз, бутак, түгөй, байкуш.*
4. Төмөнкү сөздөрдүн антонимдерин тапкыла: *жалгыз, жол боюнда, түнөк, убал.*
5. «Жалгыз тал» ырынан үзүндү жаттагыла.
6. Жалгыз талдын монологун түзгүлө.
7. Төмөнкү сүйлөмдөрдү толуктап, дептериңерге жазып алгыла: *«Жалгыз тал ... сүйлөшүү» деген ... адамдын ... дүйнөсүнүн ... сүрөттөгөн*

www.bizdin.kg

*кыргыз лирикасындагы эң алгачкы ... болуп саналат. Жалгыз ... Бакайыр деген ... жол ... өсүп турат.*

8. Жалгыз талдын сүрөтүн тартып келгиле.

## БАРПЫ АЛЫКУЛОВ
## (1884–1949)

*« ... Кыргыздан чыккан Барпы ырчы*
*Кыйланы жеңген алп ырчы»*
Байдылда Сарногоев



Кыргыз элинин залкар акындарынын бири – Барпы Алыкулов 1884-жылы азыркы Жалал-Абад облусунун Сузак районунда Ачы деген кыштакта **томаяк кедейдин** үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Алыкул **жалчылык менен күн көргөн,** тогуз баласын багалбай, экөөнү – Болот менен Барпыны **бардар адамдар**га малай кылып берген. Жапжаш Барпы **жокчулуктун запкысын тартып,** сегиз жашынан он төрт жашка чейин ар кайсы байларга малайлыкка жүргөн. Жаш Барпы алгачкы ырларын өзүнө окшогон **кедей-кембагал**дарга ырдап берип жүрөт. Анын акындык өнөрү айылдагы Назарбай, Сыдык, Карамырза деген ырчыларды **жеңгенден тартып** кеңири белгилүү боло баштайт. Акындын биринчи ырлары көбүнчө өз башынан өткөн кыйынчылыктарга, ошондой эле жан-жаныбарларга (животным), сүйүүгө (любви) **арналган ырлар** эле. 1915-жылы ал улуу акын Токтогулга атайы барып жолугуп,андан таалим алган. Улуу акын анын өнөрүн жогору баалап, **ат мингизген.**

Тагдыр акынды **аёосуз жазалап,** ал оорудан кийин көзү көрбөй калган, балдарынын ичинен бир гана кызы аман калган. Анын «Айтайт десе», «Дүнүйө», «Эмне бар бул жерде», «Ала-Too көркө келбейт, эл болбосо», «Аккан суу», «Күн»,«Ажал», «Шамал»өңдүү жана башка чыгармаларында **материалисттик-атеисттик ой жүгүртүүлөр** кездешет.

Барпы акын 1910–1915-жылдарда атактуу акындар Эшмамбет, Коргол, Жеңижок менен жолугушат. Айрыкча ага улуу акын Токтогул менен **жолугушуу** чоң таасир берет.

Анын ырларында **таптык идеялар** ачык көрүнө баштайт. Түштүктө Совет бийлигин **түзүү жана чыңдоо** иштерине ал активдүү катышкан. Ал жаңы замандагы ырларын элдин жакшы турмушуна арнап ырдаган. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде жараткан ырларында душмандарды жеңүүгө, эли-жерин бошотууга чакырган.

Акын 1949-жылы 65 жашында дүйнөдөн кайткан.

**томаяк кедей** – бедняк
**жалчылык менен күн көргөн** – жил батрачеством



**бардар адамдар** – зажиточные люди
**жокчулуктун запкысын тартып** – терпел лишения
**жеңгенден тартып** – начиная с победы
**арналган ырлар** – посвящённые песни
**аёосуз жазалап** – наказывая беспощадно
**материалисттик-атеисттик ой жүгүртүүлөр** – материалистически-атеистические мышления
**таптык идеялар** – классовые идеи
**түзүү жана чыңдоо** – создать и укреплять

## ЫНТЫМАКТУУ ЭЛ

Ынтымагы бар элдин,
**Таалайы, багы** ачылат. — **таалай, бак** – счастье
Ынтымагы жок элдин,
**Тапканы бекер** чачылат. — **тапканы** – собранное, накопленное; **бекер** – зря
Ынтымагы бар элдин,
Калага **карды** ток болот. — **карды ток** – сытый
Ынтымагы жок элдин,
Бирите – бири **октолот.** — **октолот** – настраивается против
Ынтымагы бар элдин,
**Адил** болот **улугу.** — **улугу адил** – их старший справедлив

*Ынтымактуу эл кандай сапаттарга ээ?*

Ынтымагы жок элдин,
Ичинен чыгат **бузугу.** — **бузугу** – гнилой, испорченный
Ынтымагы бар элдин
Кеңеш берет карысы.
Ынтымагы жок элдин
Тозуп качат баарысы.
Ынтымактуу эл болсо,
Душманга тиет, **ок болот.** — **ок болот** – станет пулей
Ынтымаксыз эл болсо,
**Дыркырап** качып жок болот. — **дыркырап** – врассыпную

*Ынтымаксыз элди кайсы сапаттар мүнөздөйт?*

Ынтымактуу **биригет,** — **биригет** – объединится
Ынтымаксыз **бөлүнөт.** — **бөлүнөт** – распадется
Ынтымак элдин **бакты** бар, — **бакты** – счастье
Бир – бирине **баркы** бар. — **баркы** – ценность

*Ынтымактуу жашаган эл жөнүндө сүйлөп бергиле.*

**Тапшырмалар:**

1. Барпы Алыкуловдун өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө төмөнкү суроолорго жооп бергиле:
   1) Барпы Алыкуловдун акындык өнөрү элге кеңири белгилүү боло баштаган мезгили кайсы окуяга байланыштуу?

www.bizdin.kg

2) Акын көзү көрбөй калгандан кийин акындык өнөрүн таштабай, улантканын кандай баалайсыңар? Бул анын кандай сапаттарын көрсөтөт?
3) Барпынын **таптык идеяларды** камтыган чыгармалары, Совет бийлигин **түзүүгө катышкан** эмгеги акынды кандай мүнөздөйт?

2. Барпынын «Ынтымактуу эл» ыры жөнүндө сүйлөп бергиле, ал үчүн төмөнкү суроолорго жооп бергиле:
   1) Барпы Алыкуловдун бул ыры эмне жөнүндө?
   2) Ынтымак, достук бар болсо эл кандай жашайт? Ынтымагы жок болсочу?
   3) Силер ынтымактуусуңарбы? Эмне үчүн? Ынтымак керектүү нерсеби? Эмне үчүн керек?
   4) Ырдын саптары **«ынтымагы бар элдин»**, **«ынтымагы жок элдин»** делип кайталанганына көңүл бургула. Ушул сыяктуу кайталанып турган саптарды дагы кайсы чыгармадан жолуктурдуңар эле? Ойлонуп көргүлөчү.
   5) «Ынтымактуу эл болсо, душманга тийген ок болот, ынтымаксыз эл болсо, дыркырап качып жок болот,» – дейт акын. Эмне үчүн? «Ынтымагы бар элдин кеңеш берет карысы.» Албетте, бул – элдин эң сонун касиети. Бул жөнүндө пикириңерди айткыла.
   6) **«Ынтымак»** деген ырды жаттап келгиле. Мазмунун сүйлөп берүүгө даярдангыла.
3. Төмөнкү сүйлөмдөрдү толуктап, дептериңерге жазып алгыла: *Кыргыз ... залкар ... бири – Барпы ... 1884-жылы Жалал – Абад ... Сузак районунда ... деген кыштакта ... үй - бүлөсүндө туулган. ... улуу ... Токтогулга ... барып ... , андан ... алган.*
4. Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин, антонимдерин таап, дептериңерге жазгыла: *ынтымак, ырыс, бак-таалай, барк, адил, кары, кеңеш, бекер, душман.*
5. Төмөнкү макалдардын маанисин талкуулагыла, ынтымак, достук жөнүндө өзүңөр да макал-лакаптарды таап жазып келгиле: *Ынтымак болбой, иш оңолбойт. Ынтымак бар жерде – ырыс бар. Ырыс алды – ынтымак. Ынтымак түбү – ийгилик, тирилик түбү – бирдик. Дос күйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп айтат. Достук тар кыяда сыналат.*

### «Мөлмөлүм» ыры жөнүндө

«Мөлмөлүм» Барпынын **ашыктык лирикалык** ырларынын бири.

Биринчи бөлүк – **сулуунун сыпаты**. Мөлмөлүмдүн эки **илеби** кызыл гүл **маңдай чачы** – Маргалаңдын жибеги, серпилиши чынардын чырпыгындай, ыргалышы **талдын кырчынындай**, өтүмдүүлүгү Өзгөндүн күрүчүндөй, созулганы **зергердин** күмүшүндөй жан. Анан ага жигиттин **«Башымды берем тартууга** кедей деп менден качпагын» деген күчтүү өтүнүчү, сүйүү сезими, ашыктыгы ырдалат. Анан: «Чыныга куйган бал болсоң, чымындай ага малынсам, чыга албай жатып ошондо, чын өзүңө багынсам, чыгарып койсоң боор ооруп, **чырагың болуп жагылсам**, алты оролуп мойнуңа, **ак маржан** болуп тагылсам» деп тиленет. Бул саптар – Барпынын талантын, **сүрөткерлигин** көрсөтөт. Андан ары ырда боз уландын өкүнүч-өтүнүч, арман-арзуу маанайы аралаш келет.

**ашыктык лирика** – любовная лирика
**сулуунун сыпаты** – красота красавицы
**илеби** – губы
**маңдай чачы** – чёлка
**талдын кырчынындай** – как побеги деревьев
**зергер** – ювелир
**башымды берем тартууга** – отдам жизнь
**чырагың болуп жагылсам** – буду освещающим фонарём
**ак маржан** – коралл

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**сүрөткерлик** – умение рисовать, изображать (8-кл., 57-б. **Чыңгыз Айтматов:** Алп **сүрөткердин** алган сыйлык-наамдарынын толук эмес тизмеси мына ушулар. Залкар **сүрөткер** – азыркы учурда дүйнөдө чыгармалары эң көп окулган авторлордун бири.)

### МӨЛМӨЛҮМ

Беттин **көркү** нур менен,
Белдин **көркү** кур менен.
Биз сүйгөн сулуу **Мөлмөлүм,**
Белгилүү болот ыр менен.

**бел** – пояс, талия; **кур** – ремень
**мөлмөлүм** – моя красавица, любимая

*Өз сүйүүсүн ырда ачык билдирүү күчтүү адамдын белгисиби?*

**Кедейликтин дартынан,**
**Кейип** жаным **өксүдүм.**
Тосо албады кедейлик
**Ашыглыктын өткүнүн.**

**кедейликтин дартынан** – из-за бедности
**кейип** – горюя; **өксүдүм** – мне не удалось
**ашыглык** – *син.:* сүйүү, любовь; **өткүн** – дождь

*Сүйүү сезими кедей менен байга бирдей таасир этеби?*

Жарыя айтпай бул ишти
**Канбайт** окшойт **көкшүнүм.**
**Ышкыдар** болдум Мөлмөлүм,
Коркосуңбу убалдан?
Сени кошпой Барпы акын
Чыга алабы **кумардан?**

**көкшүн канбайт** – не пройдет, не удовлетворится сильное, выстраданное желание
**кумар** – удовольствие

*Мөлмөл акындын абалы жөнүндө билеби?*

Эки илебиң – кызыл гүл
Ачылгандай, Мөл**мөлүм.**
Бир карасаң – жүрөккө от
Чачылгандай, Мөлмөлүм.
Маңдай чачың – Маргалаң
Жибегиндей, Мөлмөлүм.
Сенин **ышкың** баланын
Тилегиндей, Мөлмөлүм.
**Гүлзар** кылчы жүрөктүн
**Какшып жаткан** чөлдөрүн.

**мөл** – чистый, прозрачный
**гүлзар** – *южн.:* цветник, оазис
**какшып жаткан** – засохший, высохший

*Акын Мөлмөлдүн сулуулугун кандай сүрөттөйт?*

Серпилишиң – чынардын
Чырпыгындай, Мөлмөлүм.


7-83

www.bizdin.kg

Ыргалышың – майдан тал
Кырчынындай, Мөлмөлүм.
Түшүндүрөм канткенде
Чын сырымды-ай, Мөлмөлүм.
Өтүмдүүсүң – Өзгөндүн
Күрүчүндөй, Мөлмөлүм.
Созулганың – зергердин
Күмүшүндөй, Мөлмөлүм.
**Майин**дигин – жоргонун
Жүрүшүндөй, Мөлмөлүм.
Оозуңдагы отуз тиш
Күрүчтөн кынап тизгендей.

**майин** – *южн.*: мягкий, нежный

*Акын Мөлмөлдүн адамдык кандай сапаттарын белгилейт?*

Жакын келсең болбойбу,
Жат экен деп сезгенбей?
Айталбай сырым өтөмбү
Же, **пайит**ин таап кез келбей?

**пайит** – *южн.*: возможность

*Кыз да жигитке ички сезимин билдире алабы?*

Күйдүм, Мөлмөл, аппагым,
Ааламдан сендей таппадым.
Ойлоп-ойлоп күнү-түн:
– Мөлмөлүм! – деп какшадым.
Ышкысы күчтүү жаштыкты
Ыксыз жакка чачпагын.
Башымды берем тартууга
Кедей деп менден качпагын.

*Акындын сезиминин күчтүүлүгүн кайсы саптардан көрө аласыңар?*

**Секин** баскан бутуңдан,
**Сейдана мончок** жытыңдан.
Кадам койгон бутуңдан,
Калемпир **мончок** жытыңдан.
Чыныга куйган бал болсоң,
Чымындай ага малынсам;
Чыгалбай жатып ошондо
Чын өзүңө багынсам.
Чыгарып койсоң боор оруп,
Чырагың болуп жагылсам.

**секин** – *южн.*: медленно, плавно
**сейдана** – *южн.*: чернушка *(трава, семенами которой посыпают лепешки перед печением)*
**мончок** – бусы

*Сүйүүсү үчүн кандай азаптарга барууга даяр?*

Угар белең үнүмдү?
Алар белең тилимди?
Сооротор белең баладай
**Санааркап** жүргөн **дилим**ди?

**дилим санааркап** – печалится сердце



*Акындын бул суроолоруна Мөлмөл кыз кантип жооп бермек?*

Бетиме түшсө **жамалың**,
Ашыглык отко жанамын.
Боорукер болсоң колдоп ал,
Боздоп жүргөн баламын.
**Алкымы**ңа жарашкан
Алтын **иймек, сагагың**.
Ай тийгенсип көрүнөт
Ак бермет таккан тамагың.

**жамал** – красота, миловидность
**алкым** – горло, передняя часть шеи
**иймек** – серьги; **сагак** – цепочка

*Сулуулугу ушунчалык көркөмдөлгөн Мөлмөлдүн ички дүйнөсү кандай ?*

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**көрк** – вид, красота, изящество (7-кл., 22-б. **Токтогул Сатылгановдун үлгү ырынан:**

Дайранын **көркү** кемеде,
Баланын **көркү** энеде,
Акыл айтсаң, тыңшабай,
Акмактын **көркү** жемеде.
Эчкинин **көркү** – төл менен,
Эгиндин **көркү** – жер менен.
Эликтин **көркү** – тор менен,
Эр жигит **көркү** – эл менен.
Аргымак **көркү** жалында,
Алманын **көркү** шагында.

**ышкыдар** – влюблён; **ышкы** – любовь, желание (8-кл., 57-б. **Чыңгыз Айтматов:** Анын адабиятка болгон **ышкысы** 50-жылдары ойгонот, чыгармаларын кыргыз, орус тилдеринде жазат.)

**Тапшырмалар:**

1. Барпынын **лирикалык чыгармалар**ын атап бергиле.
2. **«Мөлмөлүм»** деген ырындагы Мөлмөл кыздын образын **сүрөттөгүлө.**
3. Суроолорго жооп издегиле:
   1) Мөлмөлдүн **маңдай чачын** Маргалаңдын жибегине, эки эринин кызыл гүлгө салыштырып ырдаган акындын сулуунү сыпаттаган дагы кандай салыштырууларды таба аласыңар?
   2) Эмне үчүн Барпы акын **«Кедейликтин дартынан, кейип жаным өксүдүм. Тосо албады кедейлик ашыглыктын өткүнүн»** деп ырдаган? Ал кедей болгондуктан кыздын сүйүүсүнө **татыксызбы**?
   3) Махабат кедей адам менен бай адамга бирдей келеби, жокпу?
   4) Мурдагы замандагы сүйүү кандай **тоскоолдук**тарга кабылчу экен?
   5) Сүйүү деген сөздү силер кандай түшүнөсүңөр?
   6) Бүгүнкү күндө сүйүүгө тоскоолдук барбы?
   7) Эгерде болсо, силер аны кандай кылып чечет элеңер?
   8) Барпы акын бүгүнкү күндө биздин арабызда болсо ушинтип ырдайт беле?

4. Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин, антонимдерин таап, дептериңерге жазып алгыла: *көрк, сүйүү, кедей, жибек, тоскоолдук, жүрөк, жорго, ыр.*

5. Барпынын Жеңижок менен айтышын ролдошуп окуп чыккыла.

www.bizdin.kg

## ОСМОНКУЛ БӨЛӨБАЛАЕВ
## (1888 –1967)



Акындар поэзиясынын көрүнүктүү өкүлү, төкмө акын Осмонкул Бөлөбалаев 1888-жылы Сары өзөн Чүйдөгү Чоң-Далы айылында туулган. Атасы сөзгө уста киши болгон, уламыш, санжыра, жомокторду айта билген, энеси да акындын талантына чоң көмөк берген жомокчу, ырчы болгон.

Анын **акындык шыгы**нын ойгонушуна, **талантынын курчушу**на элдик оозеки чыгармалар, белгилүү ырчылардын ырлары, казак оозеки **адабиятынын үлгүлөрү** таасир берген.

Кийин белгилүү акын Калык менен жолугушуп, андан **таалим алган. Мезгил үнү** менен **үндөш, эл талабына**, суроосуна **татымдуу** ата-журт, эмгек, достук, санат-насыят темасындагы чакан ырлары, «Ашымжан», «Баатыр бааны» «Гүлнар», «Сапарбек», «Баатырбек» ж. б. поэмалары бар. Анын чыгармалары эмгекчилердин ийгиликтерине, маданияттын өсүшүнө арналган.

**Айтыш өнөрүнүн чебери** катары Калык, Алымкул менен болгон айтыштарында эл-жерибиздин байлыктарын, коомдогу жетишкендиктерди, **кемчилик**терди толук көркөм сүрөттөгөн **айтыштын** мыкты **үлгүлөрү**н жараткан. О. Бөлөбалаев элдин оозеки чыгармачылыгын жакшы билген, «Курманбек», «Ак Мөөр», «Жаныш-Байыш» сыяктуу элдик эпосторду айта билген. **Аны билгендердин баары Осоке деп аташып**, өтө сыйлашкан. Ал 1931-жылы кыргыз театрына, 1936-жылы филармонияга артист болуп кирген. Филармонияда ошол кездерде аны менен бирге белгилүү комузчу Карамолдо Орозов, акын Калык Акыев, белгилүү **өнөрпоз** Шаршен Термечиков менен бирге иштешкен.

Акын 1967-жылы 79 жаш курагында каза болгон.

**акындык шыгы** – поэтический дар
**талантынын курчушу** – развитие его таланта
**адабият үлгүлөрү** – литературные образцы
**мезгил үнү** – голос времени
**үндөш** – созвучный
**эл талабы** – требование народа
**татымдуу** – соответствующий
**айтыш өнөрүнүн чебери** – мастер импровизации
**кемчилик** – недостаток
**айтыш үлгүлөрү** – образцы импровизации
**аны билгендердин баары** – все, кто его знал
**Осоке деп аташып** – называли его уважительно Осоке
**өнөрпоз** – мастер, искусник



## ОСМОНКУЛДУН ТЕРМЕСИ
*(үзүндүлөр)*

Калем алып жазайын.
**Казалдын кенин** ачайын.
Ичимдеги өнөрдү,
**Козгогум келди** атайын.
Өнөрүм бар болгон соң,
**Эринип** неге жатайын.
**Жарактуу терме** ырымды,
Жалпы журтка чачайын...

**казалдын кени** – богатства стиха
**козгогум келди** – хочу затронуть
**эринип** – ленясь
**жарактуу терме** – пригодный к чему-либо

*Ар бир акындын өнөрү элге таандык экенин кайсы саптар көрсөтөт?*

Ырчыны жакшы көргөзгөн,
Ырына **шоок тил** болот.
Айды жакшы көргөзгөн,
Айнектей ачык түн болот.
Бакты кооз көргөзгөн,
Башына бүткөн **бүр** болот.
Чөптү жакшы көргөзгөн,
Кызыл, жашыл гүл болот.
Бычакты жакшы көргөзгөн
**Булгаары сайма кын** болот.
Комуздун үнүн чыгарган
**Бооруна таккан кыл** болот.

**шоок тил** – красноречие
**бактын бүрү** – почки на дереве
**булгаары сайма кын** – кожаные узорчатые ножны
**бооруна таккан кыл** – струны комуза

*Ар бир нерсенин жакшы болушу үчүн эмне керек?*

Шаркыраган аккан суу,
Сайдын көркү турбайбы.
Жашылданган **көк шибер**
Жайдын көркү турбайбы.
Жыбыраган көп жылдыз
Айдын көркү турбайбы.
Жагылуу турган ак фонарь
Майдын көркү турбайбы.
Салып ийсе кант – шекер
Чайдын көркү турбайбы.
**Желедеги тору бээ**
**Тайдын көркү** турбайбы.
Кызыл, жашыл шаңданып
**Кынап тигип** кыз **кийсе**
**Шайдын көркү** турбайбы.

**көк шибер** – зеленая трава
**желедеги тору бээ** – кобыла на привязи для жеребят
**тайдын көркү** – красота жеребёнка
**кынап тигип кий** – красиво одеться
**шайдын көркү** – красота шёлковой ткани

*Акын жаратылыштын көркүн чыгарган кайсы белгилерин байкаган?*

Карап туруп болжосом
Карылык кандай, жаш кандай?

www.bizdin.kg

Басып бара жатканда
Аяк кандай, баш кандай?
Ысык – суук болжолу
Кыш күн кандай, жаз кандай?
Пайдасына карасак,
Суусуз жер кандай, саз кандай?
Өйдө, ылдыйын карасак,
Бийик жер кандай, жар кандай?
Жүрүшүнө карасак,
Соочулук кандай, мас кандай?
**Турпат**ына карасак,
**Туйгун** кандай, каз кандай?
**Өң келбет**ин карасак,
Кара кандай, ак кандай?
Минип алып бастырсак,
Өгүз кандай, ат кандай?
Курулуп жаткан жумушта,
Кечиккен кандай, бат кандай?
Жамандык башка түшкөндө,
Жакын кандай, жат кандай?

**турпат** – вид, форма, фигура
**туйгун** – белый ястреб
**өң келбет** – внешний вид, красота

*Жогорку саптардагы бири-бирине антоним сөздөрдү атагыла.*

Агайынды көргөндө
Айткым келет жазганбай.
Өнөрпоздор элде көп
Угуп көңүл шаттангай.
Көпчүлүк кантип сүйбөсүн
Кулагына жаккандай.
Кубанып калкың укпаса,
**Кургак сөз**гө мактанбай.
Балаңды жаман үйрөтпө,
Жаш чагынан башкарбай.
Жазайынчы термемди,
Жагар бекен жаштарга ай...

**кургак сөз** – пустое, ничего не значащее слово

*Жаштарга айтылган акыл-кеңештерди белгилегиле.*

Ырчы болуп не керек,
Ырдагандан **сүрдөсө**,
Ырың чыгып таралып,
Окуудагы балдардын
Оң колунда жүрбөсө.

**сүрдөсө** – если стесняется

*Ырчынын ыры ким үчүн жаралат?*

Бала күтүп не керек,
Баркыңды билбей тилдесе,
Короо күтүп не керек,
Курбуң басып кирбесе.
Дүйнөнү жыйнап не керек,
**Жарашык кийим** кийбесе,

**жарашык кийим** – красивая одежда



**Калп кайрат**тан не пайда,
Кармашканын жеңбесе.
**Өйдөсүнүп** не керек,
Өз колунан келбесе.
Жакындыгың не керек,
**Жамандык башка түшкөндө,**
Жардам болуп бербесе.
Жолдош болуп не керек,
**Жокчулук** түшүп башыңа,
Жолунда турсаң, көрбөсө.

**калп кайрат** – ложная, показная храбрость
**өйдөсүнүп** – делая вид, что лучше
**жамандык башка түшкөндө** – когда плохо

*Акындын элге айткан тилектери кандай?*

Таанышып кал эл менен
Таттуу тилиң бар чакта.
Эрке болбой эр жигит,
Эмгек менен жан сакта.

*Улуу акындын насаат сөздөрүн кабыл аласыңарбы?*

**Тапшырмалар:**

1. Осмонкул Бөлөбалаев жөнүндө, анын терме ырлары жөнүндө сүйлөп бергиле, ал үчүн төмөнкү суроолорго жооп бергиле:
   1) О. Бөлөбалаев ырчылык өнөрү өсүп-өнүшү үчүн кимдерден таалим алган?
   2) Осмонкул менен Барпы акындын жашаган мезгили эле бир болбостон, ырчылык өнөрлөрү да окшош жактарга ээ. Бул эки акындын чыгармачылыктарын Венндин диаграммасы боюнча салыштыргыла.
   3) **Терме ырын** баштап жатып акын эмне үчүн **«Ичимдеги өнөрдү козгогум келди атайын»** деп айтып жатат? Кандай деп ойлойсуңар?
   4) «Кандай» деген суроо менен аяктаган сүйлөмдөрдү бөлүп окугула. Бул суроолорго кантип жооп берет элеңер? Же акын суроолорду «кары-жаш, аяк-баш, кыш-жаз...» деген түшүнүктөрдү салыштыруу үчүн колдонуп жатабы? Кандай деп ойлойсуңар?
   5) Акындын
      «Ырчы болуп не керек,
      Ырдагандан сүрдөсө,
      Ырың чыгып таралып,
      Окуудагы балдардын
      **Оң колунда жүрбөсө»** деген ыр саптарын кандай түшүнөсүңөр?
   6) Осмонкулдун **терме**синен тандап 20–24 саптай үзүндү жаттагыла.

## Адабият теориясынан

**Философиялык ырлар** – өмүр, жашоо, дүйнө жөнүндөгү адамдын ички ой-сезимин чагылдырган ырлар.

**Терме ырлары** – бир топ көрүнүштөрдү санап, бирдей сөздөрдү пайдалануу менен акыл-насаат иретинде ырдалган дидактикалык чыгармалардын бир түрү. Мындай ырларда бир топ жакшы, жаман сапаттар терилип айтылат да, анда тиешелүү мораль чагылдырылган.

www.bizdin.kg

## КАЗЫБЕК МАМБЕТИМИН УУЛУ (1901–1936)



Казыбек Мамбетимин уулу – кыргыз элинин мыкты өнөрпозу, Совет бийлигинин тушунда катуу **куугунтукка алынган** акындардын бири, **казалчы.** Казыбек Мамбетимин уулу 1901-жылы Ат-Башы районундагы Келтебек деген бөксө жайлоодо (азыркы Казыбек айылынын аймагындагы Чет-Келтебик деген жерде) **диний сабаттуу** манаптын үй-бүлөсүндө туулган. Казыбек жаш кезинен эле өзгөчө талантка ээ болуп, арабча кат таанып, сабаты **диний багытта** ачылыптыр. Атасы Мамбетимин **аймакка аты белгилүү бардар** адам болгон, эл алдында ырдоого Казыбекке атасы уруксат берген эмес. Атасынын айтканын сыйлап, көптөгөн казалдарды жазса да, отуздан өткөнгө чейин эл алдына чыгып ырдабаптыр. Анын ырлары элге арналып, элдин жашоосу жөнүндө **баяндайт.** Аны 1929-жылы **«кулактын баласы»** деп **куугунтукка алышып,** ата-энеси менен кырк төрт манапка кошуп, алыскы Оренбургга айдашкан. 1934-жылы кайра Ат-Башыга кайтып келген. 1935-жылы июнь айында түрмөгө отургузушкан. Ал түрмөдө жатып да **алты жүз барак көлөмүндө** ырларды жазган.Тилекке каршы, ал ырлары түрмөдөн сыртка чыкпай жок болгон. Анын көп кол жазмалары өрттөлүп кеткен. Ал 1936-жылы түрмөдө жүрүп, оорудан каза болгон.

Бирок, мезгил өтүп кетсе да кыргыз эли анын ырларын унутпай эстеп жүрөт. 2002-жылы Ат-Башыда Казыбек казалчынын 100 жылдык мааракеси болду. Ал жерде атайын чогулган эл Казыбек ырчыны эскеришти. Мааракеге келгендерге элдик оюндар уюштурулуп, ат чабыш, жорго салыш, улак тартыш, күрөш, кыз куумай сыяктуу улуттук оюндар өткөрүлдү.

Казыбектин поэзиясында Ата мекендин **кадыр-баркын баалап билген** адамдын сүйүүсү жатат. Эл-жер, Ата мекен жөнүндө ойлонуу адегенде акындын **жекече сезими**нен келип чыгат. Казыбектин чыгармачылыгы – эл-жеринен айдалып, туткунда жаткан адамдын муң-зары, кайгысы, ой-санаасы.

**куугунтукка алынган** подвергался гонениям
**казалчы** – акын; поэт
**диний сабаттуу** – религиозно грамотный
**диний багытта** – в религиозном направлении
**аймакка аты белгилүү** – известный в своем округе
**бардар** – зажиточный **кулактын баласы** – сын кулака
**алты жүз барак көлөмүндө** – в объёме 600 листов
**кадыр-барк** – то же,что **барк** – уважение, почет
**баалап билген** – умеющий ценить



## КАЗЫБЕКТИН КАЗАЛДАРЫНАН

...Бетине күзгү кармангап
Жууп чачын таранган
Абдан кооз болсом деп
Ак **бетмай**дан каалаган
Ак жууп таза кийинген
**Аста** басып **керилген**
**Калтар сындуу** кара чач
**Турна моюн, чийме каш**
Сүйлөр сөздөн **эринген**
**Укурук моюн,** узун чач
**Улар моюн, керме каш**
**Бурала басып** керилген
Менин жарым болсун деп
**Нечен** жигит **берилген**
Сүрөткө тартып койгондой
Сулуулар өткөн дүйнөдөн.

**бетмай** – крем
**аста керилген** –грациозно поворачиваясь
**калтар сындуу** – словно чёрно-бурая лисица
**турна моюн**–журавлиная шея; **чийме каш** – тонкие брови, начерченные
**эринген**–ленится
**укурук моюн** – шея длинная и тонкая
**улар моюн** – шея как у горной индейки
**керме каш** – изогнутые брови; **бурала басып** – кокетливо ходить
**нечен** –сколько; **берилген** – преданные

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**«Казал»** деген сөздү **эстегиле!**
6-кл., 51-б. **Токтогул Сатылгановдун «Балалык» ырынан:**

Алтын жаак, жез таңдай
Акын болгон Токоңдун
Башынан өткөн балалык,
**Казал** айткан бул сөзүм
Элге калсын таралып.

6-кл., 58-б. **Казал** – Чыгыш элдеринин поэзиясындагы лирикалык жанр. Мында ыр саптары үч бейттен он тогуз бейтке чейин болот. Кыргыз акындарынын көпчүлүгү бул формада ыр жаратышкан.
9-кл. 113-б. **Осмонкул Бөлөбалаевдин термесинен:**

Калем алып жазайын.
**Казалдын кенин** ачайын.

**Тапшырмалар:**

1. Суроолорго жооп бергиле:
 1) Казыбек Мамбетимин уулу кайда жана качан туулган?
 2) **Атасы** ага эмне үчүн эл алдына чыгып ырдаганга **уруксат берген эмес,** кандай деп ойлойсуңар?
 3) **Тагдыр**ынын татаал болгонуна карабай ал түрмөдө отуруп да эмне үчүн ырларды жазган ? Оюңарды айтып көргүлө.
 4) Өз мезгилинин оор адилетсиз сыноосуна карабай Казыбек казалчы эл үчүн жараткан чыгармачылыгын таштабаптыр, түрмөдө отуруп да ыр жазган экен. Биз ушул адам сыяктуу дайыма ак иштеп, элге пайда келтире алабызбы?
2. Жогорку ырда акын **сүрөттөп жаткан кыз** кандай экен? Сулуу кызды салыштыруулар менен сүрөттөп бергиле.
3. **Сулуулукту** ар бир адам өзүнчө түшүнөт, кабыл алат деген ойго кошуласыңарбы?

www.bizdin.kg

4. Силердин оюңарча ушундай **казал** жазганы үчүн Казыбек ырчыны **улутчул деп айыптаса** болобу? Эгер болбосо, анда ошол кезде кандай ырлар үчүн айыпталышы мүмкүн эле?
5. Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин, антонимдерин таап, дептериңерге жазып алгыла: *кулак, улутчул, айдоо, куугунтук, алыскы, кайгы, муң, түрмө, кол жазма.*

## АГА-ИНИГЕ САЛАМ АЙТ

Барган жерим Орунбор
Маңдайымда калың шор.
**Сандалттырдың** мынчалык
Саясаттын темир тор...
Айдалып келдим **агынан**
Ар ким **көрсүн багынан.**

**сандалттырдың** – заставил бесцельно бродить
**агынан** – ак жерден, безвинно
**көрсүн багынан** – *здесь:* судьба

*Акын Оренбургга эмне себеп менен айдалган?*

Артта калган курбунун
Ар **жоругун** сагынам.
Айылчылап жүрсөм да
**Айыптуу** деп табылам.
**Эрегишкен саяктын**
Эки **белек табынан.**
**Эрмек кылса** буларга
Эптүү болуп табылам.
Айта берсе жамандык
Ар бир түрлүү жагынан.
Акыйкаттуу бул иштен
Актыгым болсо **арылам.**

**эрегишкен**–споривший, заводивший распри
**саяк** – название рода; **белек**–название племени
**табынан** – от классового расслоения
**эрмек кылса** – ради забавы
**арылам** – очищусь, избавлюсь

*Айдалган акын кандай үмүт менен жашап жүрөт?*

Келдим саяк элине
Кемчиликтин айынан.
Көрсөтсө калкым ичинде
Көрбөйт белем багымдан.
Айдатып ийдик эле деп
Албайсың кабар **алымдан.**
Караласаң **абыдан**
Калп жеринен жалаага
**Капташтырдың** жаңыдан.
Калың **черик** көп журтум
Кайгырса кайдан табылам.

**алым (абалым)** – мое положение, состояние
**абыдан** – абдан
**капташтырдың** – кабылттың, туш келтирдиң
**черик** – название племени

*Акынды эли унутпай күтүп жатканын үмүт кылганы кайсы саптарда көрүнөт?*

Калдарбектин баласы
**Кастык** кылды каралап,
Арамдыгын билбестен

**кастык** – душмандык



Айлыма келдим аралап.
Карматып койду бул **мурза,**
Калп жеринен жалаа жаап.
Азыркы **заңга** илинген
Айыптуу деп табылат.

**мурза** – мырза, господин
**заң – заң-зүкөн** – законы

*Акын өзүнүн айыпталганын кандайча түшүндүрөт?*

Айрылып түрдүү жолдоштон
Акылга түшөт **алаамат.**
Адамга зыян жетерин
Акылсыз **наадан** карабайт.
**Эби жок чоркок** ургандар
Кишинин эт жүрөгүн жаралайт.
Өтүп кеткен жумушка
Өкүнгөн менен жарабайт.
Айланып элге барганың
Ага-иниге салам айт.

**алаамат** – страшное народное бедствие
**наадан** – невежда, неуч, глупый

*Эл-журтту сагынган акын сагынычын кантип билдирген?*

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**жорук** – проделки, поведение (8-кл., 103-б. **«Гүл ойрон»** ырынан:

Асылым Арпа гүл ойрон,
Кандай **жорук** баштадың?
Катын менен баланды,
Каран түнгө таштадың.)

**айыптуу** – виновен (7-кл., 48-б. **Аалы Токомбаев «Күүнүн сыры»:** Эр болсоң кегиңди менден ал. Мен үчүн айыл **айыптуу** эмес,– деди кыз ордунан козголбой.)

**эби жок чоркок** – непомерно неловкий, недотёпа (7-кл., 24-б. **Токтогул Сатылгановдун санат ырынан:**

Жолдош болбо коркокко,
Жүк артпагын торпокко,
Иш кылдырба **чоркокко,**
Күлүк минсең күүлөнүп,
Эки жагың каранба.)

## ТҮРМӨДӨ ОЛТУРУП ЖАЗГАН ЫРЛАРЫНАН

Атактуу биздин Ала-Тоо,
Абасы салкын, эң таза
**Адамдын көөнү** ачылат,
Ала-Тоо гүлүн жыттаса.

**адамдын көөнү** – настроение

*Ала-Тоо жергеси кандай жер?*

Элибиз Арпа жайлаган,
**Элиртип** күлүк байлаган.
Этек жагы бурганга
**Этектеп** малын айдаган.

**элиртип** – привязывая горячих скакунов (*чтобы они нетерпеливо рвались с привязи*)
**этектеп** – двигаясь по подножию горы

www.bizdin.kg

Элимден үзбөй санааны,
Эстеген сайын **саргаям.** **саргаям** – от тоски желтею, как солома
Экинчи кайра көрсөм деп,
Эзилет ичте көп арман.
Эрмек кылып **сандалттың** **сандалттың** – заставил бродить, растеряться
Эзип койду бул жалган.

*Арпа жайлоосунун коoздугу кандай сүрөттөлөт?*

Чуркурап турат далай эл
Фрунзе шаары камакта
Орус, кыргыз аралаш
Бир миңче киши камакта.
Эсеп кылат эки убак
Эртели кечти санакта.

*Акын өзү отурган түрмө жөнүндө эмнелерди баяндайт?*

Атырдай жыты буркурап
Адырга чыккан **шыбагың.** **шыбак** – полынь
Айнектей жүзү жалтырап
Ар жерден аккан булагың.
Абайласам, Ат- Башы
**Жаннатка окшош** сыягың. **жаннатка окшош** – похож на рай
Азырынча буза албай,
Айрылып сенден турамын.
Ак-Талаамды бир көрсөм,
Арылат эле кумарым.

*Туулган жерди өзгөчө сагынганын кайсы саптардан билдиңер?*

Келберсип өнүп-өскөн жер,
Кейип кетем самасам.
Эркимче жүрүп ойногон,
Эсимден кетпейт тамашаң.

*Эмне үчүн көбүнчө тамаша куруп жүргөн кезин эстейт?*

**Эстегиле! Тааныш сөз:**

**санаа** – забота, печаль (8-кл., 47-б. **Ж. Турусбековдун «Энем» поэмасынан:**

Сагынганда
Тентип кеткен балаңды
Жүзгө жоруп,
Жүгүрттүң го **санааңды?)**

**сагындым** – соскучился, тоскую (8-кл., 48-б. **Жусуп Турусбеков «Энем»:**

Беш жыл бою
Тентип кеттим дайынсыз,
**Сагындың** го,
Бир көрө албай карамды!)



**Тапшырмалар:**

1. Суроолорго жооп бергиле:
   Казыбек менен совет бийлигинин ортосундагы мамиле кандай болгон?
   Эмне үчүн Казыбектин өмүрү куугунтукта өттү?
   Казыбектин ырларынын негизги мазмуну эмне жөнүндө?
2. «Менин Мекеним» деген темада эссе жазгыла.
3. Төмөнкү **«Ата-Мекен» казалынан** алынган үзүндүнүн мазмунун кара сөз менен айтып бергиле. Жаттагыла.

**Келберсиген** кең Аксай, **келберсиген** – дородный
Өзүңдү кыйын **сагындым.**
Ар **жылгада** бөлүнгөн, **жылга** – ложе ручья; ложбина
Төрүңдү кыйын **сагындым.**
Ар **чуңкурда** кайнаган, **чуңкур** – яма
Көлүңдү кыйын **сагындым.**
Ар түрдүү чыгып гүл ачкан,
Чөбүңдү кыйын **сагындым.**

4. Кыргыз акындары жөнүндө тема тандап, дилбаян жазып келгиле.

**Сунушталган темалар:**

«Белгилүү төкмө Жеңижок жөнүндө»;
«Кыргыз эл акындары»;
«XX кылымдын башындагы акындардын чыгармачылыгы»;
«Барпы акын»;
«Барпы менен Жеңижок»;
«Осмонкул Бөлөбалаев»;
«Осмонкулдун терме ырлары»;
«Казыбек Мамбетимин уулу»;
«Казыбектин казалдары» ж. б.

**План:** (болжолдуу түрдө)

1. Киришүү
2. Акындын өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө
3. Мезгилге кыскача мүнөздөмө
4. Окулган чыгармалардагы негизги ойлор
5. Жыйынтыктоо.

www.bizdin.kg

# XX КЫЛЫМДЫН ЖАЗМА АДАБИЯТЫНАН

## ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ
## (1912–1997)



Кыргыз ССРинин эл жазуучусу, СССР Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты Түгөлбай Сыдыкбеков 1912-жылы Ысык-Көлдөгү Кең-Суу деген жерде туулган. Ал эки жашка караганда атасы өлүп калып, жетим калат. Анын энеси Айымкан **сөзмөр, жамакчы** аял болгон. Сөзгө шыктуулук талантты **болочок** жазуучу апасы Айымкандан үйрөнөт. 1916-жылкы кыргыз элинин козголоңунда Түгөлбайдын энеси да балдары менен Текеске качып барып, 1918-жылы кайра жөө-жалаңдап, арып-ачып кайтып келишет.

Совет бийлиги орноп, **болочок** жазуучу айылдык мектепке кирип окуйт. 1925-жылдан баштап Караколдогу орус мектептен окуйт. Мектепте окуп жүргөндө А. С. Пушкиндин, Н. В. Гоголдун, И. С. Тургеневдин атын угуп, айрым чыгармаларын окуйт. 1928-жылы Түгөлбай Сыдыкбеков Фрунзедеги айыл чарба институтуна кирип, аны 1931-жылы бүтүрүп чыгат да, Ашхабаддагы Орто Азиялык зооветинститутка өтөт.

Анын «Булар кимдер» деген ыры 1930-жылы басылып чыгат. **Тунгуч** ырлар жыйнагы 1933-жылы «Күрөш» деген ат менен жарыяланган.

Жазуучунун «Кең-Суу» романы 1937-жылы жана 1938-жылы эки китеп болуп жарыяланган. Бул роман кыргыз адабиятындагы биринчи роман эле. 1948-жылы «Биздин замандын кишилери» романы чыккан, ал романы үчүн 1949-жылы кыргыз адабиятынын тарыхында биринчи болуп Түгөлбай Сыдыкбеков СССРдин Мамлекеттик сыйлыгына ээ болгон. «Биздин замандын кишилери» романында согуш убагындагы кыргыз элинин патриоттук эмгеги, **майтарылбас маанайы**, достук таза сезимдери **таасын** сүрөттөлгөн.

Андан кийин жазуучу «Тоо балдары» деген романын жазган, бул чыгармасында балдар менен чоңдордун өз ара психологиялык мамилелерин, ошол мезгилдеги элдин жашоосунун өзгөчөлүктөрүн көрсөткөн. 1955 –1958-жылдары «Кең-Суу» романын автор кайрадан иштеп чыгып, «Тоо арасында» деген ат менен чыгарган.

Ал өмүрүнүн аягына чейин тынбастан көптөгөн кызыктуу чыгармаларды жараткан. «Зайыптар», «Мезгил сабактары» чыгармалары, «Табылга» деген ат менен макалалар жыйнагы бар. Анын драматургия



менен кино өнөрүндө да өз орду бар: «Манас жана Алмамбет», «Майдандан», «Кыштактын ээлери» пьесаларын, «Түштүктүн токоюнда», «Кыргызстан» деген фильмдердин сценарийлерин жазган.

Жазуучу 1997-жылы Бишкек шаарында каза болгон.

Түгөлбай Сыдыкбеков – кыргыз адабиятындагы роман жанрынын баштоочусу, кыргыз элинин улуу, көрүнүктүү, залкар жазуучусу. Окурмандар анын чыгармаларын азыркы күндө да сүйүп окушат.

**сөзмөр** – красноречивый
**жамакчы** – певец-импровизатор *(исполняющий мелкие жанры* **мактоо, кордоо**, *лирические песни и др.)*
**болочок** – будущий
**тунгуч** – биринчи; первый
**майтарылбас маанай** – твёрдый, устойчивый настрой
**таасын** – точно

**Тапшырмалар:**

1. Түгөлбай Сыдыкбековдун өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө план боюнча кыскача сүйлөп берүүгө даярдангыла.
   – Түгөлбай Сыдыкбековдун балалыгы
   – 1916-жылкы козголоң убагындагы болочок жазуучунун тагдыры
   – Анын жазуучу болуп чыгышына түрткү болгон себептер
   – Анын чыгармаларынын жанры жөнүндө
2. XX кылымдагы кыргыз элинин жашоосу, өнүгүү шарты жөнүндө жазылган көркөм чыгармалар ошол мезгилдин тарыхый окуяларын камтыйбы же жокпу, кандай деп ойлойсуңар?
3. Т. Сыдыкбековдун китептерин ата-энеңердин китеп текчесинен издеп көргүлө. Болбосо шаардын китепканаларынан таап окугула.
4. Жазуучу жөнүндө кошумча маалымат карап келгиле.
5. Төмөнкү сүйлөмдөрдү толуктап, дептериңерге жазып алгыла: *Түгөлбай Сыдыкбеков ...-жылы Ысык-Көлдөгү ... деген ... туулган. Анын ... Айымкан ...., ... аял болгон. 1916-жылкы ... элинин ... Түгөлбайдын ... да балдары ... ... качып барып. ...-жылы ... жөө-жалаңдап, ... келишет. Жазуучунун «...» романы 1937-жылы ... 1938-жылы ... китеп болуп ... . Бул ... кыргыз ... ... роман эле.*
6. Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин, антонимдерин таап, дептериңерге жазып алгыла: *козголоң, балалык, жомокчу, жөө-жалаңдап, сөзмөр, жамакчы, көрүнүктүү, баштоочу, жыйнак, жарык көргөн.*

### «Тоо балдары» романынан үзүндүлөр

### I. Омор аке жана анын уулу

*Омордун образына мүнөздөмө берүүгө даярдангыла.*

Омордун үйүн көздөй бурулган кезде, Сабыр **тымызын** жылмайды. Анткени Омордун кыял-жоругун эсине түшүргөн адам **эрксизден** күлө турган. Ал оюндагысын кишиге бербеген бир мүнөздүү, **өжөр**, эр көкүрөк, кайраттуу,

**тымызын** – тихо, незаметно
**эрксизден** – поневоле
**өжөр** – упрямый

www.bizdin.kg

күпүлдөп сүйлөгөн адам. Баланы айрыкча жакшы көрөт. Бирок эркелетпейт. Ойноп жүргөн балдарды өзүнө чакырат. Бир жолу анын колуна түшкөн бала оолак качат. Омор жашыраак кезинде өзүнөн качкан балдарды **тартактап кубалоо**дон да тартынчу эмес. Аны көргөндө айрыкча Сабыр артына кылчайбай кача турган. Ал Омор жакындап келатканын анын **тери шымынын кең багалектери**нин **күдүр-күдүр этken доошу**нан сезчү. Кээде коркуп баратып Сабыр шашканынан **мүдүрүлүп** жыгылчу.

Анда Омор: »**А кудагыйдын баласы**, колума түштүңбү? Качасың, э! Мен киммин, ыя!» – деп баланы ыйлата берчү.

Сабырдын энеси кээде ачууланып: «Ой, береги куу баш баланын жүрөгүн түшүрүп салмак болду»,– десе, Сабырдын эжеси: «Кой, апа. **Сакалдуу кишини куу баш** дебе, **шагы сынып калат**»,– деп энени тыюучу.

– Сынса сынсын. Анын шагы сынат эле деп баламдын жүрөгүн түшүртөйүнбү. Ой, Омор, коё бер алдагы баланы. Эмне сенин сүтүңдү төктүбү?

– Э, балаңды эркелетип жатам!

– Сенин бала эркелеткениң курусун...

– Эмне!? – дечү Омор ызаланып. – Мен бала коркутуучу карышкыр эмесмин го! Атаңарга наалат, чор кыргыздар. Булар жадаса, баланы эркелеткенди да билишпейт. «Үфүлөп» үстүнө үйрүлө беришип, балдарын **арпа жарманын каймагындай былжырак** өстүрүп алышты. Бала дегенди бешиктен бели чыга элек кезинен **жаагынан кайыш алып** үйрөтсө, эч нерсе **тоотпос** өрт өсөт! Чоң атам мени эркелеткенде, муунта кармап, эки жаагымды ысыта-ысыта чабычу.

*Омордун оюнда баланы кантип тарбиялоо керек?*

Рас, а дегенде ыйлачумун. Кийин мен да көнүп кеттим. Ал чапкан сайын: «Дагы чап, чоң ата. Эки бетим калың болуп бааратат»,– деп тике карачу болгомун... Мен эр жеткен кезимде эки жаат болуп чабышсак, **булдурсун камчы** тийсе да бетим түктүйүп койчу эмес! А, **атаңарга аалат чор** кыргыздар, мен силердин балдарыңарды киши болсун деймин.

Менден корксоңор, **айыл конбой койгула!?**

Үшинтчү Омор бир жылы айылчылап келген чоочун аялдын баласын ошентип эркелетсе, сырын билбеген бала коркуп кетип **талып калган**. Сакалдуу кишилер: «Таштасаңчы адатыңды, бирөөнүн баласынын жүрөгүн түшүрүп, **кункор** болуп каласың! – дешип, Оморду **жемелешкенден** кийин, кубалаганын коё баштады.

**тарпактап кубалоо** – грузно и неуклюже догонять
**тери шым** – брюки из шкуры
**кең багалектери** – широкие штанины; **күдүр-күдүр этken доошу** – *здесь:* звук шуршащих штанин
**мүдүрүлүп** – спотыкаясь
**кудагыйдын баласы** – *здесь:* сын свахи; обращение как к родственнике
**сакалдуу киши** – *здесь:* старший, пожилой
**куу баш** – человек, у которого нет детей
**шагы сынып калат** – обидится
**арпа жарманын каймагындай** – словно сливки ячменной похлёбки
**былжырак** – растяпа, размазня
**жаагынан кайыш алып** – *здесь:* строго воспитывать
**тоотпос** – безразличный, не обращающий внимание
**булдурсун камчы** – плеть, нагайка
**атаңарга аалат** – *здесь:* атаңарга наалат; недовольствие их отцами, которые не так воспитывают своих детей; **чор** – мозолистый
**айыл конбой койгула** – не располагайтесь соседом на пастбище
**талып калган** – случился припадок эпилепсии
**кункор** – виновный в убийстве
**жемелешкен** – упрекали



Балким, Омор ошол адатын таштабас беле? Жашы элүүдөн өтүп калганда, өзү балалуу болду. Ошондон баштап бирөөнүн баласын катуу эркелеткенди да койду. Омордун кийинки эмгеги окуган балдарды көрсө:

– Эй, кудагыйымдын балдары! Менин жаныма келип койчу! – дечү. Окуган балдарга Омор кадимки чоң кишиге кылган мамилени иштеп: «Э, өкмөттөр, келгиле! – деп козголуп коюп, катарынан орун көрсөтөт. Кээде Сабырды да чакырып: «Те-ек, ыйлаак. Көзү чоң, коён жүрөк. Эми окуп жүрөт. Качан өкмөт болуп, жаныңда **тапанчанын боосун салпылдатасың** ыя?

– Сабыр тымызын гана күлүп койчу:

– Окугандын баары эле тапанча тагынмак беле?

– Те-ек, бул чоң көз тапанча тагынгандан да коркот. Анан эмне үчүн оку'. жүрөсүң? Койчунуку – таяк менен **көнөчөк**.

Жылкычыныкы – **кыл аркан** менен **укурук**; эгинчиники – чалгы менен орок; мага окшогон **көк чеке**лердики – **көк союл** менен жомок. А **союл**га окуунун эмне кереги бар?

*Окуу жөнүндө Омордун айткандарын талдагыла.*

Же моюнга жагоо тагынып **үп боло** албасак... ансыз да бир үйдөгү үч бала бирдей мектепке жүгүрөт. Теги, эртең өкмөтчүлүк кимисине жетишет, ыя? – Сабыр техникумдун үчүнчү курсун бүтүрүп келгенде, Омор аны үйүнө чакырды. Бул жолу Сабырдын алдына **каймакка көптүргөн таруу**ну койдуруп, чын ниетинде кеп баштады:

– Мен өз айлымдын козусунан кочкор агытканды жакшы көрөм, Сабыржан. Окууну окуй берсе акылдуу кишинин мээси айнып калат деген. Эсептесем мектеп эшигин аттаганыңа далай жыл болуптур. Бир башка жетишерлик

**тапанчанын боосу** – завязка от пистолета
**салпылдатат** – болтается
**көнөчөк** – ведерко из верблюжьей кожи
**кыл аркан** – волосяной аркан; **укурук** – укрючина, жердь с арканом;
**көк чеке** – тот, который постоянно выигрывает в альчики; **көк союл** – забияка, скандалист
**үп бол** – *здесь:* стать активом в колхозе
**каймакка көптүргөн таруу** – кушанье из жареного пшена, залитого сливками

www.bizdin.kg

илим алдың. Тил ал, Сабыржан. Ушунчанда окууңду токтот. Дагы он жыл окусаң көп болсо, **ачендик** болорсуң.

Тилимди ал, биздин айылга часковой милиса бол да, окууңду бүт! Алдыңда ат. Үстүңдө **көк жака**. Жетишкендик ошол да! Өгүнү бир **серке** союп, терисин бербей койсом, актисин жазышты... Э, дүйнөдө мен ушул часковойдон чоңду көрбөдүм. **Тапанчасынын боосун салпылдатып**, деле ар түрдүү иштин баарына көз салат экен. Тил ал да ушул часковой бол...

**ачендик** – *здесь:* начальник

**көк жака** – *здесь:* синяя форма милиционера

**серке** – кастрированный козёл, ведущий стадо овец

– Ал кызматты аткарышка менин жөнүм келбейт.

– Тек! Ага окууң аздык кылабы?

– Ар иштин өзүнүн окуусу бар, Омор аке.

– Э кандайча өз окуу? Кат жазасыңбы? Колуңду коёсуңбу? Болду, **мөөрүңдү** басып, ишиңди агыза – бер! Дагы кандай окуу?.. Ушул замандын окуусу көп. Илгери бир эле молдо тил кат жазып, катындын да башын ачып... Эми аарынын да окуусу чыкты. Тек, койдумчу деги?! – Сабыр Омордун ушул жоруктарын эсине түшүрдү. Аялы төрөбөй «куу баш» атка конуп жүргөн кезинде, кээде дөңгө жалгыз отуруп алып, көк союл менен жерди дүп чаап коюп, Омор кудайды тилдөөчү. Ал антип отурганда: «Кой, барбайлык. Биз эмес, Омор кудайды сабап олтурат» дешип анын жанына адам **жолочу эмес**.

**мөөр** – печать

**жолочу эмес** – не подходил

*Омордун мүнөзү өзгөрдүбү?*

Анын кырктан ашып калган аялы догдурга көрүнүп жүрүп бала төрөдү... «– Эй, атаңдын көрүнө!» – деди Омор кубангандан. – Дөбөдө отуруп кудай менен сабашканча, байбичем, мурунтан эле догдурга барсак болмок экен го». «Ошентсек болмок экен»,– деп аялы кубаттаса, Омор: – «Бу кайран Сабет, тоодогу кыргызга трактыр жеткизди. Өнөр, илим берди. Жадаса, төрөттөн калгандарды минтип четинен төрөтө баштады»,– деп корс-корс күлгөн.

...Омор уулунун атын Орусбек койгон. Ал жетиге толгондо, Омордун үйүнө сельсоветтен киши келди:

– Омор аке,– деди ал – Орусбегиңиз мектепке барат.

– Э! – деди Омор кежирленип,– Орусбекте эмне бар?

– Окубайбы, жарыктык.

– Эй, жигит, мага жооп берчи?

– Кана сураңыз.



Бир үйдө он бала болсо, ону тең окуу дешип **делпилдешет**. Эркеги жетишпей калгансып, кыздары кошо **энтеңдейт**. Мынча элге окуунун не кереги? Бул өкмөтчүлүк кимисине жетишет, ыя, жооп тапчы? – Омор сөөмөйүн чочойткон.

**делпилдешет** – проявляют рвение, рвутся к учёбе

**энтеңдейт** – суетится, торопится

– Окуу керек. Окугандын баары эле өкмөт болбойт.

– Анан эмне кылат?Он жыл окуп алып үй багабы?

– Ооба! – деди сельсоветтин кишиси камырабай,– окуп алган киши үйдү бакса, ага көк көйнөктү жолотпойт...

– Тек, үйчүгө окуунун кереги не? Малды окуу тосо албайт. Көк союл тосот. Окуп, окуп койчу болсо, менин Орусбегим окубай ак, оо деген адам болот. Бара бер!

Айтканынан кайтпас Омор биринчи жылы Орусбегин мектепке жибербей койду. Бир күнү Орусбек ыйлап келди.

– Эмне ыйлайсың? – деди атасы.

– Окуган балдар мени шылдыңдашат...

– Эмне деп?

– Окубаган торпок, торпок дешет.

– О кайраты жок жаман? Алар торпок десе, сен ого бетер торпоктугуңду билгизип, үйгө мөөрөп келесиңби? Экинчи мага жашыңды көрсөтпө. «Жалгыз болсоң, чогоол бол»... деген. – Сени торпок деген балдарга **кыргыйдай** тий!

**кыргыйдай** – как ястреб

– Маалим болушса, мага айт. Мектебинин эшигин жулуп ыргытканымды бир көрсүн. Байыркы молдо **табылгы чыбыгын** көтөрсө, балдардын башы жерге кире түшчү.

**табылгы чыбык** – прутик таволги, кустарника

*Омор мектепке Орусбекти окутпайм деген сөзүнөн эмне үчүн кайтты?*

**Тапшырмалар:**

1. Суроолорго жооп бергиле:
   1) Үзүндүдөгү окуялар кайсы мезгилде болгон деп ойлойсуңар? Эмне үчүн?
   2) Омор кандай киши? Ал кичинекей балдарга кандай мамиле кылат экен? Баласынын атын эмне үчүн Орусбек деп коюптур? Адамдын атын коюу маанилүүбү же маанилүү эмеспи, ой жүгүрткүлө.
   3) Азыркы ата-энелердин арасында Оморго окшоп балдарын мектепке жибербей койгондор барбы? Болсо, силер ал адамдарга эмне айтат элеңер, айтып көргүлө.
   4) Омордун оюнча мектеп жана окуу эмне үчүн керек? Анын оюнча

www.bizdin.kg

милиционер кандай адам экен? Эмне үчүн «дүйнөдө мен ушул часковойдон чоң кишини көрбөдүм» дейт?

5) Үзүндү эмне үчүн «Омор аке жана анын баласы» деп аталат? Мындан башкача да атаса болобу? Кандай атаса болот деп ойлойсуңар?

2. Үзүндүнү дагы бир сыйра окуп, өз алдыңарча сүйлөп бергиле.
3. Омордун образына мүнөздөмө берүүгө үйрөнгүлө.
4. Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин, антонимдерин таап, дептериңерге жазып алгыла: *Тымызын, өжөр, эр көкүрөк, кайраттуу, кыпылдөгөн, оолак, тери шым, кең багалек, камчы, жемеле, тапанча, көнөчөк, жылкычы, кыл аркан, укурук, көк чеке, көк союл.*

## II. Жүрөктөн чыккан сөздөр

*Омордун пионерлерге кайрылуусун өз сөзүңөр менен айтып берүүгө даярдангыла.*

«Илим менен эрте жазда **өмүрдү гүлдөткүлө!»** – деди Омор, эми эле атактуу академик Яковлевдин «Күрпүлдөк» мектебинин пионерлерине жиберген катындагы окулган сөздөрдү өз ичинен **күңкүлдөп.** – Те-ек **сөз эмес бекен,** э!» – дале болсо өз билгенине бек турган **бир мүнөздүү** кары оюн угуза айталбады. Пионерлердин сборунда чоң энеге сөздү биринчи бергиси келген Сабыр азыр күңкүлдөгөн Омордун алда эмнеге **таасирленип,** өзүнчө кызып отурганын көрдү да, ордунан турары менен:

– Омор аке, сөз сизге берилет! – деди.

Омор таң калгансып, салмак менен Сабырга бир карады да, үнсүз таягын «түк» эткизди. Балким, кызыктуу жакшы кеп айтар деп күткөн Сабыр Оморго кайталады:

– Сөз сизге берилди, Омор аке!

– Тек,– деди Омор. – Бала болуп башыма жүн чыккандан бери менин докладчы болгонумду укканыңар барбы?!

– Сиз көргөн, билгениңизден пионерлерге **эстелик сүйлөп бериңиз.** – Сабыр Оморду ыкка көндүрүү үчүн атайы айтты. – Сиздики доклад эмес, **анчейин** жай сөз.

– Эмне үчүн меники доклад эмес?

Бул суроону же оюндан, же чындап бергенин түшүнө албаган Сабыр саал күлүмсүрөп айтты:

– Сиз эстелик айтасыз.

– Те-ек, Сабыржан! – **кексе** кары Сабырга бүркүтчө карады. – Сен сүйлөсөң доклад, тетиги Мерген сүйлөсө доклад. А сөздөрү чолпондой

**өмүрдү гүлдөткүлө** – процветайте в жизни

**күңкүлдөп** – бубнить

**сөз эмес бекен** – *здесь:* одобрение; это ли не слово

**бир мүнөздүү** – устойчивый характер

**таасирленип** – под влиянием

**эстелик сүйлөп бериңиз** – скажите им на память

**анчейин** – так себе

**кексе** – хитрый, видавший виды



жайнаган жалаң гүлдөгөн пионерлерге Омор сөз айтса, тек **«эстелик – анчейин** жай сөз» боло калат.

– Э, ант урган Омор, башыма чач чыкканы доклад айтып көргөн жан эмесмин деп эми эле өзүң айтпадыңбы,– деди чоң эне.

– Ооба, өзүм айттым,– деди Омор. – А өзүм айтсам эле менин сөзүм докладга кошулбайбы?

– Кошулат, Омор аке,– деди Сабыр токтоо,– докладчы десем чочуп кетеби дедим сизди.

*Докладчы Омор өз сөзүндө эмне жөнүндө айтат?*

– Тек! Чочуй турган кишини тапкан экенсиң! – Омор ордунан турары менен кебин жөнөттү,

Э, кагылайын балдарым! Силердин Омор акеңер эчтемеден чочубайт. Ошону билип койгула! – Омордун кайраттуу чыккан бийик үнү а дегенде эле пионерлерди өзүнө тартты. – Тетиги башкарма Мерген доклат сүйлөсө мисалга да калат. Айткан **кебим сумсак болбосун,** доклатымды мен да мисалсыз баштабайын.

Терезе жактан Орусбектин үнү чыкты:

– Те-ек, сиздин мисалды уккубуз келет, жолдош Карабашев!

Бирок Орусбектин үнүнө күлгөндөр болбоду. Бир катар пионерлер, ага: «Ай, уятсыз, өз атасын да ошентип айтат бекен?» – дегендей үнсүз караршты. Кулагына чейин кызара түшкөн Орусбек ошол замат тим болду.

Омор укмаксанга салып өз кебин улады:

– Ооба, кагылайын неберелерим! Менин мисалым – илгери силердей бала кезимден баштап жүрөгүм да, сөзүм да, **союлум** да эч эчтемеден жалтанган эмес!...«Те-ек» деп ойлонуп карадым. Те алда кайдагы орус эрте жаздай өмүрдү гүлдөткүлө деп кыргыздын балдарына кеңеш кошту. Ошолордун ичинде менин да уулум бар. Өз атасы болуп туруп ушул күнгө уулума ошончо акыл айта албаймын. Ойлоп-ойлоп алысты **жуук,** эл-журтту дос кылган ушу биздин өкмөттүн илимине чын пейилимден ыраазы болдум. Көрсө, ачендик мындай турсун, биздин колхоздун көп козуларын **ич өткөктөн** сактаган да мал доктурдун окуусу болду! Ушундай деп мени Сабыр үгүттөбөдү.

Турмуш өзү баян этти. Окусаң ачендик болуп кел. Ачендик болбосоң өкмөттүн на-

**кебим супсак болбосун** – чтобы мои слова не были сухими

**союлум** – моя дубинка

**жуук** – близко

**ич өткөк** – дизентерия

нын бекер жебе дечү элем. Жылдыздай жайнаган кагылайын неберелерим, силердин көз алдыңарда мен ушул жаңылыш айтып жүргөн сөздү кайра аламын. Так **ушул мөөнөттөн баштап** ал сөздү мени айтты, деп эсептебегиле!

Сабыр баштап пионерлер алакан чабышты.

**ушул мөөнөттөн баштап** – с этой минуты

*Омордун окуу жөнүндө пикири өзгөргөнүн анын кайсы сөздөрү далилдейт?*

**Тапшырмалар:**

1. Суроолорго жооп бергиле:
   1) Сабырдын бардык аракеттери Оморго кандай таасир калтырды?
   2) Чогулушта сүйлөп жаткан атасына Орусбек эмне үчүн үн чыгарып тоскоол болду? Орусбек жөнүндө айтып бергиле.
   3) Мектепте өткөн чогулушта Омор аке өзүнүн мурунку катасын кантип мойнуна алды? Ал окуунун керек экенин кантип түшүндү?
   4) Орусбек чоңойгондо кандай адам болот деп ойлойсуңар? Эмне үчүн?
2. Омор акенин *«алысты жуук, эл - журтту дос кылган ушу биздин өкмөттүн илимине чын пейлимден ыраазы болдум. Көрсө ачендик мындай турсун, биздин колхоздун көп козуларын ич өткөктөн сактаган да мал доктурдун окуусу болду»* деген сөздөрүн кандай түшүнөсүңөр?
3. Омор аке оң каарманбы же терс каарманбы? Талкуулагыла.
4. Ошол кездеги мектеп менен азыркы мектептин окшоштуктарын жана айырмачылыктарын Венндин диаграммасында көрсөткүлө.
5. Төмөнкү макалдардын маанисин чечмелеп бергиле: *Окуу – билим азыгы, билим – ырыс азыгы. Окуган – жарык, окубаган – чарык. Билими күчтүү миңди жыгат, билеги күчтүү бирди жыгат. Билимдүүнүн сөзү өткүр, мергенчинин көзү өткүр. Билимдүүгө дүйнө жарык, билимсизге дүйнө караңгы.*
6. Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин, антонимдерин таап, дептериңерге жазып алгыла: *бир мүнөздүү, таасирлентүү, эстелик, кексе, сумсак кеп, жуук, ич өткөк, мөөнөт.*
7. Өз алдыңарча төмөнкү суроолорго жооп жазгыла:
   – Роман деген эмне?
   – Түгөлбай Сыдыкбеков өзүнүн «Тоо балдары» романында кайсы мезгилдеги окуяларды баяндаган?
   – Эмне үчүн Т. Сыдыкбековду «романчы» деп айтабыз?
   – Силердин оюңарча роман эмне үчүн «Тоо балдары» деп аталат?

### Адабият теориясынан

**Роман** – турмушту ар тараптан жана кеңири сүрөттөөгө алган көп пландуу эпикалык чыгарма. Бул термин биринчи жолу Батыш Европа адабиятында колдонула баштап, ошол мезгилде роман тилдеринде чыккан кара сөз түрүндөгү чыгармаларды түшүндүргөн.



www.bizdin.kg

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ
## (1928–2008)

*«...Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы өтө кызыктуу универсалдуу рухий феномен».*

Г. Д. Гачев.

*«Чыңгыз Айтматовдун мыкты повесттери – анын чыныгы таланттуулугун гана айгинелебей, прозанын келечектүү чоң устаты экендигин да далилдеп турат».*

М. Н. Тихонов.



Чыңгыз Айтматов – дүйнөлүк адабияттын көрүнүктүү залкар жазуучусу. Ал 1928-жылы Талас областынын Шекер айылында кызматкердин (служащий) үй-бүлөсүндө туулган. Анын атасы Төрөкул Айтматов 1937-жылы репрессияланып кетип, болочок жазуучу Чыңгыз чоң энесинин колунда калат. Анын өмүргө болгон алгачкы көз карашы (взгляд к жизни) кыргыз элинин улуттук образы менен байланышта (связано с национальным образом) болот. Чыңгыздын үй-бүлөсү орус тилинде да, кыргыз тилинде да сүйлөгөндүктөн, ал эки тилди тең жакшы **өздөштүрө билген** жана бул анын чыгармачылыгына көп пайдасын тийгизди.

1948-жылы Чыңгыз Айтматов ветеринардык техникумун бүтүп, айыл-чарба институтуна тапшырат. 1952-жылы ал ар кандай газеталарда кыргыз тилинде өз макалаларын чыгара баштайт. Институтту бүткөн соң, 1953–1956-жылдары Кыргыз мал чарба жана ветеринардык **илим изилдөө** институтунун тажрыйба фермасында зоотехник болуп иштейт.

Ал 1956-жылы Москвадагы Жогорку адабият курсуна тапшырат. Курсту бүтөөр замат, ал «Октябрь» журналына «Бетме-бет» аттуу повестин басып чыгарат. Ушул эле жылдары анын аңгемелери «Новая жизнь» журналында басылып, чыгарыла баштайт. 1957-жылы «Бетме-бет» повести, 1958-жылы «Жамийла» повести жарык көргөн. Канча гана акын-жазуучулар сүйүү жөнүндө жазбады! Байыркы уламыштарда, мифтерде да, чыгыш элинде ашыктыктын **туу чокусу** делген «Лайли менен Мажнунда» да Ч. Айтматовдун повестиндегидей сүйүү даңкталган эмес. Бул повестти француз тилине которгон Луи Арагон «Сүйүү жөнүндө дүйнөдөгү эң улуу дастан» деген баа берген. Чыңгыз Айтматовду дүйнө жүзүнө таанымал кылган «Эрте келген турналар», «Гүлсарат», «Атадан калган туяк» жана башка чыгармалары көптөгөн дүйнө элдеринин тилдеринде басылып чыккан. Бул чыгармаларында ал согуш учурундагы кыргыз элинин жашоосун, көргөн кыйынчылыктарын чагылдырган.

Чыңгыз Айтматов «Тоолор жана талаалар баяны» жыйнагы үчүн Лениндик сыйлыкка татыктуу болгон. «Гүлсарат» повести үчүн

www.bizdin.kg

СССРдин Мамлекеттик сыйлыгын алган. «Эрте келген турналар» повести үчүн Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы сыйлыгына ээ болгон. «Ак кеме» повести үчүн СССРдин Мамлекеттик сыйлыгына, «Кылым карытар бир күн» романы үчүн да СССРдин Мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болгон.

Ал – Социалисттик Эмгектин Баатыры. Кыргыз Республикасынын Эл Баатыры.

Ч. Айтматов 80-жылдардан баштап роман жанрына кайрыла баштаган. Анын «Кылым карытаар бир күн», «Кыямат», «Кассандранын эн тамгасы», «Чыңгызхандын ак булуту», **«Тоолор кулаганда (Түбөлүк колукту)»** аттуу романдары өзүнүн баалуулугу менен дүйнө элинин көп тилдерине которулду.

Чыңгыз Айтматов – Париждеги Европа илимдер, искусство жана адабият академиясынын жана Рим клубунун мүчөсү, «Ысык-Көл форумунун» президенти, Дж. Неру атындагы сыйлыктын лауреаты.

Жазуучунун ар бир чыгармасынын көтөргөн **жүгү**, көркөм жалпыланып чечилген маселеси бар. Чыңгыз Айтматовдун сүрөткердик улуу, укмуш өзгөчө касиети бар. Бул анын олуттуу маселени бир чыгармасында көтөрүп чыгып, ал **толгонуу**сун кийинки чыгармаларында **туу чоку**га жеткирип, ийине чыгарып (делать как надо, довести до ума), окуган адамды биротоло жипсиз (незримо) байлаганы. Анын каармандары – күрөшчүл, темирдей эрктүү, айтканынан кайтпаган, жалаң идея үчүн жаралган адамдар: Жамийла, Толгонай, Сейде, Ильяс, Дүйшөн, Алтынай, Танабай, Султанмурат, Эдигей, Бостон... Бул каармандардын тагдырлары ар башка, жамандыкка, адилетсиздикке күрөштөрү да бөлөкчө, бири-бирине окшобойт. Бирок ошондой болсо да, аларды бириктирип турган бир нерсе бар – алар айтканынан кайтпайт, максат-тилектерин аткармайын жандары тынбайт, эгер керек болсо идея үчүн курман болуудан тартынбайт. Жазуучунун эң негизги темасы – адам фактору менен концепциясы. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы көркөм дүйнө мазмуну боюнча да, формасы боюнча да жаңы. Чыгармаларындагы каралган маселелер, алардын көркөм чечилиши менен жалпыланышы өзгөчө айырмалуу. Анын чыгармалары өзүнүн жаңычылдыгы, маселелеринин актуалдуулугу жана курчтугу менен айырмаланат. Чыңгыз Айтматовдун аты менен бүгүн ар бир кыргыз сыймыктана алат.

**Жаңы сөздөр:**

**өздөштүрө билген** – освоил
**илим изилдөө** – научно-исследовательский
**Тоолор кулаганда** – Когда падают горы
**Түбөлүк колукту** – вечная невеста
**жүк** – груз
**толгонуу** – раздумье
**туу чоку** – *букв.*: самая макушка





Бул пьеса Ч. Айтматовдун **адабий биографиясы**ндагы алгачкы драмалык чыгарма.

Сыягы, айрым жагдайлар болбогондо (если бы не некоторые обстоятельства), балким, бул чыгарма автордун сүйүктүү жанры повестке да **айланып кетиши** мүмкүн эле.

«Адегенде материалды пьеса эмес, повесть кылып жазам го деп ойлогом. Бирок Галина Волчек жана Олег Табаков өңдүү театр өкүлдөрү менин сюжетим сахна үчүн **куп ылайык экен** дешкенинен казак драматургу, досум Калтай Мухамеджановго сюжетти айтып бергем. Экөөбүз бири-бирибизди толуктадык окшойт, **соңунда** минтип пьеса жаралды.»

(«Человек и мир. Семидесятые годы», китепте: В соавторстве с землей и водою, Фр., 1978, 367-б.)

Чыгармадагы көтөрүлгөн маселелер, камтылган материалдын **көркөм чечмелениши**, курч формада коюлган адам жана **абийир, адам ыйманынын тазалыгы** сыяктуу проблемалар пьеса Айтматовдун чыгармачылык жолунан кокусунан жаралган көрүнүш эмес экенин **кашкайта** көрсөтүп турат. Анын үстүнө, Айтматовдун чыгармалары **демейде** повесть жанрынын же аңгеменин алкагына батырылып жазылганы менен (хотя помещено в границы повести или рассказа) алардын драматургиялык касиеттери өтө белгилүү. Буга анын повесттеринин көп сандаган инсценировкалары, спектаклдер, кинофильмдер ачык күбө. Драмада окуя **окумал курбулар**дын бири Фудзияма деп атай койгон дөбөдө өнүгөт, мезгилдик жактан бир суткага жакын убакытта өтөт. Ал жерге бир кезде балдар үйүндө чогуу тарбияланышып, андан кийин университетте бирге окушуп, согушта да бир батареяда **кызмат өтөшүп**, кийин **турмуштук жолдору** ар жакка **бөлүнүп** кеткен төрт курбу чейрек кылымдай убакыттан кийин (после четверти века) чогулушат.

Курбуларды **баш коштуруу**га **себепкер** болуп, чакырып, сый көрсөтүп жаткан ошол жердеги совхоздун башкы агроному Досберген.

Сыйлуу коноктордун бири – тарых или-

**адабий биографиясы** – литературная биография
**айланып кетиши** – превратиться
**куп ылайык экен** – очень подходящий
**соңунда** – в итоге
**көркөм чечмелениши** – художественное толкование
**абийир** – стыд, совесть
**адам ыйманынын тазалыгы** – чистота человеческой совести
**кашкайта** – явно, заметно, безапелляционно
**демейде** – обычно
**окумал курбулар** – одноклассники
**кызмат өтөшүп** – служили
**турмуштук жолдору бөлүнүп кеткен** – чьи жизненные пути разошлись
**баш коштуруу** – собрать вместе

минин доктору, кайсыл бир институттун директорунун орун басары Иосиф Татаев, же Осипбай. Экинчиси – жазуучу, журналист Исабек Мергенов актриса аялы Гүлжан менен, үчүнчүсү – жергиликтүү мектептин тарых сабагынын мугалими Мамбет Абаев аялы Анвар менен. Чогулгандардын **сөздөрүнөн улам** алардын Сабыр деген дагы бири болгондугун билебиз, бирок, ал **эмнегедир** курбулардын жыйынына келбейт.

Алгач **дөбөдөгүлөр** көңүлдүү отурушат. Бирок, реплика **чымчышуулар** тереңдеген сайын ал мугалим Мамбеттин демилгеси, экиленген актриса Гүлжандын, курбуларга балдар үйүндө таалим-тарбия берген апанын коштоосу менен кимдин ким экенин **тастыктаган** анализ-чегинүүгө, азыр кайда экендиги белгисиз, бир кезекте мыкты ырларды жазып, көптөн унуттөндүргөн Сабырдын руханий дүйнөсүнүн алдындагы «ачык сотко» айланып кетет. «Ачык сотту» Осипбай менен Исабек **каалашпайт**, сөздү башка темага бургулары келишет, бирок Мамбет Сабырдын маселесин **козгоп туруп алат**.

Дөбөдөгү «ачык сотто» курбуларды турмуш **аёсуз калчап**, бир нече ирет оор сыноолорго дуушар кылгандыгы, сыноолордо балалык кездеги көп касиеттерин, **сапаттарын жоготушкандыктары**, айрымдары кыйынчылык кездерде таланттуу акын Сабырды сатып кетишсе, бирөөлөрү анын үстүнөн **чагым** жазып Сабырды каматкандыгы **айкын болот**.

**Чуулгандуу** поэмасы жөнүндө жазалоочу органдарга **тоголок кат** жазып, Сабырдын камакка алынышына түздөн түз **себепкер** болгон ким?

Драмада буга **ачык жооп берилбегени менен** ким экендигин Мамбет эң сонун билет. Анын ким экендигин окурман деле байкайт. Ал Фудзияма деп аталган дөбөчөгө чогулган адамдардын ичиндегилердин бирөөсү. Аны Айша апа да түшүнүп, Фудзиямадагы курбулардан качканча шашат.

Жазыксыз репрессияланган Сабырдын ырлары автордун айтайын деген оюнун негизин түзүп турат:

**сөздөрүнөн улам** – со слов
**эмнегедир** – почему-то
**дөбөдөгүлөр** – те, кто на холме
**чымчышуу** – дразнить друг друга
**тастыктаган** – уточнять
**каалашпайт** – не желают
**аёосуз калчап** – беспощадно испытывать
**сапаттарын жоготушкандыктары** – что растеряли свои качества
**айкын болот** – станет известно
**чуулгандуу** – скандальный
**тоголок кат** – анонимное письмо
**ачык жооп берилбегени менен** – хотя нет однозначного ответа



www.bizdin.kg

Эзелтен чечилбеген **улуу талаш**,
Канткенде адам уулу адам болот?
Ураалап жоо кууса да ушул талаш,
Канткенде адам уулу адам болот?
Ажалга көз жумса да ушул талаш,
Канткенде адам уулу адам болот?

**улуу талаш** – великий спор

**Эстегиле! Тааныш сөздөр:**

**себепкер** – виновник (7-кл., 10-б. **«Манас» эпосунун кыскача мазмуну»:** Коңурбай – Манастын өлүмүнө **себепкер.)**

**козгоп туруп алат** – затрагивает этот вопрос (9-кл., 113-б. **Осмонкулдун термесинен:**

Калем алып жазайын.
Казалдын кенин ачайын.
Ичимдеги өнөрдү,
**Козгогум келди** атайын.)

**чагым** – донос (9-кл.,67-б. **Калыгул бай уулу «Акыр заман»:**

Аганын тилин ини албай,
**Чагым** болот деп айткан.)

**«Фудзиямада кадыр түн» драмасынан үзүндү**

*(Эки бөлүмдүү драма)*

**Катышуучулар:**

Досберген – совхоздун агроному.
Алмагүл – аялы, география сабагынын мугалими.
Мамбет – тарых сабагынын мугалими.
Анвар – аялы, врач.
Осипбай – Иосиф Татаевич, илим доктору.
Исабек – журналист, жазуучу.
Гүлжан – аялы, актриса.
Айша – апа.
Жумушчу.

***Биринчи бөлүм***

*Алыстан ак карлуу тоолордун шаңында береги Фудзияма деп аталган **Туу чокунун** башындагы **көк тайпаң**. Бир тарабы аскалуу зындан, түбүндө суу агып жаткансыйт, шары угулат.*

*Жайдын толук кези. Ишемби күндүн кечи. Дөбөнүн оң тарабында чыгып келер **кыя жол** бар сыяктанат. Адам изи түшпөгөн **калың тулаң**, төркү аскалуу – жарлуу коктуларда топ-топ өскөн бадал, карагай. Түш тарап ээн.*

*Бирок бүгүн бөтөнчө шаңга толгон. Досбергендин чакыруусу менен буерге анын класс-таш, кийин куралдаш курбулары (друзья по*

**Туу чоку** – самая макушка
**көк тайпаң** – горное плато с зелёной травой
**кыя жол** – косогор
**калың тулаң** – густой ковыль; поросшая ковылём местность

www.bizdin.kg

*оружию) келген. Осипбайдан, башкача айтканда Иосиф Татаевичтен башкалары сейилге ылайыктап* <u>*жупуну*</u> *(просто, незатейливо) кийинишкен. Даражасына ылайык* ***жосунун бузбаган*** *Иосиф Татаевич утюктөлгөн костюмчан, галстукчан, асынган транзисторун анда-санда толгоп коёт.*

**жосунун бузбаган** – не нарушающий порядок, правило

*Аялдар азырынча көрүнбөйт. Алар кийинчерээк келер.*

Д о с б е р г е н. Алмагүл биердеги дөбө-дөңсөөлөргө чейин ат коюп чыкты. Топонимика дейт имиш. Экскурсия деп балдарга **тыным бербейт.** «Фудзамия», айта албасам ал күлөт... «Фудзияма дегениң айтууга кыйын экен. Өзүбүздө толуп жаткан чокуларыбыздын **аты буюрбадыбы** сага?» десем, ал «мында терең маани бар», дейт. «Фудзияма» деген касиеттүү, ыйык тоо дегенди түшүндүрөт дейт.

**тыным бербейт** – не даёт покоя

**аты буюрбадыбы** – не суждено дать другое название

И о с и ф Т а т а е в и ч. Бу сөздүн **сыры**н мен былтыр Японияга барганда билдим. Алыстан Фудзиямангын өзүн да көрдүм.

**сыр** – тайна

И с а б е к. Мен билгенден мунун мааниси мында: ар бир **такыба буддист** өмүрүндө жок дегенде бир ирет касиеттүү Фудзиямага чыгып, кудай менен сырдашат экен, бул дүйнө тууралуу ой ойлоп, кылган күнөөлөрүн моюнуна алат имиш, бизче айтканда, кудай алдында **ымандай сыр**ын айтып, эсеп берет экен. *(Ушул учурда төмөнтөн келаткан аялдардын үндөрү угулат.)*

**такыба буддист** – благочестивый буддист

**ымандай сыр** – *букв.:* тайна как совесть; настоящая тайна

Г ү л ж а н *(айланага карап)*. Сонун экен. Укмуш! Бүт дүйнө алакандагыдай көрүнөт. Ах, **керемет!** Бүгүн буерге келишти укмуш ойлоп тапсың, Алмагүл. Фудзиямангын чокусу ажайып болсо ушунчалык болор да. Ах, керемет.

**керемет** – чудо, диво

И с а б е к. Фудзиямангын чокусуна чыккан адам жүрөгүнүн эң **купуя сырын** ачарын билесиңби, жаным? Фудзиямангын шарты ушундай.

**купуя сыр** – сокровенная тайна

Г ү л ж а н. Кудай алдында **жан-жүрөгүмдү жайып салуу**га азыр да даярмын. Жашырар эч кандай купуя сырым жок.

**жан-жүрөгүмдү жайып салуу** – раскрыть свое сердце

А л м а г ү л. Кимдин ким экенин билсек, кызык болор эле...

*(Төмөндөн машиненин үнү угулат. Ак чачтуу апа келет. Баары ордунан турут. Айша – апаны тосуп алышат.)*



А й ш а  а п а. **Арыбагыла,** айланайындар! Өх, жүрөгүү кургур жарылып кетеби. Карылык деген ушу.

**арыбагыла** – здравствуйте

И с а б е к. Мына дасторкондун **ажары** эми ачылды. Сиздин келгениңиз сонун болбодубу, Айша апа.

**ажары** – *здесь:* красота

А й ш а  а п а. Силер үчүн жердин түбүнө да барууга даярмын, балдарым. Баш кошуп **көрүшпөгөнүбүзгө канча** жылдар болду? Силер чакырганда кантип үйдө отурайын.

**көрүшпөгөнүбүзгө канча** – сколько мы не встречались

Сабырды да келди деп уктум.

*Драманын биринчи бөлүмү кандай окуя менен башталды? Алмагүл «Фудзияма» деп атаган дөбөдө кимдер чогулушту?*

* * *

А й ш а  а п а. <u>Укканыма караганда</u> *(по слухам)* Сабыр согуштан келгенден кийин бир поэма жазат, ошол үчүн айыпталып соттолот. Кийин күнөөсүздүгү аныкталып, акталып чыгат. Бирок мунун баары эмнеден башталып, кандай болгону силерге гана маалым. Тек айтарым, бешөөң тең мага <u>колумдун беш салаасындай</u> (как пять пальцев) кымбатсыңар. Сабырды согуш мезгилинде бүт жаштар жакшы көрчү, ырларын **ант катары** жатка айтышар эле. Жакында Интернаттын кырк жылдыгына байланыштуу мектеп музейине материалдарыңды жибер деп кат жазсам, «Ардактуу Айша апа, мени Ата Мекендик согушта курман болгон деп белгилеп коюңуз» деп жооп жазыптыр. Бул **эмне шумдугу?**

**ант катары** – как клятву

**эмне шумдук** – что за дикость, небылица

Г ү л ж а н. Деги анын тагдыры эмне менен бүттү? Айта турган болсоңор айтпайсыңарбы? *(Пауза)*

И с а б е к. Эмнесин айтмак элек... согуш бүттү. Бешөөбүз тең аман-эсен кайра кайттык, албетте, **төш** толтура орден-медаль. Антсе да турмушту кайра баштап, ар ким өз жолун издөөгө туура келди. Көп кыйынчылыгы жок эле баарыбыз институтка кирдик: Сабыр экөөбүз филфакка өттүк, Осипбай тарых факультетине, Досберген болсо – айыл чарба институтуна. Сабырдын **таланты ташкындап** турган кези, мен да колдон келишинче жамактап, калышчу эмесмин. *(Пауза.)*

**төш** – грудь

**таланты ташкындап** – его талант переливался через край

Андан аркысы болсо... Менимче, Сабырдын

www.bizdin.kg

көз карашында кандайдыр бир өзгөрүүлөр пайда болду... Аны **түшүндүрүштүн** өзү да **кыйын.** Күндөрдүн бириндө ажайып бир ырлар окуду, чоң поэманын башталышы экен... Кыскача мазмуну: «Мен согуштан чарчадым, **ичиркенем** кандуу-сүрдүү жүзүнөн, нечен-нечен жаш өмүрлөр жеңиш үчүн окко учуп, улуу Мекеним фашизмден бошонуп турганда, басып өткөн жолумду, эч убакта кайталагым келбес эле...»

А л м а г ү л. Ким эле согушту кайра басып өткүсү келсин? Анын неси бар?

И с а б е к. Биздин **жеңиштин даңазасын** ырдоонун ордуна, каяктагы бир калпыс ойлорду айтып туруп албадыбы...

Көркөмдүгү күчтүү болгону менен, **ички түшүнүгү талаштуу** болуп калды. «Арамдыкты адамдык менен жеңе албайсың, согушту согуш жеңет, бул чындыктан четке чыгып турууга эч кимдин укугу жок» деп айттым ага.

Г ү л ж а н. Поэманы окуп берүүчү беле силерге?

М а м б е т. Ии. Улам жазганын улам окуп берүүчү.

Д о с б е р г е н. Бекер кылган экен эми ойлосом.

И с а б е к. Кеп анда эмес, кеп **жолдоштук кеңешти** укпай койгонунда. Мына ушуну бекер кылган.

М а м б е т. Эч кандай бекер – мекер эмес. Ал бизди адал деп ойлогон.. анан калса түштөн кийин күйөрман болуп алыпсың... Анын өзү да, өчүп кеткен таланты да, сага бир тыйынчалык зарылдыгы жок эмеспи... Поэмасы «**Добулбас** үнү өчкөндө» деп аталчу.

Сабырдын жазганын ар качан ары карап ыйлап, бери карап күлүп, мактачу элең, суктанчу элең...

И с а б е к. Азыр да мактайм, азыр да танбайм.

М а м б е т. Болгон адилдигиң ошобу? Өмүрүңдө бир жолу да батынып Сабырга чындыкты айтпадың.

И с а б е к. Оозуңа кара. Мен сага окшоп мушташып, **жакалашкан** эмесмин аны менен. **Касташкан** мен эмес...

А й ш а а п а. Ээ, Мамбет, **касташканың** чынбы?

**түшүндүрүш кыйын** – трудно объяснить
**ичиркенем** – вздрагиваю, невольно передергиваюсь
**жеңиштин даңазасы** – прославлять победу
**ички түшүнүгү талаштуу** – внутреннее понятие спорно
**жолдоштук кеңеш** – дружеский совет
**добулбас** – небольшой барабан
**жакалашкан** – дрался, тряся за воротник
**касташкан** – враждующий



М а м б е т. Бетке айтканым чын болчу. Анын баары жаңкы поэмадан келип чыкпадыбы. Ошондогу түшүнүгүм менен, мен аны бетке айттым: «Сен акын катары **түз жолуңдан адаштың**».

«Көркөм өнөрдө сызып койгон түз жолдор жок, сенин **ченемиң** мага туура келбейт»,– деп ал мага жооп кайтарды. «Сенин поэмаң **өткөндү эңсегендик, саясый ката**» деп айттым. Антсем, **каны ичине тартып**, мени жакадан алды. Мен да карап турбадым. Андай болорун ким билиптир. Көрсө экөөбүз узак жылдарга ажырашардын алдында, эси жоктук кылган экенбиз. Чынында кеп жакалашканда эмес. Менин кечиримсиз күнөөм – жанагыдай **саясый айып** тагып түшүнбөстүгүм экен. Көрсө ошондо чыгармачылык жол издеп, өзү менен өзү жакалашып, **изденүүнүн азап-тозогунда** жүргөн турбайбы.

А л м а г ү л. Кийин толук акталган тура.

Д о с б е р г е н. Сабырдын ал ырлары туура-луу кандай ойлойсуң деп азыр сурасаңар бар эмеспи, мына ак дасторкон турат, башымды көп оорутпагыла дээрим ачык. А кезде болсо, унчукпай кутулганды туура көргөм. Чакырып алып сураса бирдеме айтат элек дечи. Жөнү жок жулуна бериш (попусту рваться), **кудай билет**, туура болот беле, же... ал мезгил өзү **катаал мезгил** болчу.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Ошондо мен антмек элем, минтмек элем деп **көкүрөк кага албайм.** Анан калса Сабырың да **периште эмес** го, болбосо ак жеринен сүргүнгө айдалып кетмек беле. «Заман, заман» дейсиңер. Заманда не айып? Ырларынын өзү тескери болчу. Менин эркиме койгондо, мындайларды мен азыр да **жакын жуутпас элем...**

И с а б е к. Кудай сактай көр! **Токол эчкиге** кудай **мүйүз бербептир** дейт. Сенден башкалары да жетишер, **бөрк ал десе, баш алгандар** азыр да жок эмес... Бизден да жашыраак, бизден да эптүүлөр чыгып жатпайбы.

А й ш а а п а. **Башым катты** силерди угуп отуруп эле. Түшүнө албай койдум, сөзүңөрдү... бирге окуп... бирге чоңойуп, бир сындырым нанды тең бөлүшүп, согушта кан кечип жүрүп,

**түз жолуңдан адаштың** – ты сбился с правильного пути
**ченем** – мера, мерка, норма
**өткөндү эңсегендик** – стремление к прошлому
**саясый ката** – политическая ошибка
**каны ичине тартып** – *здесь:* разозлившись
**саясый айып** – политическая вина
**изденүүнүн азап – тозогу** – муки, мучения творческого поиска
**кудай билет** – бог знает
**катаал мезгил** – жестокое, свирепое время
**көкүрөк кага албайм** – не могу стучать в грудь
**периште эмес** – не ангел
**жакын жуутпас элем** – близко не подпустил бы
**токол эчкиге мүйүз бербептир** – не дал бог рога комолой (безрогой) козе
**бөрк ал десе, баш алган** – велели шапку принести, а он голову отрезал
**башым катты** – голова моя затвердела; *здесь:* не пойму я

www.bizdin.kg

бир-бириңерге жөлөк болуп келдиңер эле. Анан бирөөнүн башына **мүшкүл** түшсө тааныбаган адамдай таштап кете бергениңер кандай? Ушундай да болобу?

Исабек. Кайрылып Сабырга кол бербей коюпсуңар деп ойлобоңуз, Айша апа. Ал **акталып келгенде** мына мен өзүм жетелеп барып, редакцияга орноштурдум (устроил). Ичкиликке берилип (пристрастился к спиртному) калган экен, андан кетти. Башка бир жерге орноштурсам аерге да турук ала албады. Анан кайда кеткенин өзүм да билбей калдым.

Мамбет. Ошол кезде биз ага жардам көрсөтө албадык. Ар ким өз башын коргоп, **өз этегине бекинди**.

Иосиф Татаевич. Мен эч кимге **айгак болгон жокмун**, бирок ошол маселени мен азыр чечсем, азыр дагы ошентмекмин.

Гүлжан. Сенин бул түрүң менен турмуштагы **пастык**тын баарын актап кетүүгө болот. Азыр ойлоп карасам, баарыңар ошондо арамдыкка барууга жетилип калган экенсиңер. Кимиңер **иттик** кылдыңар? *(Исабекке)* Сен болуп жүрбө?

Исабек. Аны Осипбайдан сура.

Иосиф Татаевич. Эмне үчүн мен? Байкап сүйлө, жигит!

Исабек. Институттун **топ бузары** сен эмес белең, Сабырды окуудан чыгаргандагы жыйынды сен башкарбадың беле?

Иосиф Татаевич. Кечирип кана коёсуң! Айтууңа караганда (по-твоему) күнөөнүн баары менде экен да, башкаларыңар таза, күнөөсүз периште экенсиңер го. Башканы коюп өзүңдүн баягы «**ур токмоктой**» макалаң жөнүндө айтып берчи отургандарга.

Исабек. Бирок менин макала жазууда максатым эмнеде эле? Сен ошону эмне үчүн айтпайсың? Мен газет бетинде, көпчүлүк калайык- журт алдында, өз калемдеш жолдошторумдун чыгармачылыктагы **адашуу**ларын сындадым.

*Классташтар менен жолугушууга Сабыр эмне үчүн келбептир? Сабырдын жазган чыгармасы үчүн окуудан чыгарылып, саясый айыпталып кетишине ким күнөөлүү?*

**мүшкүл** – трудный, мучительный

**акталып келгенде** – когда вернулся после оправдания

**өз этегине бекинди** – прятался в своем подоле

**айгак болгон жокмун** – не был доносчиком

**пастык** – низость

**иттик** – пакость; отрицательное, свойственное собаке; свинство

**топ бузары** – смутьян, подстрекатель

**ур токмок** – колотушка, которая сама бьёт

**адашуу** – блуждание, заблуждение, ошибочное действие



*Айша апа булардын Сабырга кылган карасанатай мамилесине чыдабай «Мен бул жерге эмне үчүн келдим экен, эмне отурам» деп чыгып кетет.*

*Ал кеткенден кийин баары **оңтойсуз абалда** калышат. Алар бир топко чейин өз ара талашып – тартышып отурушат. Анан туруп, ары- бери басып бөлүнүп сүйлөшүшөт. Кыялдарында тоо башынан **таш кулатып** ойношот. Бир маалда жатып уктап калышат. Таң атат. Баары ойгонуп, **жыйын-терин** кылып баштайшат. Кечинде болгон сөздөрдү эстеп, катуу кетиптирбиз дешип, өкүнүп да жүрүшөт.*

### Экинчи бөлүмдөн

Досберген *(төмөн карап)*. Тигинде бирөө келе жатат. Эй, сен кимсиң?

Жумушчу. Бул жерде эмне кылып жүрөсүңөр?

Досберген. Бул эмне дегениң? Эс алып жүрөбүз.

Жумушчу. Ушерге түнөдүңөрбү?

Досберген. Ушу жерде түнөдүкпү же тиги жердеби. Анда сенин кандай ишиң бар? **Буердеги кожоюн** мен. Жумушуң болсо мага айт. Мени тааныйсыңбы?

Жумушчу. Сизди тааныйм го, бул аймакта сизди тааныбаган ким бар? Мен бул лесхоздонмун. Дем алышта шаарга барып келейин деп чыксам, төмөн **капчыгай**да бир милийса токтотуп калды. «**Күбө болосуң**, киши өлдү» дейт. *(Беркилердин **үрөйү учат**.)*

Жумушчу. Милийса көрсөтөрү менен эле тааныдым, биздин лесхоздук бала. Кечээ кечинде эле көргөм... Мобу жардын түбүндө **кызыл-жаян кан** болуп жатат... Таш тийиптир... так чокусуна...

Досберген. Эмне деп тантырап атасың? **Жөндөп** айтчы...

Жумушчу. Милийса мени силерге жиберди. Эки жакка **жылбасын** деди. *(Узакка пауза.)*

Иосиф Татаевич. Бизге буйрук берүүгө кандай акысы бар экен? Өлгөн адам төмөндө... ошоякта бир **кокустук** болгон да. Биз бу Фудзияманын чокусундабыз.

**оңтойсуз абалда** – в неповком положении

**таш кулатып** – сваливая камни вниз

**жыйын-терин** – уборка

**буердеги кожоюн** – здешний хозяин

**капчыгай** – ущелье

**күбө болосуң** – будешь свидетелем

**үрөйү учат** – сильно испугались, пришли в ужас

**кызыл-жаян кан** – весь в крови

**жөндөп** – дельно

**жылбасын** – пусть не расходятся

**кокустук** – неожиданность, несчастный случай

www.bizdin.kg

М а м б е т. Бирок участковый бизге эмне үчүн эскертет? Мүмкүн **жар кулап өлгөндүр**?

Ж у м у ш ч у. Ага окшобойт. Тегерегин бүт карадык, **көчкүнүн белгиси** жок. Жол үстүндө он чакты таш жатат, момунчалык, мындан чоңу бар. Ошолордун бири башына **дал** тийсе керек.

И о с и ф Т а т а е в и ч. Ушерден **чамалап** көрсөтө аласыңбы, өлүк каерде жатат?

Ж у м у ш ч у. Мына ушул түш. *(Жар башына барып төмөн карашат.)* Ушулардын эң чоңу сиз окшойсуз? Кимсиз? Кайдан келдиңиз?

И о с и ф Т а т а е в и ч. **Сурак**ка жооп берүү мындай турсун, мен эчтекени билбейм, билгим да келбейт.

*Баары тең шашып, жок шылтоолорду айтып (говоря разные отговорки, под предлогами) жөнөй башташат. Мамбет менен Алмагүл гана калышат. Мамбеттин аялы Мамбетти, Алмагүлдүн күйөөсү Алмагүлдү чакырып, шашып кете башташат.*

А л м а г ү л. Мына, экөөбүз гана калдык... Фудзияманын чокусунда. Сен таза экенсиң Сабырдын алдында, ишендим. Ушундай да күн болот экен ээ!.. (Досберген кайтып келет.) Кудайга шүгүр, бул да Сабырды саткан эмес экен.

М а м б е т. **Ылаачын тийген таандай** таркады го баарысы.

Д о с б е р г е н. Эми эмне кылабыз?

М а м б е т. Эмне кылмак элек, көрөбүз да.

А л м а г ү л. **Шумдугуң кургур**, ушундай да күн болот экен ээ...

**жар кулап өлгөндүр** – может умер оттого, что рухнул обрыв

**көчкүнүн белгиси** – признак обвала

**дал** – как раз, точь-в-точь

**чамалап** – приблизительно

**сурак** – допрос

**ылаачын тийген таандай** – букв.: как галка, на которую напал сокол-сапсан;

**шумдугуң кургур** – *букв.:* пусть высохнет твое диво; слова удивления происходящему

К о ш о г о

*Достор чогулган дөбөнүн төмөн жагында кандай окуя болуп өтүптүр?*

*Милиция кызматчысы келип, алардан иштин чоо-жайын сурагынча алардын көбү эмне үчүн шашып жөнөп кетишти?*

**Тапшырмалар:**

1. Эмне үчүн чыгарма «Фудзиямада кадыр түн» деп аталат? «Фудзияма» деген сөздүн мааниси кандай? Буддисттер Фудзияма тоосуна эмне максат менен чыгышат? Драманын каармандары эмне себептен Фудзиямада чогулушту деп ойлойсуң? Силер «кадыр түн» тостуңар беле? Качан тостуңар эле?



2. Силер кандай деп ойлойсуңар: Сабырдын жазган поэмасы үчүн соттолуп кетишине ким күнөөлүү? Анын досторубу же ошол кездеги коомдогу идеяны түшүнбөгөн Сабыр өзүбү?
3. Каармандар Фудзияманын чокусунда эс алып жүрүшкөндө, төмөндө кулаган таштан каза болгон адам жөнүндө угушуп, эмне үчүн качып жөнөштү? Алар унутуп калган иштерин бир заматта эстеп, кете баштаганда Мамбет менен Алмагүл, андан кийин Досберген эмне үчүн калып калышты?
4. Каармандардын мындан аркы тагдыры кандай боло турганын пикир алышып уланткыла.
5. «Фудзиямада кадыр түн» чыгармасын толук окуп келгиле.
6. «Мага жаккан каарман» деген темада чакан текст түзүп келгиле.
7. Чыныгы достук жөнүндө ой жүгүрткүлө. Жолугушууга келген достор чыныгы досторбу же достук башкача болуш керекпи? Азыркы кезде окуучулар достукту кандайча баалашат? Силердин ар бириңердин чыныгы досуңар барбы? Досуңар жөнүндө сүйлөп бергиле.

### Адабият теориясынан

Драма (гр. «аракет») – артисттердин аткаруусунда сахнага коюуга ылайыкталып жазылган чыгарма. Драмалык чыгармада окуя каармандардын речинде гана өнүгөт, мында прозадагыдай автордук баяндоо, сүрөттөөлөр болбойт, жанрдын негизин конфликт түзөт. Драма комедия, трагедия, драма болуп үч жанрга бөлүнөт.

www.bizdin.kg

## Пайдаланылган адабияттар


❖ «Манас. Семетей. Сейтек». Эпос: Үчилтик /Түз. Ж. Садыков, К. Садыков; Сүрөтчүсү – Т. Герцен. Б.:«ЖЭКА» лтд.,1999. 468-б. Редакторлор: Б. Жакиев, К. Жусупов, С. Закиров.

❖ «Манас» I бөлүк 2 китеп. Жалпы редакцияланган Юнусалиев Б. М. Фрунзе «Кыргызмамбас», 1959.

❖ *Абдылдаев М.* Мурас. Фрунзе «Кыргызстан», 1990.

❖ *Асаналиев К.* Кыргыз адабияты 10-класс. Бишкек «Мектеп», 2003.

❖ *Байжигитов К., Саматов К., Касымалиев Б., Аманалиев Д., Мамырбаев Т.* Кыргыз адабияты. Хрестоматия I, II бөлүк. Бишкек «Мектеп», 2002.

❖ *Болотбек Исабеков.* «Мен уккан Казыбек». «Ала-Тоо» журналы 1991-ж. № 4. 65–69-б.

❖ *Исаков Б. С., Исакова Ч. Б.* Кыргыз адабияты 8-класс. Бишкек, «Педагогика», 2002.

❖ *Мусаева В., Сакиева С.* Көркөм сөз кудурети (окуу хрестоматиясы). Бишкек, 2006.

❖ *П. Дүйшөнбаев, М. Дүйшөнбаев.* «Чыңгыз Айтматовдун экологиялык этикасы»

❖ «Санат – дастандар» Бишкек, 1993.

❖ *Т. Байжиев, З. Бектенов.* «Манас насааты». «Седеп» фондусу. Бишкек «Шам» – 2005-жыл.

❖ *Юдахин К. К.* Кыргызча-орусча сөздүк. Бишкек «Шам», 1999.

❖ *Юнусалиев Болот.* «Молдо Нияз». «Ала-Тоо» журналы 1989-ж. №1. 78–79-б.


## МАЗМУНУ


Окуучуларга кайрылуу ........ 3

**ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК**

«Манас» эпосу жөнүндө жалпы маалымат ........ 6
«Манас» эпосун жыйноо жана изилдөө ........ 7
Манасчылар жана манасчылык өнөр жөнүндө ........ 9
Сагымбай Орозбак уулу ........ 10
Саякбай Каралаев ........ 12
«Көкөтөйдүн ашы» бөлүмү ........ 14
Ат чабыш ........ 15
Жамбы атыш ........ 16
Кошой дөө менен Жолой дөөнүн күрөшү ........ 17
«Манастагы» образдар ........ 18
«Манастын» идеялык мазмуну ........ 22
«Семетей» эпосу жөнүндө жалпы маалымат ........ 24
«Семетейдеги» образдар ........ 26
«Семетей» эпосунун кыскача мазмуну ........ 27
«Чынкожо, Толтой чатагынын» мазмуну ........ 29
Чынкожонун Семетейден ат сураткасы ........ 31
Чынкожо, Толтойдун зордугу, Чүрөктүн учушу ........ 35
Чынкожо, Толтойдун жеңилиши ........ 37
«Сейтек» – «Манастын» үчүнчү бөлүмү ........ 39
Сарыбай дөө менен болгон согуш ........ 42
Сарыбай дөө ........ 44

**ОРТО КЫЛЫМДЫН ЖАЗМА МУРАСТАРЫНАН**

**Жусуп Баласагын** ........ 47
«Кут алчу билим» ........ 48
**Махмуд Кашгари** ........ 52
«Диван лугат-ат түрк» чыгармасы жөнүндө ........ 54

**КЫРГЫЗ АКЫНДАРЫНЫН ПОЭЗИЯСЫНАН**

**Молдо Нияз** ........ 58
«Курбанжан датка» ........ 61
**Замана акындары жөнүндө алгачкы сөз** ........ 64
**Калыгул Бай уулу** ........ 65
«Акыр заман» ........ 66
**Арстанбек Буйлаш уулу** ........ 68
«Тар заман» ........ 70
**Молдо Кылыч Шамыркан уулу** ........ 73
«Зар заман» ........ 75
**Токтогул Сатылганов** ........ 78
«Дүнүйө» ........ 80
«Өмүр» ........ 83
«Кош, апаке!» ........ 85

Жуламанбетова Найыкан 9-Б 2013-14 г

www.bizdin.kg

**Жеңижок Көкө уулу** ........ 86
«Аккан суу» ........ 88
«Жалгыз тал менен сүйлөшүү» ........ 91
**Барпы Алыкулов** ........ 94
«Ынтымактуу эл» ........ 95
«Мөлмөлүм» ........ 97
**Осмонкул Бөлөбалаев** ........ 100
Осмонкулдун термеси ........ 101
**Казыбек Мамбетимин уулу** ........ 104
Казыбектин казалдарынан ........ 105
Ага-иниге салам айт ........ 106
Түрмөдө олтуруп жазган ырларынан ........ 107

XX КЫЛЫМДЫН ЖАЗМА АДАБИЯТЫНАН

**Түгөлбай Сыдыкбеков** ........ 110
«Тоо балдары» романынан үзүндүлөр ........ 111
**Чыңгыз Айтматов** ........ 119
«Фудзиямада кадыр түн» драмасынан үзүндү ........ 123

*Учебное издание*

**Оморова А А., Досматова Д. К.**

**КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ**

*Учебник для учащихся 9-го класса*
*с русским языком обучения*

На кыргызском и русском языках

*Окуу китеби*

**Оморова А. А., Досматова Д. К.**

**КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ**

*Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин*
*9-класстары үчүн окуу китеби*

Жооптуу редактор *Д. Андашев*
Редактор *А. Узакова*
Сүрөт редактор-дизайнер *А. Касымалиев*
Техникалык редактор *Ж. Жолдошева*
Компьютердик калыпка салган *Т. Сандыбаева*

www.bizdin.kg

ИБ № 280

Терүүгө 11.10.10. берилди. Басууга 16.04.12. кол коюлду.
Форматы 60x90 1/16. Офсет кагазы. Мектеп арибы.
Көлөмү 8,5 накта басма табак. Нускасы 33 000. Зак. №83

«Кыргыз энциклопедиясы» Башкы редакциясы
720040, Бишкек ш., Бөкөнбаев көчөсү, 182.

---

«Учкун» ААКда басылды.
720031, Бишкек ш., С.Ибраимов көчөсү, 24.